**Окутуучу О.К.Эргешова**



**Эне тилин окутуу методикасы боюнча**

# ОКУУ-УСУЛДУК КОМПЛЕКС

**Башталгыч класстарда окутуу адистиги үчүн**



**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**
**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети**
**Кочкор-Ата колледжи**

| | |
|---|---|
| Макулдашылды | Бекитемин |
| КАКтын усулчусу | КАКтын директору |
| Э.А.Джумабаева | т.и.к., Б.С.Назарбаева |
| ________________________ | __________________ |
| «____» ________2022-ж | «____» _____2022-ж. |

## ЭНЕ ТИЛИ ЖАНА ЭНЕ ТИЛИН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

# ОКУУ-УСУЛДУК КОМПЛЕКС

**Негизги билим берүү программасынын деңгээли:** ***орто***
**Даярдоо багыты/ адистиги:** ***050709 Башталгыч класстарда окутуу***
**Профили:** ***Башталгыч класстардын мугалими***
**Окутуунун формасы :** ***Күндүзгү***
**Жалпы кредити:** ***6***
***Курсу – II***
***Семестри-*** *IV*
- **практикалык** **80** ***саат***
- **өз алдынча иштер** ***72 саат***

**Жалпы:** **_152__** ***саат***
**Сынак :** *IV*

Окуу-усулдук комплекс 2022-жылдын 12-октябрындагы (№ 1 протокол) КАК педагогикалык кеңешинин отурумунда каралып бекитүүгө сунушталган ОМК жөнүндөгү жобонун негизинде окутуучу Эргешова Оксана Курбанкуловна тарабынан түзүлдү.

**Жалпы бөлүмдүн**
**жыйынында жактырылды,**
**протокол №___ «___»________20_____ж.**
**____________ Кадыралиева В.А.**
(Бөлүм баш. кол тамгасы)

Кочкор-Ата 2022

МАЗМУНУ:

1. Дисциплинанын жумушчу программасы
2. Аннотация

***2.1.***Түшүндүрмө кат

3. Дисциплинанын максаты, милдеттери

4.Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына болгон талаптар:

**4.1.Жалпы компетенциялар:**

**4.2. Кесиптик ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүнө ылайык келген кесиптик компетенцияларга:**

**4.3. Окуучулардын класстан жана мектептен тышкаркы ишмердиктерин жана баарлашуусун уюштурууга тиешелүү кесиптик компетенциялар:**

**4.4. Класс жетекчиликти аткарууга тиешелүү кесиптик компетенциялар:**

**4.5. Методикалык иштерди аткарууга тиешелүү кесиптик компетенциялар:**

**4.6. Окутуунун жыйынтыгы:**

**5. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУДАГЫ КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР (БИЛИМ, БИЛГИЧТИК, КӨНДҮМДӨР)**

**6.Дисциплинанын пререквизити**

**7. Дисциплинанын постреквизити**

**8.Практикалык сабактын структурасы**

**9. Өз алдынча иштердин планы**

**1. Практикалык сабактардын мазмуну (IV семестр) 80 саат**

**I модуль**

| к/№ | Бөлүм | Практикалык сабактардын темасы | Сааты | Иштөө үчүн тапшырмалар | Текшерүү формасы | Студенттерээ болуучу компетенциялардын индекси | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Сабатка үйрөтүүнүн | Башталгыч класстарда эне тилин окутуунун максаты жана милдети. | 2 | 1. ЭТОМдун предмети, максаты жана мааниси.<br>2. Сабатка үйрөтүүнүн илимий негиздери.<br>3. Сабатка үйрөтүүнүн психо-физиологиялык мүнөздөмөсү. | Реферет. | ЖК 12.<br>КК 1.2. | ЭТОМдун предметин, максатын жана сабатка үйрөтүү системасынын жалпы түшүнүктөрүн кабыл алып, предметти окуп үйрөнөт. |
| 2 | | Эне тилин окутуунун формалары, методдору жана каражаттары. | 2 | 1.Эне тили боюнча окуу процессин уюштуруунун негизги формасы.<br>2.Окутуунун методдору, ыкмалары.<br>3. Эне тили сабагында колдонулуучу каражаттар. | Конспект. | ЖК 2.<br>ЖК 6.<br>КК 1.3.<br>КК 4.4 | Эне тили сабагында мугалимдин сабакка болгон даярдануусундагы формаларды жана усулдарды тандоонун жолдорун билет. |
| 3 | | Сабатка үйрөтүүдөгү методдордун тарыхый мүнөздөмөсү. | 2 | 1. Сабатка үйрөтүүнүн методдорунун жалпы мүнөздөмөсү.<br>2. Анализ-синтез методунун өзгөчөлүгү. | Таблица. | ЖК 12.<br>КК 1.2. | Сабатка үйрөтүүнүн методдорун бири-биринен айырмасын чечмелеп айта алат. |
| 4 | | Сабатка үйрөтүүнүн методикасы (алиппеге чейинки мезгил,алиппе мезгили, алиппеден кийинки мезгил). | 4 | 1. Алиппе мезгилин уюштурууда аткарылуучу жумуштар.<br>2. Алиппе мезгилинде алфавитти кабыл алуу менен иштөө ыкмалары. | Сабактын иштелмеси. | ЖК 2.<br>ЖК 5.<br>КК 4.3.<br>КК 4.4. | Алиппе мезгилинде жүргүзүлүүчү жумуштарды практикалайт. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | | Жазууга жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасы. | 4 | 1.Жазууга үйрөтүүнүн методдору.<br>2. Жазууга даярдоого карата көнүгүүлөр.<br>3.Таза жазуу сабагында тамгаларды, анын элементтерин, сөздү жаздыруу.<br>4.Окуучунун дептерине коюлуучу талаптар. | Эки бөлүктүү күндөлүк. | ЖК 4.<br>ЖК 6.<br>КК 1.3.<br>КК 1.4. | Жазууга үйрөтүүнүн методдорун айтып берет.<br>Жазууга даярдоочу көнүгүүлөрдү талдайт.<br>Жазуу сабагында тамгаларды, анын элементтерин туура жазууга көнүгөт. |
| 6 | | Сабатка үйрөтүүдөгү көрсөтмөлүүлүк. | 2 | 1. Сабатка үйрөтүүдөгү көрсөтмөлүүлүктүн мааниси.<br>2.Окуу жана жазуу сабагындагы сүрөттөр, сөздүктөр, демонстрацияланууучу таблицалар. | Дидактикалык материалдар | ЖК 2.<br>ЖК 5.<br>КК 4.3.<br>КК 4.4. | Дидактикалык материалдардын түрүн билип, колдонууну демонстрациялайт. |
| 7 | | Окуунун түрлөрү | 2 | 1.Туура окуу.<br>2. Сезимдүү окуу.<br>3.Үн кубултуп окуу.<br>4. Шар окуу.<br>5. Жарыя жана ичинен окуу. | Таблица. | ЖК 9.<br>ЖК 12.<br>КК 4.1.<br>КК 4.2. | Окуунун түрлөрүнүн маанисин билет.<br>Бири-биринин маанисин айтат. |
| 8 | | Башталгыч класстарда базалык окуу көндүмдөрү. | 4 | Базалык окуу көндүмдөрүнө жалпы мүнөздөмө.<br>1.Тыбыштарды кабыл алуу.<br>2. Алфавитти кабыл алуу.<br>3. Сөз байлыгы.<br>4. Шар окуу.<br>5. Окуп түшүнүү. | Сабактын иштелмеси. | ЖК 5.<br>ЖК 6.<br>КК 1.2. | Башталгыч класстардын окуу көндүмдөрүнүн 5 көндүмү менен таанышып, ар бир көндүмүн баалайт. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | | Сабатка үйрөтүүдөгү кеп өстүрүү жумуштары. | 2 | 1. Сабатка үйрөтүүдөгү окуучунун кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн булактары.<br>2. Жазуу кебин өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>3. Оозеки кебин өстүрүүчү көнүгүүлөр. | Көнүгүүлөр топтому. | ЖК 6<br>КК 4.3.<br>КК 4.4. | Окуучунун кеп ишмердүүлүгүн уюштуруу жана калыптандырууга багытталган көнүгүүлөрдү талдайт. |
| 10 | | Класстан тышкаркы окуу | 2 | 1. Класстан тышкаркы окууну уюштуруунун максаты.<br>2. Класстан тышкаркы окуудагы китептерди учетко алуу.<br>3. Класстан тышкаркы окууга жетекчилик кылуу. | Сценарий. | ЖК 5<br>КК 4.3.<br>КК 4.4. | Класстан тышкаркы окуунун уюштуруунун жолдорун билет.<br>Китептерди тандоого критерий түзөт. |
| 11 | **Фонетика** | Тыбыштардын классификациясы. | 2 | 1.Тыбыш. Тамга. Фонема<br>2. Үндүү тыбыштар, алардын бөлүнүшү. Көнүгүү иштөө (2-класс кыргыз тили. 17-23-беттер)<br>3. Үнсүз тыбыштар, алардын бөлүнүшү.(24-30-беттер) | Таблица, көнүгүүлөдүн топтому | ЖК 5.<br>КК 1.2.<br>КК 1.4.<br>КК 4.1. | Тыбыш, тамга, фонема-нын айырмачылыктарын билет. Үндүү, үнсүз тыбыштар-дын бөлүнүшүн билип, сөздөргө фонетикалык талдоо жүргүзөт. |
| 12 | | Кептин фонетикалык жактан бөлүнүшү | 2 | 1. Муун, анын типтери жана түрлөрү.<br>2. Ташымал. Ташымалдоонун эрежелери.<br>3.Көнүгүү иштөө (48-51-беттер. 2-класс) | Көнүгүүлөрдүн топтому. | ЖК 2.<br>КК 1.2.<br>КК 1.3.<br>КК 4.5 | Муун, муундун типтерин өздөштүрөт.<br>Басым, интоннацияны түшүнөт.<br>Ташымалдоо эрежелерин жазууда туура пайдаланат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 13 | **Грамматика** | Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилери<br>. | 2 | 1.Сөздүн грамматикалык жа-на лексикалык маанилеринин айырмасы боюнча таблица толтуруу.<br>2.Грамматикалык маани,грам матикалык каражат,граммати калык категорияларды аныктоо.<br>3.Сүйлөмдөргө морфология-лык талдоо жүргүзүү. | Таблица толтуруу. | ЖК 4.<br>ЖК 9.<br>КК 1.1. | Сөздүн грамматикалык жана лексикалык маанилеринин айырмасы боюнча таблица толтурат.<br>Грамматикалык маани.<br>Грамматикалык каражат, грамматикалык категорияларды аныктайт.<br>Сүйлөмдөргө морфо-логиялык талдоо жүргүзөт. |
| 14 | | Сөздүн тутуму | 2 | 1.Сөздүн түзүлүшү боюнча көнүгүүлөр иштөө.<br>2.Уңгу менен негиздин, курандылар менен уланды-лардын окшоштуктары ме-нен айырмачылыктарын венндин диаграммасы менен көрсөтүү.<br>3.Берилген сүйлөмдөрдү уңгу, мүчөгө ажыратышат жана мүчөлөргө анализ берүү. | Көнүгүүлөрдүн топтому.<br>Венндин диаграммасы. | ЖК 5.<br>КК 1.2.<br>КК 1.4.<br>КК 4.1. | Сөздүн түзүлүшү боюнча көнүгүүлөр иштейт.<br>Уңгу менен негиздин куран-<br>дылар менен уландылардын окшоштуктары менен айырмачылыктарын венндин диаграммасы менен көрсөтөт.<br>Берилген сүйлөмдөрдү уңгу мүчөгө ажыратат жана мүчөлөргө анализ берет. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 15 | | Зат атоочтун жасалышы, түзүлүшү | 2 | 1.Зат атоочтун синтаксистик милдетине схема түзүү (10 мин.).<br>2.Зат атоочтун грамматика-лык категориялары боюнча таблица түзүү(15мин.).<br>3.Зат атоочтун жөндөлүшү боюнча көнүгүүлөр иштөө (15мин). | Схема түзүү,таблица толтуруу,көнүгүү иштөө. | ЖК 4.<br>ЖК 9.<br>КК 1.1. | Зат атоочтун синтаксистик милдетине сүйлөмдөрдү мисал келтирүү менен схема түзөт.<br>Зат атоочтун грамматикалык категориялары боюнча таблица түзөт.<br>Зат атоочтун жөндөлүшү боюнча көнүүлөр иштей алат. |
| 16 | | Сын атоочтун даражалары, түрлөрү, жөндөлүшү жана жасалышы. | 2 | 1.Сын атooч сөз түркүмү боюнча ББкБ таблицасын толтуруу.<br>1.Катыштык сын атооч.Көнүгүү иштөө(4-класс,101-102-беттер).<br>2.Жөнөкөй жана татаал сын атоочтор.Көнүгүу иштөө(4-класс,103-бет).<br>4.Сын атоочтун жасалышын таблица аркылуу көрсөтүү. | Көнүгүүлөр топтому | ЖК 9.<br>КК 3.2. | Катыштык сын атоочтордун муноздуүү белгилери боюнча көнүгүүлөр аткарат.<br>Жөнөкөй жана татаал сын атоочтордун айырмачылыктары боюнча көнүгүүлөрдү иштейт. |
| 17 | | Сан атооч сөз түркүмүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрү. | 2 | 1. Эсептик жана иреттик сан атооч. Көнүгүү иштөө (3-класс)<br>2.Сан жана зат атоочтордон түзүлгөн сөз айкашы<br>3.Сан атоочтун өзалдынча жөндөлүшү. | Кластер, көнүгүүлөр топтому | ЖК 9<br>ЖК5 | Сан атооч, ат атооч сөз түркүмдөрүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрү боюнча көнүгүүлөрдү иштейт. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 18 | | Ат атооч сөз түркүмү | 2 | 1. Ат атоочко мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү табуу ( 10 мин.)<br>2. Ат атоочтун жөндөлүшүндөгү өзгөчөлүктөрдү жөндөө аркылуу табуу ( 20 мин. ).<br>3. Ат атоочтун жекелик жана көптүк түрү. | Таблица, талдоо. | ЖК 9.<br>ЖК5. | Ат атоочтун маанисине карай топторго бөлө алышат жана анын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү боюнча мисалдарды келтирет. |
| 19 | | Тактооч, анын маанисине карата бөлүнүшү. | 2 | 1.Тактооч боюнча эки бөлүктүү күндөлүк толтуруу.<br>2.Тактоочтун маанилик топтору боюнча топто иштөө.<br>3.Тактооч сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүү. | Кластер, көнүгүүлөр топтому | ЖК 9.<br>ЖК6. | Тактооч боюнча эки бөлүктүү күндөлүк толтурат.<br>Тактоочтун маанилик топторун салыштырып, презентациялайт. |
| 20 | | Этиш сөз түркүмү | 2 | 1. Этиштин грамматикалык категориялары боюнча кластер түзүү.<br>2.Этиштин чактары. Көнүгүү иштөө<br>3.Этиш жана тактооч сөздөргө сүйлөм түзүү, морфологиялык талдоо жүргүзүү. | Талдоо.<br>Кластер.<br>Көнүгүүлөр топтому. | ЖК 9.<br>КК 3.2. | Этиштин грамматикалык категориялары боюнча кластер түзөт.Этиш сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзүп, морфологиялык талдоо жүргүзөт. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 21 | | Өзгөчө сөз түркүмдөрү. | 2 | 1. Сырдык сөздөр жана алардын түзүлүшү,бөлүнүшү,жазылышы боюнча топто иштөө.<br>2. Тууранды сөздөрдүн түрлөрү, түзүлүшү жана жазылышы боюнча өз алдынча таблицаларды толтуруу.<br>3. Сырдык жана тууранды сөздөрдү катыштырып текст түзүү. | Текст түзүү, таблица толтуруу. | ЖК 4.<br>КК 1.1. | Сырдык сөздөр жана алардын түзүлушү, бөлүнүшү, жазылышы боюнча билет.<br>Тууранды сөздөрдүн түрлөрү, түзүлүшү жана жазылышы боюнча өз алдынча таблица толтурат.<br>Сырдык жана тууранды сөздөрдү катыштырып текст түзөт. |
| 22 | | Кызматчы сөздөр | 2 | 1.Кызматчы сөз түркүмдөрү боюнча ББкБ таблицасын түзүү.<br>2.Кызматчы сөздөрдүн сүйлөм ичинде аткарган кызматтарын аныкташат.<br>3. Кызматчы сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзүшөт | Схема, таблицалар | ЖК 4.<br>КК 1.1. | Кызматчы сөз түркүмдөрү боюнча ББкБ таблицасын түзөт.<br>Кызматчы сөздөрдүн сүйлөм ичинде аткарган кызматтарын аныктайт.<br>Кызматчы сөздөрдү катыштырыпсүйлөмдөрдү аткарат. |
| 23 | | Көнүгүүлөр үстүндө иштөө. | 2 | 1.Таркатмаларды сүйлөмдөргө морфологиялык талдоо жүргүзүшөт.<br>2. Чачылган сөздөрдөн сүйлөм түзүшөт.<br>3. Таркатмалардан сөздөрдү тандап алып, текс түзүшөт жана сөз түркүмдөрүнө ажыратышат. | Текстти талдоо. | ЖК 2.<br>КК 1.2. | Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдун түрлөрун аныктайт.<br>Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдөгү коюлуучу тыныш белгилерин коюлуу эрежелерин билет. |
| 24 | | Байланыштуу кеп | 2 | 1.Кеп.Текст.Кептин түрлөрү<br>2.Текстке  план түзүү<br>3. Текстин түрлөрү | Көнүгүү иштөө | ЖК 2.<br>КК 1.2. | Кеп, анын түрлөрүн жана текст анын түрлөрүн билет. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **II модуль** | | | | | | | |
| 25 | **Сабат ачууну жылдык жана күндөлүк пландаштыруу** | Башталгыч класстарда эне тилин окутуудагы мамлекеттик стандарты, окуу планы, окуу программасы. | 4 | 1. Мамлекеттик стандарттын мазмуну менен таанышуу.<br>2. Башталгыч калсстардын программаларынын түзүлүшүн талдоо (Эне тили боюнча).<br>3.Мамлекеттик стандарт менен башталгыч класстардын программасынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын салыштыруу. | КТП түзүү жана презентаци ялоо | ЖК 5.<br>КК 1.1. | Башталгыч класстарда эне тили предмети боюнча сабактар мамлекеттик стандарт жана окуу планы, окуу программасына ылайык пландаштырылышын билип, жылдык тематикалык планды түзөт. |
| 26 | | Сабат ачууну жылдык пландаштыруу | 2 | 1. “Мугалимдин сабакка даярдыгы” текстти “эки бөлүктүү күндөлүктүн” негизинде талдоо.<br>2. Окуу программаны, окуу китептерин пайдаланып 1-класска “Алиппе” сабагынан КТП түзүү. | | | Сабактын структуралары жана анын аткарган дидактикалык милдеттерин билет, ага карата сабактын планын түзөт. |
| 27 | | Сабактын структурасын окуп үйрөнүү процессине карай түзүү. | 2 | 1.Сабактын негизги этаптарын анализдөө (И. Бекбоев) таблицасын талдоо.<br>2. “Алиппе” сабагынын методикалык иштелмесин жогорку таблица менен салыштыруу. | Сабактын иштелмесин түзүү, презентациялоо. | ЖК 2.<br>КК 1.3. | Сабактын негизги этаптарын анализдейт, таблицаны талдайт. “Алиппе” сабагынын методикалык иштелмесин жогорку таблица менен салыштырат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 28 | | Сабатка үйрөтүү сабактарында сабактын максаттарын окуучулардын окуп - үйрөнүүсүнө карай түзүү. | 2 | 1.“Максатты кантип коюу керек?” текстти окуу жана талдоо.<br>2. Даярдоо мезгилинде берилген темалар боюнча сабактын максатын коюу.<br>3. ТМдан окуп үйрөнүү максатына айландыруу. | Окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча көнүгүүлөр топтомун презентациялоо. | ЖК 5.<br>КК 1.4. | Даярдоо мезгилинде берилген темалар боюнча сабактын максатын койгонду үйрөнөт. |
| 29 | **Сабатка үйрөтүүдөгү окутуунун активдүү технологиялары** | Даярдоо жана алиппе мезгилинде жүргүзүлүүчү жумуштар. | 4 | 1. Даярдоо мезгилинде жүргүзүлүүчү жумуштарды тизмектеп жазуу, талдоо.<br>2. Сабат ачуудагы тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүүчү көнүгүүлөр менен иштөө, практикалоо.<br>3. Алиппе мезгилинде жүргүзүлүүчү жумуштарды тизмектеп жазуу, талдоо.<br>4. Алфавитти билүүнү өнүктүрүүчү көнүгүүлөр менен иштөө. | Окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча көнүгүүлөр топтомун презентациялоо. | ЖК 5.<br>КК 1.3.<br>КК 1.5. | Даярдоо мезгилинде жүргүзүлүүчү ыкмаларды практикалайт.<br>Алиппе мезгилинде жүргүзүлүүчү жумуштарды практикалайт. |
| 30 | | Даярдоо жана алиппе мезгилинде жүргүзүлүүчү жумуштар. | 2 | 1.Теманы бөлүктөргө бөлүү (үлгүнүн негизинде).<br>2. Бөлүнгөн бөлүктөргө окутуунун методун, каражатын тандоо.<br>3.Тиешелүү тыбыштык кабыл алууну жана алфавитти билүүнү өнүктүрүүгө багытталаган көнүгүүлөрдү сабактын планына кошуу. | Сабактын иштелмесин түзүү. | ЖК 12.<br>КК 1.5. | Жаңы материалды тутумдук бөлүмдөргө бөлүп, ага ылайык окутуунун усулун, каражаттарын тандайт, сабактын планын түзөт. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 31 | | Окуу каражаттарын тандоо. | 2 | 1. Окуу каражаттарынын берилген тизмесинен маанилүү, орто маанилүү, маанилүү эмес деңгээлдерин аныктоо. 2. Берилген темаларга көрсөтмө куралдардын тизмегин түзүү. | Таблица түзүү | ЖК 9.<br>КК 1.4.<br>. | Дидактикалык материалдардын түрүн билип, колдонууну демострациялайт. |
| 32 | | Окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүр үүдө тапшырмаларды, көнүгүүлөрдү пландоо. | 4 | 1.Окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү практикалоо.<br>2. Сабакты пландаштырууда окуучулардын көнүгүүлөрдү колдонуусу. | Көнүгүү иштөө.<br>Фрагмент даярдоо. | | Өнүктүрүүгө берилген тапшырмалар менен таанышат. Күндөлүк планга киргизүүнүн жолдорун аныктайт. |
| 33 | | Башталгыч класстарда баа койбостон баалоону жүргүзүү. | 2 | 1.Баа койбостон баалоо түшүнүгү.<br>2.Окуучулардын жетишкендиктерин баа койбостон баалоонун ыкмалары. | Презентация. | ЖК 5.<br>КК 1.1.<br>КК 1.2. | Башталгыч класстарда баа койбостон баалоонун идеясын түшүнөт. Окуучулардын жетишкендиктерин баа койбостон баалоо ыкмаларын колдонуу менен баалай алат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 34 | | Имитациялык сабактарды уюштуруу, талдоо (даярдоо мезгили, алиппе мезгили). | 2 | Сабатка үйрөтүү мезгили боюнча сабак өтүү, аны талдоо. | Өз алдынча иштердин планын жана тапшырмаларын түзүү, презентациялоо. | ЖК 9.<br>ЖК 12. | Сабатка үйрөтүү мезгилинде окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруунун маанисин, максатын, функциясын билет.<br>Окуучулардын өз алдынча иштеринин деңгээлдери боюнча өз алдынча иштердин планынын жана тапшырмаларын даярдайт. |
| | | **Жалпы:** | **80** | | | | |

***Түзгөн:*** ***О.К.Эргешова***

## *2. Аннотация*

Эне тили жана эне тилин окутуунун методикасы 050709 Башталгыч класстарда окутуу адистигинин студенттери жана окутуучулары үчүн Кыргыз Республикасында кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык түзүлдү. Бул дисциплина негизги билим берүү программасынын кесиптик дисциплиналарынын бири болуп эсептелет, адистикти өздөштүрүүдө кесиптик билимдерин жана көндүмдөрүн калыптандырат. Эне тили жана эне тилин окутуунун методикасы кесиптик циклдеги базалык бөлүмдүн 3.4. дисциплиналардын бири болуп саналат.

Эне тилин окутуунун методикасы илимий-методикалык жактан калыптанып, башталгыч класстарда сабатка үйрөтүү системасы, адабий окуу жана башталгыч класстарда кыргыз тилинин грамматикасын окутуу бөлүмдөрүнөн туруп, бир бүтүн курс катары окутулат. Эне тилин окутуунун методикасы психологя, курактык психология, адабиятты окутуунун теориясы, балдар адабияты, кыргыз тилинин грамматикасы илмидери менен тыгыз байланышта өнүгөт. Ошондой эле окутуунун учурдагы технологиялары менен андан ары кеңейтилет. Анда окутууну уюштуруун формалары, сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы, баалоо жана өнүктүрүү жолдору окутунун методдору (оозеки, көрсөтмөлүү, практикалык) менен практикаланат.

## *2.1. Түшүндүрмө кат*

Бул окуу усулдук комплекс Эне тили жана эне тилин окутуунун методикасы боюнча жалпы курсту окуткан окутуучулар жана окуп үйрөнүүчү студенттер үчүн түзүлдү. Программанын бардык негизги бөлүмдөрү боюнча лекциялык курстун жана практикалык сабактын программасы камтылган.

Бул курста студенттер – программанын максаттары, милдеттерин, предметти өздөштүрүүдө мектеп программасындагы кыргыз (эне) тили, адабий окуу, алиппе, колледжде окутулуучу эне тили, балдар адабияты, көркөм окуу технологиясы, педагогика, психология предметтери өздөштүрүлүшү керек. Ал эми бул предмет менен катар башталгыч класстарда окутулуучу предметтерди окутуунун методикасы боюнча атайын адистик дисциплиналар өздөшүрүлүшү максатка ылайык. Ошондой эле ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды инклюзивдик окутуу, окутуудагы жетишкендиктерге мониторинг жасоо жана баалоонун усулдарын өздөштүрүшөт.

Окуу усулдук комплексте ар бир лекциялык жана практикалык сабакта талкууланууучу суроолор, студенттер ээ болгон билгичтиктер жана көндүмдөр, өз алдынча иштердин темалары берилди.

Бул окуу усулдук комплекс студенттердин жекече иштөөсүндө предметти өздөштүрүүдө багыт берүүчү колдонмо болуп эсептелет.
Программанын негизинде студенттер өз алдынча жуурулуштурулган сабактардын иштелмелерин түзүүнү өздөштүрүшүп, мастер- класс өтүү менен теориялык алган билимин практикада бекемдешет.

Окуу усулдук комплекстин ичиндеги мазмуну студенттин окуп-үйрөнүү, изилдөө процессин уюштурууга багытталып, окутуунун жаңы технологияларына таянат да, окутуудагы окуу процессин оптималдаштырууну чагылдырат. Сунуш кылынган окуу усулдук комплексти түзүүдө Билим берүүнүн стандарттары, программасы пайдаланылды.

## 3. Дисциплинанын максаты:

Эне тилин окутуунун методикасы дисциплинасынын тоериялык курсунда кенже мектеп жашындагы балдардын сабатын ачуу, окуу жана жазууга үйрөтүүнүн, окуу көндүмдөрүнө, кеп ишмердүүлүктөрүнө ээ кылунун теориялык, методикалык билимдерин студенттерде калыптандырууну. Башталгыч билим берүүнүн негизги теориялык мазмуну, методикасы, структурасы билимдерин уюштуруу ыкмаларынын формаларын өздөштүрүүгө багытталып, ушул жагдайда студенттин билимин өркүндөтөт.

### 3.1. Дисциплинанын милдеттери:

- студенттерди кенже мектеп курагындагы балдарды окууга жана жазууга үйрөтүүнүн методикасына ээ кылуу;
- студентерге кенже мектеп окуучусунун көңүл буруусун, элестетүүсүн, ой жүгүртүүсүн, эске тутумун, таанып билүү ишмердүүлүгүн, өз күчүнө ишенимин өнүктүрүүчү ыкмаларды үйрөтүү;
- студентерге кенже мектеп жашындагы окуучуларды эне тилинде сабаттуу окуу, жазууга үйрөтүүчү окуу-усулдук ык-машыгууларга ээ кылуу;
- студенттерде тиешелүү жалпы билим берүүчү жана кесиптик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу;
- маалымат топтоо жана талдоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;
- студенттерди коомду өнүктүрүүгө активдүү катышкан, жашоодогу көйгөйлөрдү чечүүгө даяр демилгелүүлүгүн мотивациялоо.

### 3.2. Дисциплинанан негизги билим берүүчү программанын (НББП) курамындагы орду:

Б.3.4. профилдик цикл, базалык бөлүм

Окуу планы боюнча жалпы сааты: 152

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Семестр | IV семестр | Кредит | 6 | Практика | 80 |
| Өз алдынча иш | 72 | Модулдун саны | 2 | | |

Эне тилин окутуунун методикасы дисциплинасы адистик дисциплинанын бири. Бул предметти өздөштүрүүдө мектеп программасындагы кыргыз тили жана адабияты, колледжде окутулуучу эне тили, балдар адабияты, кол жазма сулуулугу предметтери өздөштүрүлүшү керек. Ал эми бул предмет менен катар башталгыч класстарда окутулуучу предметтерди окутуунун методикасы боюнча атайын адистик дисциплиналар өздөшүрүлүшү максатка ылайык.

**4. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына болгон талаптар:**
Дисциплинаны окутуу процесси төмөнкү компетенцияларды калыптандырууга багытталган:
**4.1. Жалпы компетенциялар:**
**ЖК 2.** Жеке ишмердүүлүгүн уюштуруу, кесиптик тапшырмаларды аткаруу ыкмасын жана усулдарын аныктоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо.
**ЖК 4.**Талдоо жана синтез жүргүзүүгө жөндөмдүү болуу.
**ЖК 5.** Кесиптик жана инсандык өнүгүүгө, кесиптик тапшырмаларды ийгиликтүү аткарууга зарыл болгон маалыматтарды издеп табууну, пайдаланууну жана чечмелөөнү билүү.
**ЖК 6.** Команда менен иштөө, жамаат, жетекчилер жана социалдык өнөктөштөр (коллектив) менен натыйжалуу мамилелешүү.
**ЖК 8**. Стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу жана маселелерди чечүү, өзүнүн жоопкерчиликтүүлүгүн жана демилгелүүлүгүн көрсөтүү.
**ЖК 9.** Билим берүү процессин максатты аныктоону, окуучуларды ишмердикке мотивациялоону, алардын ишин уюштурууну жана көзөмөлдөөнү сапаттуу жүргүзүү үчүн, өзүнө жоопкерчиликти алуу.
**ЖК 12.** Кесиптик ишмердүүлүктүн максаты, мазмуну жана технологиялары өзгөрүп, жаңыланып жаткан шартта кесиптик ишмердүүлүгүн аткаруу.
**4.2. Кесиптик ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүнө ылайык келген кесиптик компетенцияларга:**
**1. Башталгыч класстардын мугалими кесиптик ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүнө ылайык төмөндө көрсөтүлгөн кесиптик компетенцияларга ээ болушу шарт:**
**КК 1.** Сабакты пландаштыруу, анын максатын, милдеттерин аныктоо.
**КК 2.** Сабакты уюштуруу жана өтүү (сабактын максатын, милдеттерин аныктоо жана сабактын методдорун тандоо ж.б.).
**КК 3.** Окуу процессин жана анын натыйжаларын баалоо, ага педагогикалык көзөмөл жүргүзүү.
**КК 4.** Сабакты талдоо.
**КК 5.** Окутуунун жаңы методдорун жана технологияларын колдонуу.
**4.3.Окуучулардын класстан жана мектептен тышкаркы ишмердиктерин жана баарлашуусун уюштурууга тиешелүү кесиптик компетенциялар:**
**КК 6.** Сабактан тышкаркы ишмердиктердин жана баарлашуунун максатын жана милдеттерин аныктоо, аларды пландаштыруу.
**4.4. Класс жетекчиликти аткарууга тиешелүү кесиптик компетенциялар:**
**КК 7.** Окуучулардын окуу ишмердик процессин жана анын натыйжасын талдай билүү.
**4.5. Методикалык иштерди аткарууга тиешелүү кесиптик компетенциялар:**
**КК 8.** Билим берүү стандартынын жана үлгү программанын негизинде окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгуу, окуу-методикалык комплекти тандоо.
**КК 9.** Кабинетте предметтик өнүгүү чөйрөсүн түзүү.

**КК 10.** Өз ишмердигин жана бөлөк педагогдордун ишмердигин талдоонун, кесибине байланыштуу адабияттарды үйрөнүүнүн негизинде баштапкы жана жалпы билим берүү тармагында педагогикалык тажрыйбаларды жана билим берүү технологияларын баалоо жана системага салуу.
**КК 11.** Билим берүү уюмунун, айрым окуучулардын курактык, топтун (класстын өзгөчөлүктөрүн эске алып жумушчу программаларды жана окуу-тематикалык пландарды түзүү.
**КК 12.** Отчет, реферат, доклад түрүндө педагогикалык иштелмелерди даярдоо.
**4.6. Окутуунун жыйынтыгы:**
РО-1 - окутулуп жаткан предметтердин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык студенттерди окутуу жана тарбиялоо;
РО-2 - заманбап технологияларды жана окуу куралдарын, анын ичинде маалыматтык жана компьютердик технологияларды колдонуп, окутуунун натыйжаларын баалоонун заманбап каражаттарын колдонот;
РО-9 - студенттердин өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарт түзүүнүн жеке менчик жолдору, анын ичинде. Окутуу методикасы жана студенттердин сабак боюнча билим жетишкендиктерин баалоо боюнча кесиптик жана заманбап билим базасы;
РО-10-. ар кандай ыкмаларды, методдорду жана окутуунун , тарбиялоонун техникалык каражаттарын билүү жана колдонуу

## 5. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУДАГЫ КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР (БИЛИМ, БИЛГИЧТИК, КӨНДҮМДӨР)

1. ЭТОМдун предметин, максатын жана сабатка үйрөтүү системасын жалпы түшүнүктөрүн кабыл алып предметти окуп үйрөнүүгө багытталат.
2. Сабатка үйрөтүүнүн методдорун бири-биринен айырмасын чечмелеп айта алат.
3. Даярдоо мезгилинде жүргүзүлүүчү ыкмаларды практикалайт.
4. Алиппе мезгилиндеги жүргүзүлүүчү жумуштарды практикалайт.
5. Окутуунун методдорун сабактын этаптары боюнча жайгашатырып, колдонуу ыгын аныкташат.
6. Окуучунун кеп ишмердүүлүгүн уюштуруу жана калыптандырууга багытталган көнүгүүлөрдү талдайт.
7. Сабакта дидактикалык оюндарды өткөрүүнүн алгоритмин тизмектеп, колдонуу жолун көрсөтүп берет.
8. Дидактикалык материалдардын түрүн билип, колдонууну демострациялайт.
9. Салттуу жана салтуу эмес сабактардын белгилерин көрсөтө алат.
10. Сабактын иштелмелерин түзүп, тайпаларда иштөө технологияларын өз планында колдонот.
9. Салттуу жана салттуу эмес сабактардын белгилерин көрсөтө алат.
10. Сабактын иштелмелерин түзүп, тайпаларда иштөө технологияларын өз планында колдонот.
11. Адабий окуу предметинин мааниси, түзүлүш принциптерин бири-биринен айырмалап, предметтин милдетин аныктоочу көрсөткүчтөрдү билет.
12. Окуунун беш компоненти жана окуунун түрлөрү, алардын аткраган функциясын билет.
13. Окуу техникасын текшерүү жана балоонун жолдорун презентациялайт.

14. Текст иллюстрациялап,  чыгарманын мазмунун талдоонун этаптарын практикалайт.
15. Чыгармага план түзүүнүн ыктарына ээ болот.
16. Окуулуктардагы ырлардын берилишин тематикалык берилиши боюнча анализдейт.
17. Ырларды окутууну уюштуруу жолун билет.
18. Элдик оозеки чыгармалардын окуу китебинде берилишин талдайт.
19. Тамсилдер аркылуу окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн жана жүрүм-турумун тарбиялоонун ыктарын атайт.
20. Үй тапшырмасынын милдетин, маанисин билип, аны пландаштыруунун ыктарына ээ болот.
21. Башталгыч  класстарда эне тили предмети боюнча сабактар мамлекеттик стандарт жана  окуу планы, окуу программасына ылайык пландаштырылышын билип, жылдык тематикалык планды түзөт.
22.Сабактын структуралары жана анын актарган дидактикалык милдеттерин билет, ага карата сабактын планын түзөт.
23. Жаңы материалды составдык бөлүмдөргө бөлүп, ага ылайык окутуунун усулун, каражаттарын тандайт, сабактын планын түзөт.
24. Сабатка үйрөтүү мезгилинде окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруунун маанисин, максатын, функциясын билип, окуучулардын өз алдынча иштеринин деңгээлдери боюнча өз алдынча иштердин планынын жана тапшырмаларын даярдайт.
25. Окуу сабагынандагы күтүлүүчү натыйжаларды жана темаларды чейректерге бөлөт, өз ишинде коллонот.
26. 2-4-класстар үчүн  КТП түзөт.
27. Сабактын план конспектисин түзөт.
28. Сабактын план конспектисин түзүүдө ыкмаларды тандайт, тешелүүсүн жайгаштырат.
29. Окуу китебиндеги үй тапшырмаларды анализдеп, үй тапшырмаларын иштеп чыгат.
30. Сабак учурунда аткарылуучу тапшырмалардын мүнөздүү белгилерин билет, тапшырма түзөт.
31. Баалоо технологияларын билип, өз практикасында колдонот.
32. Мектепте грамматиканы окутуунун маанисин жана  башталгыч мектепте грамматиканы окутуунун  максатын, милдеттерин аныктай алат.
33. Грамматика сабагында сөз өстүрүү көнүгүүлөрүн  түзө алат.
34. Индукция жана дедукция методунун грамматикада колдонулушун чечмелей алат.
35.  Башталгыч класстардагы грамматикалык материалдарды окутуунун ыктарын билип,  тиешелүү көнүгүүлөрдү түзөт жана колдоно алат.
36. Башталгыч класстарда грамматикалык талдоолордун элементтерин билип, талдоолорго үйрөтүүнүн эрежелерин колдонот.
38. Башталгыч класстарда баа койбостон баалоонун идеясын түшүнүп, окуучулардын жетишкендиктерин баа койбостон баалоо ыкмаларын билет жана колдоно алат.
39. Билим берүүнүн стандарттары менен таанышып, анын мазмунун түшүнөт жана мазмундук багыттарын салыштырып, татаалдык деңгээлдерин чечмелей алат.
40. Стандартта сунушталган тематикалык бөлүмдөрдү окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжаларын талдайт жана жылдык пландаштырууда күтүлүүчү натыйжаларды жайгаштырып, КТП түзөт.
41. Башталгыч класстарда кыргыз тили окуу китебиндеги грамматиканы үйрөтүүгө жана окуучулардын сөз өстүрүү жумуштарын жүргүзүүгө  байланыштуу көнүгүүлөр менен иштей алат.

## 6. Дисциплинанын пререквизити

«Эне тилин окутуунун методикасы» дисциплинасын окутууда «Адистикке киришүү», «Педагогикалык теориялар, системалар жана технологиялар» психология, философия, тарых, социология адабият таануу, тил илиминен алган түшүнүктөрү предметтин маңызын түшүнүүгө негиз болот. Ошондой эле студенттин өзүнүн жеке тажрыйбасы да орчундуу орунду ээлейт. Мектептеги алынган социалдык билимдер, көндүмдөр предметти түшүнүүгө жана профессионалдык даярдыкты көрүүгө база болот.

## 7. Дисциплинанын постреквизити

«Эне тилин окутуунун методикасы» дисциплинасы башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоодо педагогикалык, методикалык, адистик багытта негизги предмет болуп эсептелинет. Башталгыч класстардын мугалимдери адистигинин окуу планында жалпы профессионалдык циклиндеги колледждин компоненттине жана тандоо курсуна ылайык «Эне тилин окутуунун методикасы» дисциплинасы жана «Математиканын окутуунун методикасы», «Дене тарбияны окутуу методикасы», «Сүрөт окутунун методикасы», ж.б. предметтер методиканын негизи болуп саналат. Бул предметтерден алынган билимдер, билгичтиктер, жана көндүмдөр башталгыч класстардын мугалимдеринин адистик, предметтик-атайын компетенттүүлүгүнө айланат.

*8. **Дисциплинанын структурасы***

**Практикалык саат №1 (2 саат)**

**САБАТКА ҮЙРӨТҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ**

**Тема: Башталгыч класстарда эне тилин окутуунун максаты жана милдети**

**План:**

1. ЭТОМдун предметин, максаты жана мааниси
2. Сабатка үйрөтүүнүн илимий негиздери
3. Сабатка үйрөтүүнүн психо-физиологиялык мүнөздөмөсү

1. **ЭТОМдун предметин, максаты жана мааниси**

Эне тилин окутуунун методикасы педагогика илиминин тармагында калыптанат, өнүгөт, ошону менен бирге ал гуманитардык илим катарында окутуунун жана тарбиялоонун практикалык маселелерине ишк ашырат.

Эне тилин окутуу методикасынын предмети-эне тилин окутуунун шартында үйрөнүү процесси болуп саналат. Ал башталгыч класстардын мугалими адистиктеринде окуган студенттерди эне тилин окутуу боюнча окутуунун натыйжалуу жолдорун, каражаттарын, ыкмаларын өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт. Ал эми бул предметтин негизги максаты кенже мектеп курагындыга балдарды эне тилинде сабаттуу окуу жазуу, сүйлөөгө үйрөтүү болуп саналат.

Эне тилин окутуу методикасынын предмети тил илимине, адабият таануу илмине, педагогика жана психология илимине таянып, окутууну уюштурат. Анда келечектеги мугалим тил илими боюнча алаган билимин башталгыч класстын программасына ылайык балага үйрөтүүнүн ыкмасын үйрөнөт.

Эне тилин окутуунун методикасы төмөнкүдөй бөлүмдөрдөн турат:

1. Сабатка үйрөтүүнүн методикасы (алиппе предмети окутууну)
2. Окуунун методикасы (адабий окуу жана КТО сабагын окутууну)
3. Грамматика жана туура жазуунун методикасы (кыргыз тили сабагын окутуу)
4. Оозеки жана жазуу кепти өстүрүү методикасы (адабий окуу, кыргыз тили сабагын окутуу)

**2. Сабатка үйрөтүүнүн илимий негиздери**

Сабатка үйрөтүү-бул баланы окууга жана жазууга үйрөтүү болуп эсептелет. Сабат ачуунун элементардык бөлүгү окуу жана жазуудан башталат. «Алиппе» окуулугу

аркылуу балага мектептен окуунун жана жазуунун элементардык бөлүгүн үйрөтөт. Сабатка үйрөтүү илими лингивистика менен тыгыз байланышкан. Мында кеп ишмердүүлүгүнүн негизги түрү болгон окуу жана жазууга басым жасайт. Окууга жана жазууга машыгуу-бир мезгилде оозеки кепти угууда, кабыл алууда калыптанат.

Сабат ачуу-кеп ишмердүүлүгүнүн түрдүү функциясын аткара алат: аңгеме, айтып берүү, байкоо, табышмактын жообун табуу, декломация, тыбыш жана тамга, фонемалардын бири-бири менен байланышын, айырмачылыгын аңдап түшүнүүгө жол ачат. Себеби, кыргыз жазуусу фонемалык түзүлүшү боюнча үйрөтүлөт. Демек, ар бир тыбыш, тамга, же фонеманын өзүнчө графикалык системасы бар. Сабатка үйрөтүүнүн методикасы кыргыз тилинин фонетикасынын өзгөчөлүгүн эске алат.

Аларга;

- кыргыз адабий тилинде 14 үндүү, 25 үнсүз тыбыш;
- 14 үндүү тыбыштын сегизи -кыска: а, э, о, ө, ы, и, у, ү: алтоо-созулма (созулма үндүүлөр кош тамга менен белгиленет): аа, ээ, оо, өө, уу, үү: жетөө-жоон: а, аа, о, оо, ы, у, уу: жетөө-ичке: э, ээ, о, оо, и, у;
- 20 үнсүз тыбыштын алтоо-уяң: м, н, ң, р, й, л: алтоо-жумшак: б,в,д,ж,з,г; сегизи-каткалаң: п, ф, с, ш, ч, х, к, т;
- кыргыз адабий тилиндеги тыбыштарды белгилөө үчүн 36 тамгадан турган Кирилл алфавити колдонулат: Аа, Бб, Вв, Гг, Дд, Ее, Өө, Жж,Зз, Ии, Йй, Кк, Лл, Мм, Нн, Ңң, Оо,Өө, Пп, Рр, Сс, Тт, Уу, Үү, Фф, Хх, Цц, Чч, Шш, Үү, Ыы, ң, Ээ, Юю, Яя;
- булардын ичинен Ц, Ү, тамгалары жана ң,ь белгилери Кыргыз Республикасынын расмий тили- орус тилинен жана башка тилдерден кирген сөздөрдү жазууда колдонулат.

Жогорку көрсөтүлгөн тыбыш жана фонемалар адабий тилибизде колдонулат. Айтылып жүргөн сөздөрүбүздүн бардыгы ушул фонемалар аркылуу гана жасалат. Башкача айтканда, маани жактан сөзгө өзгөртүү киргизүүчү тыбышты фонема дейбиз. Мисалы: бал, тал. Бул эки сөздүн биринчи тыбышы эки башка болгондуктан, ар түрдүү маани берди. Тыбыштар тамга менен белгиленет. Сабатка үйрөтүүнүн биринчи күнүнөн баштап тыбыштар жана анын тамгалары практикалык түрдө көрсөтүлүп окутулат. Тыбыштардын тамгаларын окуучу өздөштүргөндө гана окууга жана жазууга жетише алат.

1. Жумшак жана каткалаң үнсүздөрдүн баары фонеманын ичине кирет. Фонемалардын баары жазуу жүзүндө бардыгы колдонулбайт. Мында кайсы бир фонеманын негизги тыбыштары гана алынат. Ошондуктан тыбыштарды үйрөтүүдө негизгиси гана

үйрөтүлөт. Мисалы: кы, ки, гы, ги фонемалары к, г тамгалары менен жазылат.

2. Кыргыз графикасынын негизинде муун принциби менен иш жүргүзүлөт. Окуулукка сунуш кылынган тамга (графема) катары окулуш ыңгайына карата сунуш кылынат, тамгалар генетикалык тартиби боюнча берилбейт. Мисалы, окуулукта а тамгасы үндүү, андан кийин үнсүз т тамгасы берилет. Үйрөтүүдө муундап окуу менен, бир муун, муун бир үндүү, бир үнсүздөн түзүлөрүн, сөздө канча үндүү болсо, ошончо муун болору түшүндүрүлөт. Муундардын окулушунда орфографиялык, андан кийин орфоэпиялык окулушу эске алынып, системага салынат.

3.Тыбыштар жөнөкөйдөн татаалга деген принциптин негизинде сунуш кылынат, окуу материалдары ушул принцип боюнча үйрөтүлөт. Ар бир тыбышка карата сүрөттөр берилип, ал сүрөттөр суроо-жооп иретинде аңгеме түзүүгө ыңгайланыштырылып, аңгемеден сүйлөм, сөз, муун, муундан тыбышты бөлүп алууга ыңгайлаштырылган текст сунуш кылынат. Ушул принциптин негизинде «Алиппе» китеби түзүлүп, окутулат. Анализ-синтез методу менен окутканда, муундан тыбышты бөлүп алып, тыбыштын айтылышы,кайталанышы үйрөтүлөт. Угулушу жагынан бири-бирине окшош болгон создогу тыбыштар салыштырылып корсотулот (жон-жүн, тап-топ, тоо-төө ж.б.)

4.Кыргыз тилиндеги үндүүлөрдү үйрөтүү да өзүнчө өзгөчөлүккө ээ. Булардын ичинен-е, ө, я,ю иоттошкон тамгалар деп аталуу менен жазууда эки түрдүү колдонулат. Мисалы, сөз

башында, же үндүүлөрдөн кийин жана ажыратуу, эки тыбыштын жардамы менен айтылат, ошондуктан, иоттошкон үндүүлөр болуп эсептелинет (йа-я, йу-ю, йо-ө, йе-е).

5.Сабатка үйрөтүүдө (негизги этабында) бала тамганын тыбышын жакшы өздөштүрө албайт. Алар тамга менен тыбышты ажырата алышпайт. Тыбышты угабыз, тамганы жазабыз деген түшүнүк берилгени менен тамганы курулай жаттоого, же катары менен жаттоого калыптанып калгандан улам, бала жогорку класска барганда да кайсы бир тамганы бири-биринен ажырата албай, жазууда көп жаңылышат.

Мисалы, б-п, в-ф, д-т, з-с ж.б.

6.Кырргыз алфавитинин түзүлүшүндө анын варианты көз жаздымда калбоого тийиш. Мында тамганын басма жана жазма түрү, тексттин башталышы жана бүтүшү эске алынат. Ал эми текстти окууда чекит, суроо, илеп, үтүр, сызыкча, эки чекит белгилери үйрөтүлөт. Мында муун,ташымал, басым, ачык жана жабык муунду үйрөтүү да ишке ашырылат.

### 3. **Сабатка үйрөтүүнүн психо-физиологиялык мүнөздөмөсү**

Сабатка үйрөтүүнүн психо-физиологиялык мүнөздөмөсү окутуу процессинде башкы планга коюлат. Сабатка үйрөтүүдө, т.а. баланы окууга жана жазууга үйрөтүүдө анын психо-физиологиялык мүнөздөмөсү татаал процесс. Жазуу жана окууга үйрөтүү мугалимден көп эмгекти талап кылат. Окуу жана жазуунун элементтерин калыптандырбай туруп, баланын сабатын ачуу мүмкүн эмес. Жаңыдан окууну жана жазууну баштаган мезгилде бала тажрыйбасыз болот, ар машыгууда жетүү үчүн бир топ убакыт талап кылынат. Алардын өзгөчөлүктөрү катары төмөнкүлөрдү бөлүп кароого болот.

1. Окууга машыгуу ар бир окуучуда түрдүү аспектиде өнүккөн. Алардын шар, муундап, сөздөп, тамгалап, тамга таанытбоочу группаларга бөлүнүшүнүн өзү мугалим үчүн бир топ кыйынчылыктарды алып келери талашсыз. Тамгаларды тааныштыруу, ага карата берилген мамычадагы тирек сөздөрдү, байланыштуу текстти окуу жумуштары сунуш кылынат. Окуунун алгачкы этабы кесме тамга, кесме муун, тамга кассасындагы бир жана эки муундуу сөздөрдөн башталат. Окуунун багыты балада алгач тамга, сөз, муундан башталууга тийиш болгон менен окуунун баары балдарда бир мезгилде, бирдей деңгээлде калыптанбайт. Балдардын басымдуу көпчүлүгүндө өздөштүрүрүү кыйынчылыгы пайда болот. Окуу процесси алдыга өтө жай жылат, мында кабыл алуу жана билүү, буга сөздө канча тамга бар экендигин тактоо, үйрөтүү жолдору ишке ашырылууга тийиш.

2. Окуучу алган текст менен иштөөдө тажрыйбасыздыгынан улам текстти катары боюнча окуудан кыйналат. Алардын кээ бирлери бармак менен жетелеп окуйт, кээ бирлери көз жугуртуу аркылуу окуйт.Ал эми кээ бирлери копчулук учурда катарын жоготуп, кайрадан кайтууга, кайталап окууга туура келет. Ушул процессти жоюуга карата көзөмөлдөө жумушу уюштурулат. Бул кыйынчылыктар акырындык менен жоюулуу аркылуу, окуучуда ык пайда болуп, анын окууга болгон конул буруусу кеңейип, бир эле мезгилде муундап, шар окууга жетише алат.

3.Жаңыдан окурмандыгы калыптана баштаган окучу дайыма эле тексттин мазмунун түшүнө бербейт. Башкы көңүл окуунун техникасына бурулгандыкка байланыштуу, окуучу тексттин мазмунун тушунууго мумкунчулук ала албайт. Текстти түшүнүү окуудан алыстагандыктан, сөздүн мааниси текстти окуп бара жатканда эмес, текстти окугандан кийинкиге калтырылып калат. Окуу программасынын талабы сезимдүү окууга бурулат. Сүрөттөр менен иштөө, мугалимдин суроосуна жооп берүү, көрсөтмө куралдар менен иштөө,купуя окуу тексттин мазмунун түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

Сезимдүү окуунун өз деңгээлинде жүргүзүлбөгөндүгү-бул сабатка үйрөтүүнүн бирден-бир кыйынчылыгы болуп эсептелинет. Жогорудагы кыйынчылыктарды жоюуда оклуучулардын окууга машыгуусун ишке ашыруучу жолдору изилденет.

Окуучу фонемаларды түрдүү угулуштары боюнча айырмалоого тийиш. Фонемалык угуулар окуунун сапатын жакшыртуу үчүн гана керек болбостон, ал орфографиялык ык алууга керектелет. Фонемалык угуулар баланын угуу аппаратын өнүктүрүүнү да талап калат. Ошондуктан, сабатка үйрөтүүдө угууну калыптандыруучу машыгуучу көнүгүүлөр сөзсүз жүргүзүлүшү керек. Жазуу-бул кептин иш аракетинин татаал процессине кирет. Жазууга калыптандыруунун ыгынын структурасы төмөнкүлөр болуп эсептелет. Сөздүн угулушун кабыл алуу: ага тыбыштык муундук анализ жасоо; тамганын басма жана жазма түрлөрүн салыштыруу: тамганы элементтерге ажыратуу жана аларды бириктирип жазууну көрсөтүү: мугалимдин доскага окуучунууун дептерине жазып берүүсү: тамганы жазуу; Жазуунунун ыгына үйрөтүүнүн алгачкы бскычтарында (Алиппе мезгилинде) балдар көп күч жумшашат. Жазуу учурунда бир катар булчундар айрыкча колдун, ийиндин, дененин жогорку бөлүгүнүн бардык булчуңдары иштеп турат. Ал мезгилде жазуу эмоционалдык чымырканууну да талап кылат. Бала адегенде кезигүүчү кыйынчылыктарга, жазганынын көңүлдөгүдөй болбой калышына кейийт. Алгачкы баскычтарда бардык жумшалган физикалык күчтөр да каалагандай жыйынтыкка алып келе албайт. Колдун, манжалардын, билектин кыймылдары али машыкпагандыктан, кол балага баш ийбегендей болуп саналат. Мындай процессти жоюуда окуучунун өз алдынча иштөөсүн талап кылуучу иш- аракеттер пайда болот. Ошондуктан, окуучу калем сапты туура кармоосун, дептерди туура коюусун көзөмөлдөө керек. Тамгалардын жазылышын үйрөнуудо окуучу анын формасын, элементин, дептердеги сызыктын орун алышын, сызыктагы калем саптын кыймылын эстөө керек. Жазуу учурунда бир тамга менен экинчи тамганын кошулушун үйрөнүү сөзсүз эске алынышы керек, ошону менен бирге окуучу жазуунун гигиеналык талаптарын б.а. дептерден
көздү албоо, кантип отурууну өздөштүрүү керек. Мындай тапшырмаларды аткарууга окуучу көнүкпөгөндүктөн, жогоруда айтылган иш-аракеттер аң сезимди күчөтүүнү талап кылат. Бул жазуунун темпин гана басаңдатпастан, баланын акыл- эс жагынан чарчашына алып келет. 1-класстын баласы жазганда бардык булчуңдары кыймылда турат. Мындай шартта сабактын жүрүшүндө атайын көнүгүүлөрдү жүргүзүү талап кылынат.

III. Эне тили сабагы 1-класста.Этнопедагогикалык, этнопсихологиялык маанай аркылуу

жүргүзүлөт. Бул сабатка үйрөтүүдөн эле башталууда тийиш.Этнопсихологиялык функциясын алганда, улуу менен кичүүнүн, ата менен баланын, эне менен кыздын, эже менен сиңдинин, ага менен ининин, үй-бүлөдөгү ар бир мүчөнүн өз ара бири-бири менен урмат мамилелери алардын ортосундагы моралдык-психологиялык,эмоционалдык жылуу-жумшак жагдайга бири-бирине тартылуу, ич ара терең жоопкерчилиги ж.б. ыйык сезим туюмдар балдарды ыйманга, эмгекке, патриоттуулукка тарбиялай алат.Ал эми элдин басып өткөн даңктуу жолу, үлгүлүү адамдары, эзелтен келе жаткан ыйык салттары, аздектеген улуттук буюмдары, кийим-кече, тамак-аштары, элдик тарбиянын үлгүлөрү, улуулар айткан унутулгус накыл кептер, жомоктор, элдик ырлар, уламыштар ж.б. үйрөтүү аркылуу анын тарбиялык маанисин эске алынат.

1. Азыркы мектептерде окулуп жаткан “Алиппенин” автору ким?

Туура жоопту тапкыла!

а) К.Сартбаев

б) С.Турусбеков, Б.Рысбекова

в) Б.Кубаталиева, А.Абыканова

г) И. Бекбоев

2. Эне тилин окутуу методикасынын предметинин негизги максаты эмне?

Туура жоопту тапкыла

а) кенже мектеп курагындагы балдарды эне тилинде сабаттуу окууга, жазууга жана суйлөөгө үйрөтүү

б) кенже мектеп курагындагы балдарды туура эсеп чыгарууга үйрөтүү

в)кенже мектеп курагындагы балдарды сурөт тартууга үйрөтүү

г) туура жооп жок

3. Сабатка уйрөтүүнүн методикасын кайсы предмет окутуп уйрөтөт?

Туура жоопту тапкыла.

а) Сурөт предмети

б) Алиппе предмети

в) Музыка предмети

г)Дене-тарбия предмети

**Практикалык саат № 2 ( 2 саат)**

**Тема: Эне тилин окутуунун формалары, методдору жана каражаттары**.

План:

1.Эне тили боюнча окуу процессин уюштуруунун негизги формасы.

2. Окутуунун методдору, ыкмалары.
3. Эне тили сабагында колдонулуучу каражаттар.

1. Сабатка үйрөтүү мезгилинде колдонулуучу окутуунун методдоруна жалпы мүнөздөмө

Окутуунун методдору. "Метод" термини байыркы грек сөзүнөн түзмө - түз которгондо максатка жетүүнүн ыкмасы, жолу дегенди түшүндүрөт же метод - жалпы мааниде максатка жетүүнүн жолу, белгилүү мүнөздө иреттелген иш-аракеттин жыйындысы.

Окутуу методу педагогдун окутуу ишмердүүлүгүнүн жана окуучулардын окуп-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн бири-бири менен айкалышып, окуу максатына жетүүгө багытталышы. Негизинен алганда окуу методу бир, же бир канчалаган ыкмалардан турат. Ыкма методдун өзүнчө бир бөлүгү, ал өз алдынча болгон аракеттин жыйындысы. Айрым бир учурларда окутуунун ыкмасы метод катары кабыл алынат жана бир эле ыкма ар түрдүү методдордун курамына кириши мүмкүн.

Окутуу методун түзүлүшү боюнча эки бөлүккө бөлүүгө мүмкүн

а) методдун обңективдүү бөлүгү кандай гана окуу предмети окулбасын мугалим менен окуучунун сөзсүз түрдө аткара турган окуу-таануу ишмердүүлүктөрдүн, ыкмаларынын жыйындысы.

б) методдун субңективдүү бөлүгү ар бир педагогдун жана окуучулардын жекече өзгөчөлүгү, даярдыгы жана мүмкүнчүлүгү менен мүнөздөлөт жана ал белгилүү өзгөрүүлөргө учурап турат.

Окутуунун методу - мугалимдин окутуу ишмердүүлүгү менен бирге окуучулардын жаңы материалды жогорку деңгээлде уюштуруу жана жүргүзүү, башкача айтканда окуу максатына жетүү үчүн алдыга коюлган дидактикалык маселелерди чечүүдө окуучулардын окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүн уюштуруу ыкмасы, жолу болуп саналат.

2. Сабатка үйрөтүү мезгилинде колдонулуучу окутуунун методдорунун классификациясы

1. <u>Билим алуунун булактары боюнча</u>

| Окуу методдору | Билимдин булактары |
|---|---|
| Мугалимдин сөзү | Айтып берүү, аңгемелешүү, лекция |
| Басма сөздөр | Китеп, адабияттар, окуу куралдары, журналд газеталар |

| | |
|---|---|
| Жаратылыштагы предметтер, кубулуштар | Байкоо, тажрыйба, экскурсия |
| Техникалык жана башка окуу каражаттары | Демонстрация, иллюстрация, үлгүлөр жана башка |
| Окуучунун өзүнүн практикалык иштери | Маселе чыгаруу, лабораториялык, практикалык иштер |

2. Дидактикалык максаттары боюнча

| Дидактикалык максаттар | Окутуунун методдору |
|---|---|
| Жаңы материалды берүү | Түшүндүрүү, китеп менен иштее, эксперимент үлгүнү пайдалануу |
| Жаңы материалды бышыктоо | Көнүгүүлөр, китеп менен иштөө, лабароториялы жумуш, маселе иштөө |
| Окуу ыкмаларын үйрөтүү | Түшүндүрүү, практикалык көрсөтмө берү инструкция |

3. Маалыматтын түрлөрү боюнча

| Маалыматтын түрлөрү | Окутуу методдору |
|---|---|
| Ооз эки | Айтып берүү, аңгемелешүү, лекция |
| Көрсөтмө | Демонстрация, иллюстрация, экскурсия, байкоо |
| Практикалык | Көнүгүү-тапшырмалар, маселе чыгаруу, лабораториялык иштер, тажрыйбаны жүргүзүү, практикумдар, анализдөө, салышытыруу, талдоо |

4. Мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүнүң байланышы

| Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү |
|---|---|
| Аңгемелешүүнү жүргүзүү | Аңгемелешүүгө аралашуу, катышуу |
| Айтып берүү | Угуу, көрүү, ойлонуу, түшүнүү |
| Лекция | Жазуу иштери |
| Билимдерди текшерүү | Маселе чыгаруу, жазуу иштери, тапшырмаларды аткаруу |
| Демонстрация | Экскурсия |

ОКУТУУ УСУЛДАРЫ

| УСУЛДАР | | Сабак берүү ыкмалары | Мугалимдин милдеттери | Окуучунун керектөөлөрү |
|---|---|---|---|---|
| РЕПРОДУКТИВДҮҮ | Түшүндүрмө-көрсөтмөлүү | Аңгемелешүү<br>Фактылардын туюнтулушу<br>Билдирүү<br>Түшүндүрүү<br>Иш-аракетти көрсөтүү | Чечмелөө<br>Кабыл алынуусуна жетишүү<br>Түшүнүүлөрүнө жетишүү | Ыкмага ээ болуу<br>Үлгү боюнча колдонуу<br>Материалды эстеп калуу<br>Материалды түшүнүү |
| | Репродуктив-дик | Мурун окуп-үйрөнүлгөн материалды оозеки сурамжылоо<br>Окуучулардын төмөнкү максатты ишке ашыруучу ар түрдүү көнүгүүлөрдү сунуштоолору: каралган материалдарды эстеп калуу<br>Оюн | Маалыматты эстеп калууга көнүгүүнү тандап алуу<br>Окуучулардын жөндөмүн көндүмдөрдүн катарына жеткирүү | Илимди көп ирээт кайра айтуу<br>Көнүгүүлөрдү чечүү үчүн маалыматтарды эстеп калуу. |
| ПРОДУ | Көгөйлүү баяндоо | Көйгөйлөрдү коюу<br>Көйгөйлүү кырдаалды түзүү<br>Көйгөйлүү кырдаалды чечүү (издөө)<br>Алынган чечимди талдоо | Окуучунун адекваттуу иш-аракеттерин уюштуруу | Салыштыруу<br>Талдоого алуу<br>Башкысын бөлүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| К<br>Т<br>И<br>В<br>Д<br>Ү<br>Ү | Жарым-жартылай-издөөчүлүк | Эвристикалык аңгемелешүү<br>Изилдөө элементтери менен өз алдынча иштөө<br>Оюн | Материалды билдирүүдө көйгөйлүү мамиле | Окулуп-үйрөнүлүп жаткан мазмундун маани-маңызын айкындоого умтулуу<br>Кубулуштардын ортосундагы байланыштарды таанып-билүү<br>Өзгөрүлгөн шарттарда илимди колдонуу ыкмаларына ээ болуу |
| | Изилдөөчүлүк | Жаңы фактылар менен салыштыруу<br>Консультациялар<br>Талдоо<br>Баалоо<br>Эксперимент<br>Белгилүү фактыларды талдоо<br>Изилдөөчүлүк ишти башкаруу | Минимум маалыматтык иш-милдеттер<br>Максимум башкаруучулук иши | Илимди жаңы кырдаалдарда пайдаланууга умтулуу<br>Өз алдынча иштөө процессинде окуу көйгөйүн чечүү керектөөсү. |

**Практикалык саат №3 (2 саат)**

**Тема: Сабатка үйрөтүүдөгү методдордун тарыхый мүнөздөмөсү**

**План:**

1. Сабатка үйрөтүүнүн методдорунун жалпы мүнөздөмөсү
2. Анализ-синтез методунун өзгөчөлүгү

## 1. Сабатка үйрөтүүнүн методдорунун жалпы мүнөздөмөсү

Сабатка үйрөтүүнүн методикасы-бул эне тилин окутуу методикасындагы тарыхый негиздердин катарына кирет. Сабатка үйрөтүүнүн методдорун изилдөө тарыхында орустун педагогдору К.Д.Ушинский, Л.Н.Толстой, В.П.Вахтеров ж.б. салым кошкон. Илимдин калыптанышында жана өнүгүшүндө анын тарыхый методдорунун басып өткөн жолу өзгөчө орунду ээлейт. Ал эми бул илим менен бирге кыргыз тилинин өнүгүү этаптары дагы белгилөөгө болот. Академик Б.М.Юнусалиев жалпы элдик кыргыз тилинин калыптанышын үч доорго бөлөт.

А) Байыркы б.а.9-10 кылымдарга чейинки кыргыз тили.

Б) Орто кылымдын б.а.15-16 кылымдарга чейинки кыргыз тили.

В) Жаңы кыргыз тили доору,б.а.16-кылымдан баштап азыркы мезгилге чейинки кыргыз тили.

Тилдин өнүгүү жана калыптануу этабындагы өзгөрүүлөр сабатка үйрөтүүнүн өнүгүү стадиясында өз салымын кошо алган. Ал эми окутуу процессинде баланы окууга жана жазууга үйрөтүүдөгү методдордун топтому кылымдар бою изилденип, жаңы баскычка көтөрүлүүдө. Улам доордун алмашуусу менен кыргыз эли өзүнүн узак кылымдык тарыхында башка түрк элдери менен бирдикте Орхон Эне-Сай, уйгур, араб, латын, орус жазуу системаларын колдонуп келген. Улуу Октябрь революциясынан кийин 1924-жылы кыргыз элинин өз элине ылайыкталып реформаланган араб алфавити кабыл алынгандан тартып,  бүгүнкү күнгө чейин бир нече методдор колдонулуп келди.

Алар төмөнкүлөр;

1. Тамга методу.
2. Муун методу.
3. Тыбыш методу.
4. Бүтүн сөз методу.
5. Анализ-синтез методу.

**Тамга методу.**

Тамга методу кыргыз элине тилден тике өтпөстөн, уйгур (кашкардан), өзбек, татар элинен келген молдолор  араб тамгасын кыргыздарга тараткан.  Негизи бул метод байыркы методдордун катарына кирет. Эң абал Грецияда, Римде колдонулат да,  андан кийин Европа, Азиядагы элдерге тарайт. Бул методду араб  тамгасынан  кандай алынса, кыргыздарга ошол тартипте үйрөтүшкөн.  Ар бир  тамганын өзүнчө катары болгон. Мисалы; А-алиф, Б-бээ ж.б. Алиппе деген сөз ушул эки тамга аркылуу келип чыгып, азыркы "Алиппе" окуу китептеринин аталышынын негизи да ушундан келип чыккан.

***Бул методду колдонуу төмөнкүдөй жүргүзүлгөн.*** Балдар тамгаларды алфавит тартиби боюнча жатташкан.  Андан кийин сөздөрдөн муун курашкан,  ошол муундан кураалган сөздөрдү жатташып окушкан.  Ар бир балага жекече сабак берүү менен иш алып барылган.

*Ушул метод  менен окуганды үйрөтүү үч этапка бөлүнгөн;*

1. Ар бир тамганын атын үйрөтүү.
2. Тамгалардан муун түзүп окуу.
3. Тамгалардан сө түзүп окуу. https://goo.gl/forms/46kSND9iML32Hjs82

**Муун методу.**

Муун методу эң алгач Римдиктерде колдонулган, андан кийин Азия элдерине таркаган. Муун методу сөздөгү муунду окууга, ошол аркылуу окууну, жазууну үйрөнүүгө мүмкүн болгон. Биринчи эле тамгаларды окушкан (жатка үйрөнгөн). Андан кийин муундарды окушкан, эң мурда эки тамгалуу, андан кийин үч тамгалуу муундарды окушкан (ба,би,бе,бел). Кээ бир учурда үндүү тамгаларды, андан кийин үнсүз тамгаларды үйрөтүү менен муунду окутуу иштери жүргүзүлгөн. Тамга методуна салыштырганда муун методун үйрөтүү бир топ жеңил болгон.

*Тамга методуна салыштырганда муун методунун өзгөчөлүктөрү.*

1. Эжелеп окутуунун ордуна муун боюнча окуткан.
2. Тамга методунда жазуу жумуштары жетишээрлик түрдө жүргүзүлбөгөн. Ал эми муун методунда окуу, жазуу жумуштары бирдей жүргүзүлгөн.
3. Муун методунда дидактикалык принциптер сакталбаган. Балдар муундарды курулай жаттоо менен гана окушчу. Муундарды тыбыштарга ажыратуу, аларды анализдөө болгон эмес.

**Тыбыш методу.**

Тыбыш методу Россияда 19-ккылымдын 40-жылдарында таралып, мектептеринде окутулган. Буга чейин тыбыш методу ушул эле кылымдын 30-жылдарында франциялык педагог Ж.Жакото, андан кийин педагогдор В.А.Золотов, Ф.Д.Судитский тарабынан колдонулган.

*Тыбыш методун үйрөтүү:*

1. Бир нече үндүү тыбыштарды (а,у,о,ы,и), андан кийин бир нече үнсүз (р, с, м, ш) тыбыштарды үйрөтүү, ал тыбыштарды бири-бирине кошуп алуу иштери жүргүзүлгөн.
2. Алгач үндүү, үнсүз тыбыштарды, андан кийин ошол тыбыштардан куралган муундарды окуткан.

Мында ичке, жоон үндүүлөр катышкан муундарды окутуу иштери коюлган. Бирок, бул методдун кемчилдиги-окуучу окуп жаткан сөздөрүндөгү муундарды кандай тыбыштан куралгандыгын билишкен эмес, куру эле жатташкан.

Тыбыш методунун эккинчи түрү синтез методу болгон, анын жактоочулары немец элинин педагогу Г.Стефани (19-кылымдын башталышында) тыбыш, тамга, тамгалардын аталышы, үндүү, үнсүз тыбыштардын биригүүчү түшүнүктөрүн жактаган. Ал эми орустун улуу педагогу Н.А.Корф "Сабаттуулукка үйрөтүүнүн колдонмосу" деген эмгегинде бир нече үндүү, үнсүз тыбышты алып, аларды бири бирине кошуп, ошол тыбыштан куралган муундарды окуткан (ма, му, ым, ум). Андан кийин жаңы тыбыштарды алып, муун, муундан сөз түзүлгөн(на,ма,ша,ка). Мында бала курулай жаттоо менен гана чектелген. Тыбыш методу кыргыз башталгыч класстарында Улуу Октябрь революциясынан кийин, т.а.1921-жылдан колдонула баштаган. Ушул жылы тыбыш методу менен түзүлгөн казактын алиппеси окутулган.

Кыргыз тилинин өзгөчөлүгүнө ылайыкталган тамгалар 1924-жылда кабыл алынган. Ошонун негизинде биринчи алиппе китеби түзүлгөн. Эң биринчи кыргыз алиппеси И.Арабаев тарабынан түзүлүп, 1924-жылы Ташкентте жарык көргөн.

**Бүтүн сөз методу.**

Бүтүн сөз методу 19-кылымдын 20-жылдарында Америкада колдонулган. Американын мектептеринде эки же үч ай бою бир нече сандаган сөздөрдү жаттаткан. Жаттап алган сөздөрүн балдардын өздөрүнө окуткан.

Бүтүн сөз методу орус мектептеринде 1917-1931-жылдары колдонулган. Анда окутууда мугалим эң мурда сөздү доскага жазат. Аны бир нече жолу окуучуларга окуп берет. Окуучулар мугалимди ээрчип окушат. Ал сөздү талдап муунга, тыбышка ажыратылбайт. Бала сөздү

муунга, муунду тыбышка ажыратып талданбаган, ошонун натыйжасында сөздү туура окуй албаган, курулай жаттоо менен гана чектелген. Жазуу иштери дагы ушундай абалда болгон. Ошондуктан, бул метод окуу ишин толук канаттандыра алган эмес.

Кыргыз мектептеринде бүтүн сөз методун 1928-жылдан баштап колдонула баштаган. Мында негизги максат-сүрөттү карап, алдыдагы сөздү үйрөнүү менен бирге тыбышты да билсин деген ой берилген. Бирок, бүтүн сөз методу боюнча окутуу натыйжа берген эмес. Бул метод 1930-жылга чейин окутулуп келинген. 1931-32-окуу жылына карата "Кичинекей колхозчу алиппеси" аттуу окуу китебин окутуунун жолун көрсөткөн методикалык пособия сүйлөм методунун негизинде түзүлгөн. С.Наматовдун "Биздин методикабыздын" деген китепчесинде; "Кичинекей колхозчуну түзүү иши, айрым сунуштар боюнча сүйлөм методу менен түзүлдү" делинген. Сүйлөм методунда сүрөт, сүрөттүн астында сүйлөм берилген. Бул методду үйрөтүү татаал болгондугуна байланыштуу, кийинки окуу жылында алынып салынган. Ушул окуу жылынан баштап, тактап айтканда, 1933-жылдан баштап кайра бүтүн сөз методуна өткөрүлүп, С.Наматовдун "Биздин алиппеси" түзүлүп, алиппени окутуунун методикалык каты жарык көрөт. Бүтүн сөз методу 1934-35-окуу жылына чейин колдонулган. Жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтен улам, жакшы натыйжа бере алган эмес. Ошондуктан, бул метод азыр колдонулбайт. 1936-жылдан баштап анализ-синтез методуна өткорүлгөн.

**Анализ-синтез методу**

Батыш Европага анализ-синтез методун 19-кылымда А.Грезер, А.Дистерверг, К.Фоген, Россияда К.Д.Ушинский, анын шакирттери Д.Тихомиров, В.П.Вахтеров, В.А.Флеров, В.И.Водовозов, Н.Ф.Бунаков ж.б. ишке ашыруучулардан болушкан. К.Д.Ушинскийдин "Эне тили", "Азбука", «Эне тилин окутуунун методикасына көрсөтмө» (1864) аттуу эмгектери анализ-синтез методун окутууга арналган.

К.Д.Ушинский өзүнүн методикасында анализ-синтез методун бөлүп көрсөтүү мүмкүн эмес экендигин баса белгилеген. Анын методикасынын баалулугу сабатка үйрөтүүдөгү кеп өстүрүү менен байланыштыргандыгында.

Сабатка үйрөтүүнүн биринчи күнүнөн тартып бала элдик оозеки чыгармалардын мыкты үлгүлөрү менен тааныштыруунун системасын бөлүп көрсөткөн. Анализ-синтез методу чындыгында, баланын кебин өстүрүүгө, аңгемелешүүгө, окуу жана жазуунун байланышы-бул баланын ойлоо жөндөмдүүлүгүн өөстүрүүгө бир топ шарттарды түзө алган.

К.Д.Ушинский тыбыштык талдоого карата бир нече ыкмаларды сунуш кылган. Алар ушу күнгө чейин колдонулуп келүү менен педагогикалык-психологиялык негиздери иштелип чыгылды. К.Д.Ушинский "Эне тилинде" тамгаларды жана тыбыштарды алфавиттик катары боюнча үйрөтүүдөн баш тарткан, эң алгач үндүүлөрдү, йоттошкон тамгаларды, жумшак жана каткалаң үнсүздөрдү катары менен үйрөтүүнү көрсөткөн. Бул методдун ушул кезге чейин колдонулушу окутуу процессинде, т.а. баланын кат сабатын ачууда баалуу салым кошо алгандыгында.

*Анализ-синтез методунун түзүлүшү.*

1. Анализдөө: КЕПТИ СҮЙЛӨМГӨ, СҮЙЛӨМДҮ СӨЗГӨ, СӨЗДҮ МУУНГА,МУУНДУ ТЫБЫШКА АЖЫТТЫРУУ, ОШОЛ ТЫБЫШТЫН ТАМГАСЫН ТААНЫТУУ.
2. Синтездөө: Ошол ТЫБЫШТАН МУУН, МУУНДАН СӨЗ, СӨЗДӨН СҮЙЛӨМ ТҮЗДҮРҮҮ
3. Жазуу иштерин жүргүзүү. Мында тамганын элементине окшош заттардын сүрөтүн тарттыруу, тамганын элементин,андан кийин өзүн жаздыруу.
4. Тыбыштарга сөз түзүү жана анын тамгасын жазуу, жаздыруу, окутуу.

*Анализ-синтез методунун башка методдордон өзгөчөлүгү;*

1. Окууга көндүрүүгө карата болгон даярдыктар.
2. Көрсөтмөлүүлүгү.
3. Тыбышка машыктыруу жумуштарынын туура айтылышы.
4. Окуу менен жазуунун бирдей алынып берилиши,байланыштуулугу.
5. Жазуу жумуштарына каратаболгон даярдыктар,көнүгүүлөр.
6. Окуучулардын кебинин өсүшүнө айрыкча багытталышы.
7. Туура, сезимдүү окуу ишине айрыкча көңүл буруу ж.б.

Анализ-синтез методу кыргыз мектептеринде 1936-жылдан баштап колдонулду. Анализ-синтез методу боюнча окуучуларды окуу жазууга үйрөтүү иши алиппеге чейинки, алиппе мезгили, алипеден кийинки мезгил болуп үчкө бөлүнөт. Алиппе окуу китептери ушул система боюнча түзүлүп келүүдө.. Анализ-синтез методу боюнча 1936-40-жылдары К.Каримов, Т.Актановдун, 1940-52-жылдары Т.Актанов, Н.Абрамовдун, 1952-60-жылдары Н.Кангельдиев, М.Жаңыбаевдин, 1962-90-жылдары С.Турусбеков, Б..Рысбекованын, 1992-98-жылдары З.Маразыкова, А.Абдразакованын. 1998-жылдан С.Рысбаевдин авторлугу менен түзүлгөн алиппе китептери колдонулуп келүүдө.

1. **Анализ-синтез методуна негиз салган жана өнүктүргөн педагог?**

Туура жоопту тапкыла!

а) Н.К. Крупская

б) И. Арабаев

в) К.Д. Ушинский

г) С. Нааматов

2. **Сабатка үйрөтүүдөгү методдордун эң байыркысын көрсөт.**

а) сөз методу

б) тамга методу

в) тыбыш методу

г) муун методу

3. **Биринчи жолу анализ-синтез методунун негизинде “Алиппе” качан түзүлгөн?**

Туура жоопту тапкыла!

а) 1934-жылы

б) 1924-жылы

в) 1943-жылы

г) 1936-жылы

4. **Эң биринчи кыргыз алиппеси ким тарабынан түзүлүп, кайсы жылы жарык көргөн?**

Туура жоопту тапкыла!

а) К. Тыныстанов,1911-жылы

б)  С.Наматов,1940-жылы
в) И.Арабаев,1924-жыл
г)  туура жооп жок
5. **“Кичинекей колхозчу” алиппеси ким тарабынан, канчанчы жылы жарыкка чыккан?**
Туура жоопту тапкыла!
а)  И. Арабаев 1924-жылы
б)  К. Тыныстанов  1926-жылы
в) С. Нааматов 1931-жылы
г)  С. Рысбаев 1999-жылы

**Практикалык саат № 4  ( 4 саат)**

**Тема: Сабатка үйрөтүүнүн методикасы (Алиппеге чейинки мезгил, алиппе мезгили, алиппеден кийинки мезгил)**

**План:**

1. **Алиппеге чейинки жана  мезгилин уюштурууда аткарылуучу жумуштар**
2. **Алиппе мезгилинде алфавитти кабыл алуу менен иштөө ыкмалары**

1.Алиппеге чейинки мезгил. Бул мезгил окуу-жазууга даярдык көрүү мезгили болуп эсептелет. Бул мезгилде мектепке келүү, кетүү, мектепте өзүн кандай алып жүрүүнүн элементардык эрежеси менен тааныштырылат. Мугалимдин окуганын же оозеки айтканын кунт коюп угууга үйрөнөт. Речибиз суйлөмдөн, суйлөм айрым сөздөн, сөз айрым  муундан куралгандыгын жана ар бир тыбыштын өзүнчө тамгасы бар экендигин билдирет Окуучуларга оозеки турдө иштетилип, иш жүзүндө байкатылат Ансыз алиппени окутууга мумкун эмес. Кыскасын айтканда, талдоо-жыйноо жолу менен окуучуларды окуу-жазууга уйрөтөбүз. сөз айрым муундан, муун айрым тыбыштан куралгандыгын жана ар бир тыбыштын өзүнчө тамгасы бар экендигин билдирет.Окуучулар оозеки түрдо иштетилип,иш жузундо байкатылат,ансыз алиппени окутууга мумкун эмес. Кыскасын айтканда,талдоо-жыйноо жолу менен окуучуларды окуу-жазууга үйрөтөбүз.

Сүйлөм түздүрүү. Биринчи күнү сабак башталганда, мугалим өзунун, атасынын аты менен тааныштырат, окуучунун аты, фамилиясы менен таанышат. Ошондой эле партада олтуруу, туруу, эшиктен кирүү, эшикке чыгуу, окуу убактарында кандай олтуруу,дем алыш убагында кандай тартипте журуу ж. б. мектептин ички-тышкы тартиби менен окуучуларды тааныштырат. Мугалим тарабынан кызыктуу жомок, же кызыктуу ангемелерден камдалып келинет да, аны айтып, же окуп берет, балдардын билгендеринен да айттырууга болот, ж. б. ушул сыяктуу иштер жургүзулөт. Экинчи, же учунчу куну суйлөм үстүндө иштөө жумуштары башталат. Мисалы:Бала  мектепке келди. Ал окуду. Айшада карандаш бар. Атам гезит окуду. Апам радио укту- деген сыяктуу бир нече суйлөм туздүрүлөт да, ошол суйлөмгө карата мугалимдин берген суроосуна бала жооп кайтарат. Андан кийин ал, суйлөмдөрду балдар кайталап айтып чыгышат. Мугалим бул айтылган суйлөмдөрдү окуучуларга оозеки турдө санатат. Канча суйлөм экенин айттырат.

Суйлөмду сөзгө ажыратуу. Сурөт боюнча аңгеме жүргүзүп, ошол ангеменин ичинен бир сүйлөмду бөлуп алат да, ошол суйлөмдун ичинде канча сөз бар экендиги таптырылат. Суйлөмду, сөзгө ажыратканда ар бир сөзду бөлуп, кол менен санап көрсөтөт. Мисалы: класс

жонүндөаңгеме жүргүзөт бир нече сүйлөм түздурулөт. Алар: Класс чон. Биздин класс жарык. Класста парталар бар. Партада окуучулар олтурушат – деген сыяктуу бир нече суйлөм туздурулөт да, ал суйлөмдөрду оозеки турдө ажыратат. Мында класс жөнундө айтылган аңгемеде канча суйлөм бар экөндигин бирден санап көрөтөт. Андан кийин ошол суйлөмдөрдун ичинен бир суйлөмду бөлуп алат да, анда канча сөз бар экендиги таптырылат. Мисалы: Биздин класс таза. Мында уч сөз бар деп, мугалим биринчи сөзү-биздин, экинчи сөзу— класс, учүнчү сөзу-таза деп колу менен санап көрсөтөт. Андан кийин бир суйлөмду окуучуга кайталатып айттырат. Жогорку формада окуучулар сөзду санап көрсөтуп айтышат. Маселен, мугалим китептеги сурөттү көрсөтүп:

-Бул кимдин сурөту?

-Бул баланын сурөту.

-Бала эмне кылып жатат?

-Бала окуп жатат,- деп жооп берет. Мындан, бала окуп жатат деген суйлөмду бөлуп алат да, сөзгө ажыратат. Мына ушул тартипте суйлөм сөзгө зжыратылат. Мында окуучулар суйлөм тузулөрун, суйлөмдө бир нече сөз бар экендигин айтышат.

Сөзду муунга ажыратуу. Суйлөмдү сөзгө зжыратууга караганда сөзду муунга ажыратуу жумуштары бала учун татаалыраак болот. Башкача айтканда, сөзду муунга ажыратуу иши канча баскыч бөлүп алып, окуучулардын көз алдына элестели, андан кийин сөзду муунга ажыратуу жумуштары башталат. Мында мугалим эки-уч сөздөн турган суйлөмду алат. Мисалы: Алым жазат. Белек оку. Биринчи, экинчи суйлөмду, анын ичиндеги сөздөрдү балдарга таптырып ажыраттырат. Андан кийин мугалим: Балдар, биз суйлөмду түздүк. Аны сөзгө ажыраттык, демек, бир сүйлөмдө эки да, андан да көп сөздөр болот. Эми балдар, сөз муундан түзүлөт.Муун колдо да бар. Кана, баарынар колунардын муунун көрсөткулөчу. Бардык балдар колдорунун муунун көрсөтөт. Муун чөптө да бар деп, чөптун муунак-муунак болуп бөлүнүп турган жерин көрсөтөт. Балдар байкап карайт.
Мугалим: Балдар, демек муунак-мууак болуп бөлунүп турган жерди муун дейт экенбиз. Сөздө да муун болот. Мен бир сөз айтайын, силер угуп тургула. Ошол сөздө үндүн бөлунүп чыккан жерин муун деп тушүнгүлө. Азыр мен апа деген создү айтамын. Силер тыңшап тургула. А-па деп, муунга бөлуп айтат.

- А-па деген сөзду канчага бөлуп айттым?

- А-па деген сөзду экиге бөлуп айттыныз. -
Демек, сөздун бөлунүп чыккан жерин эмне деп айтчу элек?

- Сөздүн бөлүнүп айтылган жерин муун деп айтабыз.

- А-па деген сөздө канча муун бар экен?

- А-па деген сөздө эки муун бар экен. Эки муунду эки балага айттырат.

Ушундай кылып эки-уч муундуу сөздөрду алууга болот (ата, арпа, алма ж. б.). Муунга ажыратуу жумуштары да оозеки турдө гана жүргүзүлөт. Мында балдар сөз муундан тузулөт деп түшүнүшөт. Сөзду тандап алганда адегенде муунга оной бөлунүүчү ачык муундуу, андан кийин жабык муундуу сөздөрдөн тандап алуу керек.

Сөзду муунга ажыратууда оюн катарында тандап алууга болот. Мисалы, мугалим: мен биринчи муунун айтайын, силер экинчи муунун айткыла. Бул убакта балдар чуулдабай колду көтөруүсүн гана талап кылат. (Мугалим а десе, балдардын бирөө -та дейт. Мында а-та

деген сөз пайда болду.) Балдар ушул сыяктуу кылып бир, эки муундуу сөздү талдап көргөндөн кийин, уч-төрт муундуу сөздөрдү талдоого аз-аздан көнүгө баштайт. Ушул формада окуучуларды сөзгө муун кошууну жана муунга ажыратууну үйрөтсөк, бир нече муунду; сөзду оңой эле ажыратып шар окуй алууга жетишет. Ушул көрсөтүлгөндөй эле бир түрдүү формада сөздү муунга ажырата берсе, бала үчүн көнүлсүз болот. Ошондуктан, ар туркүн кылып ар бир бала сөзгө тиешелүү муунду таап кошууну, же сөз таап ал сөзду муунга ажыратууну ж.б. ушул сыяктуу кылып, ар турдүү жолду колдонуу керек.
Тыбышка ажыратуу. Сөздөн тыбышты бөлуп алуу иши сабаттуулукка уйрөтүүнүн эн жооптуу жери болуп зсептелет. Бул баскычта айрым тыбышты айтуу, ал тыбыштын тамгасын жазуу, окуу- жазууга балдарды көндүрүү болот. Иштин мындай түрү тыбыштын окулушуна жана жазылышына практика түрүндө үйрөтүү менен ал тыбышты сөздүн муунунан бөлүп алууну жана ал тыбыштан курулган сөздөрду окуунун техникасын үйрөтөт.Сөз ичиндеги тыбышты, ал тыбыштын тамгасын байкап ажырата билсе, муун боюнча окууга уйрөнсө,окуунун келечектеги процессин жеңилдетет.Муундагы тыбыштарды ажыратып,окулушун билсе,жазууну катасыз жазат. Мына ошондуктан создун муунунан тыбышты болуп алууга жөнөкөйдөн татаалга карай деген принцип колдонулат да, бир же эки муундуу сөздөрдөн (көпчулүгү ачык муундуу сөздөрдөн) алып талдатылышы зарыл. Мисалы: ат, апа, ата, бала ж. б. ундүү тыбыштын созулуп айтылышы, анын өзунчө муун жасай алышы тыбышка ажыратууда бала учүн жеңил болот. Айрым тыбышты бөлуп алуу, аны балага билдирүү иши жөнөкөй, оңой гана жол менен тушундүрүлүшү керек. Экинчи сөз менен айтканда, балага тааныш, өзунун чөйрөсунде колдонулуп жургөн сөз менен түшүндүрүүгө тийиш. Мисалы: Столду карандаш менен акырын тык эттирип уруп: Балдар, кандай ун чыкты? Балдар:- Тык, же тук деген үн чыкты,-деп жооп беришет. Ошол эле сыяктуу балага тааныш ун. тыбыштардан да айтып көрсөтүү керек. Мисалы: Баланын а, аа, ааа, аа, а деп ун чыгарышы, койдун маараганы, суунун шылдыраганы, машина же трактордун дүрүлдөгөнү, же күндүн күркүрөгөнү, шамалдын дуулдаганы, ж. б. алып мына ушул айтылгандарды тыбыш дейбиз, деп түшундурүү керек. Алиппеге чейинки мезгилде а, о тыбыштары менен тааныштырылат.

Жазууга көнүктүрүү. Сөздун муунунан тыбышты ажыратууга көнуктуруү менен бирге, жазуу ишине да көнуктурулөт (талдоо-жыйноо жолунун системасы боюнча окуу-жазуу иши бирден жургузулөт). Мында адегенде жазуу куралдары: карандаш, калем сап, калем уч, пенал ж. 6. менен тааныштырылат. Эң мурда, жазуу мезгилинде, партада кандай отуруу керектигин, карандашты кандай кармоонун тартибин тааныштырат. Карандашты уч манжа менен кармашты, учөөнун кандай абалда болушу, көп катуу басып кармабай, бош кармоону уйрөтуу. Көп катуу кармаса үч манжанын талып кетиши эскертилет. Андаи кийин дептер менен тааныштырат. Жазуу дептеринин сызыктары көрсөтулөт жана эсеп дептери менен жазуу дептеринин айырмасы эскертилет. Азыр балдардын көпчулугү 1-класска келгенде окуу, жазуу куралдары менен келет. Кайсы бирөөлөрү тамга, сандар менен таанышкан болот. Ошентсе да болжолдуу көнуктүрүү иштерин жүргүзө берүү керек, Алиппе дептеринин бетиндеги таякчаларды тарттыруу.Кыйгач сызык менен туз кеткен эки жарыш сызыктын кошулган жерине чекиттерди койдуруу,топ-тобу менен кыска таякчаларды жаздыруу.Жогорку сызыктан ,төмөнкү сызыкка жеткирип узун таякчаларды тарттыруу ж.б. ушул сыяктуу жумуштар жургузулөт.

Алиппе мезгилиндеги иштердин уюштурулушу жана жаны сөздөрду окуунун жолдору. Биз алиппеге чейинки мезгилде ундуу, унсуз тыбыштардан эң keminде үч-төрт тыбыш менен тааныштырылат дедик эле. Ошол окуучуларга тааныштырылган тыбыштардан соз тузулөт.Мына ушундан тартып алиппе мезгили деп аталат. Башкача айтканда,алиппеде а,о,т тыбыштарын откондон кийин а-та,ат, от деген

сөздөр пайда боло баштайт, демек алиппе мезгили мына ушул жерден башталат экен.Мындагы эң негизги максат жаңы өтулгөн тыбышты сөзгө катыштырып окууга баланы көнүктүрүү.

Мисалы: кесме тамгадан, же жаны өтулгөн тыбыштарды катыштырып оозеки турдө сөз туздүрүү, алиппеден окутуу ж. 6. ушул сыяктуу иштер жургүзүлөт. Алиппенин ар бир бетиндеги жаны өтулуүчү тыбышка карата сүрөт берилген. Мындагы негизги максат ошол сурөт боюнча суроо-жооп иретинде ангеме жургузуү, ошол ангеменин ичинен бир суйлөмду бөлуп алуу, ошол суйлөмду сөзгө, сөзду муунга бөлдурүп, ошол муундун ичинен каңы тыбышты таптыруу, ал тыбыштын тамгасын көрсөтуу жумуштары жургузүлөт. Андан кийин ошол жаны тыбышты катыштырып, кесме тамгадан набордук полотного сөз туздурүү, аны окутуу, айттыруу иштери болот. Бул жумуштардан кийин алиппеден окутуу иштери башталат. Алиппеде сүрөттун алдына тик таякчалар тартылган, ал таякчанын эки жанына муунга бөлунгөн сөздөр берилген. Ал сөздөр баланын тили так келип ,оңой айтылуучу гана бир-эки муундуу сөздөрдөн болот. Мында ошол жаңы өтүлүп жаткан тыбышты сөздүн башына, ортосуна,аягына коюу ушул сыяктуу кылып ар түрдүү жол менен ал жаңы үйрөнүлүп жаткан тыбыш сөзгө катыштырып окутуу,баланын тилин жатыктыруу,көзүн каныктыруу ж.б. ушул сыяктуу иштер жүргүзүлөт.

Мисалы: б тыбышын балдарга билдируу үчүн алиппеде таякчанын эки жагындагы сөздөр кайсы формада экендигин уңгу катарында берип көрөлү.

| | | |
|---|---|---|
| бар | а-ба | ар-па |
| пар | са-ба | ал-ба |
| бал-та | са-бы | ма-ла |

Мында, биринчиден, б тыбышы менен п тыбышы салыштырылып көрсөтулсө, экинчиден,б тыбышын сөздун ар турдүү муунуна алмаштырып берип , ар түрдуу үн менен б тыбышын байкатуу болот.Андан кийин ошол тамгаларга негизделип текст формасындагы сүйлөмдөр берилет.

Бул айтылгандарды алиппеден окутардан эң мурда мугалим үлгү катарында муун боюнча өзу окуп берет да,андан кийин балдарды так ошол формада окутат.Бирок балдарга окутканда китептин бетин бут бир балага окутпастан,бөлүп-бөлүп бир нече балага окутуу керек.Ал эми ошол окулганына аз да болсо,тушунгөнүн айтып беруу иши сезимдүү окуунун негизин түзөт.Мына ошондуктан окуганын аз-аздан айтып беруугө баланы адат алдыруу зарыл.Мына ушул жол менен кенитилип олтурулат.

Үндүү,үнсүз тыбыштар жана алардын тамгалары менен тааныштыруу.

Окуучуларды сабаттуулукка уйрөтуу процессинде үндуу,унсуз тыбыштар жана алардын тамгалары менен тааныштырылат.Качан окуучулар айрым тыбыштарды үйрөнө баштаганда ошол үйрөтулгөн тыбыштар класска илинип коюлат (үндүү тыбыштын тамгасын кызыл менен ,каткалан унсуздун тамгасын көк менен,жумшак үнсүздүн тамгасын жашыл менен боеп өзүнчө илүү керек).

Мында окуучулар аз да болсо, тыбыштардын айырмачылыктарын сезе баштайт.

Үндуу,үнсүз тыбыштардын айырмасы качан 3-4 үндүү тыбышты (а,о,ы,у) жана 5-6,же андан да көбүрөөк үнсүз тыбыштарды(т,л,м,р,с)өткөндөн кийин көрсөтүлөт.Бул айтылгандарды практикалык турдө иштеп , өздөрунө айттыруу менен гана тааныштырабыз. Мисалы: үндүу тыбыштын эки турдуу алып тушундурууго болот.

1.Үндүү тыбышты айтканда үнду канчалык созсо,ошончо созула берери окуучуларга байкалат.
2. Сөздө канча муун болсо ,ошончо үндүү тыбыштын бар экендиги айтылат.Булар окуучуларга иш жузундө көрсөтүлөт.

Ошону менен бирге окуучуларды унсуз тыбыштар менен да тааныштырат. Мында унсуз тыбыштар ундуу тыбыштардын жардамы менен гана оной айтыла тургандыгы жана үндүүлөрдун жардамы менен гана муундун тузулушу, унсуздөр өз алдынча муун тузө албай тургандыгы байкалат.Бирок ошондой болсо да,үнсүздөр деген терминди кийинчерээк айтууга болот.Бул айтылган  тыбыштардан башка е,я,ю тамгалары алиппенин эн кийинки баскычында уйрөтүлөт. Тыбыштардын мындай жайланышы окуучулардын жеңил жана тереӊ өздөштүрүшүнө алып келет.

Сөздү окууга үйрөтүү. Окууга, жазууга уйрөтүү иши бирдей жүргүзүлөт. Бала жаңыдан үйрөнгөн тыбышка мурдагы үйрөнгөн тыбышты кошуп, сөздү, сүйлөмдү муун боюнча окууга үйрөтүлсө, ошондой эле жазууга үйрөтүлөт. Ал эми  сөздү окуганда бирден тамганын атын айтып эжелеп окубастан, муун боюнча гана окуп көнүгүү керек.Мындай окуу тамганы таштабай,же бир тамганы экинчи тамга менен алмаштырбай окууга көндүрөт.Бул туура окуунун алгачкы негизин тузөт.Ал эми окуганы жөнүндө аз да болсо,айтып беруу иши сезимдуу окууга багыт ачат.Мына ошондуктан баланы биринчи эле окууга уйрөтө баштаганда окуунун мындай түрүн эстен чыгарбай,экөөнү бир алып кетүү керек.

Окуунун техникасын үйрөтүү,туура илимге ээ кылуу учун ар түрдүү нерселерди колдонуу зарыл. Маселен, кесме тамгаларды туура пайдаланып,аны иштете билүү.Ошондой эле жаңы өтүүлүүчү тыбышка ылайыктуу, балдардын тилине так айтылуучу сөздөрдөн таап окутуу ж.б. көңулгө алуу керек.

Кесме тамга менен иштөө. Кесме тамгадан сөз түздүрүп окутуу иши сабаттуулукка уйрөтуунүн эң алгачкы кадамы болот. Тамга кассасындагы кесме тамгадан нabордук полотного сөз туздүрүп окутуу, ал сөзду талдатуу, андан жаны уйрөтулгөн тыбышты бөлдуруү-бул алиппе мезгилиндеги эң орчундуу иштин бири болуп эсептелет. Кыскасын айтканда, тамга кассасы жана набордук полотносу жок алиппени окутууга мумкун эмес. Тамга кассасын дагы кесме тамгадан иштетуү жумуштары баланы туура окууга көндурүүнүн жолу болот. Ал эми кесме тамгалар аркылуу кандай жумуштар иштелет? деген суроого төмөнкүлөрдү көрсөтуугө туура келет. Качан окуучуларга жаңы тыбышты жана анын тамгасын тааныштыргандан кийин, бала ошол тамганы мурдагы өтүлгөн тамгага кошуп сөзду окуй да, жаза да алат. Ошол жаны өтүлгөн тыбыштын тамгасын балага билдируу, өздөштуртуү, ал тамганы катыштырып сөз түздүрүү үчүн кесме тамганын ролу чон —

Эгерде м тыбышын окуучуларга уйрөтсөк: м тыбышын кошуп сөз туздурөбуз да, ошол сөзгө талдоо жасатабыз. Мисалы: «Ал-ма» деген сезду алып көрөлу Мугалим: Ал деген муундун биринчи тыбышы кайсы?

- Ал деген муундун биринчи тыбышы — а.
- Экинчи тыбышы кайсы?
- Экинчи тыбышы-л.
- Демек. бириничи, экинчи муунунда кандай тыбыштар бар экен?
- Ал деген муунда-а, л тыбыштары бар экен.
- Ошол тыбыштын тамгалары кайсы эле?
- Ошол тыбыштын тамгалары а, л болчу,-деп окуучулар өздөрүнун набордук полотносуна коюшат. Андан кийин ошол ал деген муунду окуучулар жалпы хор менен айтышат (ал, ал). Ал-ма деген сөзду да ушул тартипте иштөөгө болот. Мугалимдин таптыруусу боюнча окуучулар эң мурда муун, андан кийин бут сөзду окушат. Ошол жаны уйрөтулгөн тыбышты жакшы ездөштуртүү баланын тилин

жатыктыруу учүн, ошол тыбышты катыштырып кесме тамгадан ар түрдүү формада муунду туздүрүп окутуу керек. Мисалга жаны уйрөтулгөн м тыбышын алып көрөлу-ма, мы, мо, му, ым, ум, ом. Ошол жаны өтулгөн тыбышты окуучуларга дагы жакшы билдируу үчүн ал тыбышты сөздун башына (мал), ортосуна ал-ма), аягына (там) келтирип окутуу иши жүргузүлөт.

Сөздөгу бир тамганын ордун алмаштырса, же ошол тамганын ордуна башка бир тамга келип түшсе, сөздүн мааниси өзгөрөрун да иш жузундө көрсөтүүгө болот. Мисалы: мал-мол, там-таш ж.б.

Мына ушул сыяктуу кесме тамга менен иштетуу жумуштарын жургүзүү керек. Кыскасын айтканда, кесме тамганы жакшы иштетпей, баланын сабатсыздыгын жоюуга мүмкун эмес. Ошондуктан жогорку айтылгандарды толук колдонуу, дагы ар турдүү жол менен иштетүү иши дайыма талап кылынат. Мына ошондуктан тамга кассасы, андагы кесме тамгалар ар бир окуучуда болушу зарыл. Аны жасоо (уюштуруу) иши жалгыз гана мугалимге тиешелуу болот. Ал төмөндөгүчө: алиппеде кесме муундар, кесме тамгалар бар. Мугалим окуучуларга жана ар бир окуучунун ата-энелерине айтып, чупурөктөн тамга кассасын жасатуу керек. Ал тамга кассасына кыргыздын 36 тамгасына ылайык 36 чөнтөкчө жасап, анын сыртына алфавит тартиби боюнча жазып коёт. Мына ушул кассага алиппедеги кесме муун, тамгаларды кестирип салдырат. Ошол кесилген тамгадан набордук полотного сөз туздуруү жумуштары узгултуксуз жургузулөт:

Балдардын тамга кассасы

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| А | Б | В | Г | Д | Е |
| Е | Ж | З | И | Й | К |
| Л | М | Н | Ң | О | Ө |
| П | Р | С | Т | У | Ү |
| Ф | Х | Ц | Ч | Ш | Щ |
| Ъ | Ы | Ь | Э | Ю | Я |

Набордук полотно

| | | |
|---|---|---|
| Ат | | от |
| а | ---- | та |

Мындан башка мугалимдин өзундө да тамга кассасы классттык кесме тамгалар жана доскада набордук полотно болот.

3. Алиппе мезгили. 1. А тамгасынын жазма түрү менен окуучуларды тааныштыруу. 2. А тамгасынын элементин жаздыруу. 3. А тамгасынын өзүн жазуу.

Сабактын жүрушү.

1.Мугалим а тамгасынын элементин жазат жана эки элементтен тургандыгын түшундурүп айтат. Жарым овалдан (жарым тегерек) сол жана төмөн жагына он жакка ийилген кыска таякчадан турат.

2. Мугалим жана балдар жарым овалды абага жазышат (мугалимди ээрчип балдар жазышат). Андан кийин мугалимдин уруксаты боюнча балдар дептердин жарым жолуна чейин жазышат. Андан кийин дагы мугалимдин көрсөтүүсу боюнча, дептердин кийинки калган жарым сабынын төмөн жагынан сол жакка ийилген кыска таякчаны жазышат: ии

3. Мугалим а тыбышынын тамгасын абага жазып көрсөтөт. Балдар байкап, карап турат. Андан кийин мугалимди ээрчип бардыгы абага жазышат. 4. Мугалимдин айтуусу боюнча а тыбышынын уч тамгасын жазышат.

5. Мугалим бардыгын аралап көруп чыгат. Доскага дагы бир жолу жазат, балдар болсо, мугалимдин колунун кыймылын ээрчип карап турушат. 6. Андан кийин окуучулар дагы уч жолу а тамгасын дептерине жазышат.

7. Мугалим партаны аралап чыккандан кийин, ошол саптын аягына чейин а тамгасын жазууга уруксат берет, окуучулар жазып чыгышат. Жазуу сабагында мугалим дайыма балдардын отурушуна жана жазууга керектелуүчу буюмдардын туура колдонулушуна көз салат, зскертуу дайыма болот.

Үйгө тапшырма: алиппе дептеринин бетиндеги кол жазма турундөгу а тамгасын элементи менен жазып келуу.

Алиппеге чейинки мезгилде бир нече тыбыш жана анын тамгасы менен таныштырылат деп мурда айтылды эле. Ошол тааныштырылган тыбыштардан сөз пайда боло баштаган учуру алиппе мезгили деп аталат. Бул алиппе мезгилинин биринчи башталышы сабаттуулукка үйрөтүүнун эң негизга учуру болуп эсептелет. Биз алиппеге чейинки мезгилде а, о тыбыштарын билгенбиз.

Ошол тыбышка т тыбышын кошуп, биринчи зле ат, ата деген сөз уйрөтулөт. Ушул алиппе мезгилинде өткөзүлө турган биринчи сабакты мугалим өтө жоопкерчилик менен карап, ал сабакты ийне-жибине чейин ойлонуу керек. Мына ошондуктан, эң биринчи эле сабактын жабдылышында төмөндөгүлөр талап коюлат. Кесме тамга, набордук полотно, указка, алиппе, боёлгон борлор ж. б. болуу керек. Ошондой эле мугалим окуучуларды төмөнкулөргө адат алдыруу зарыл.

1. Мугалимден уруксатсыз эч нерсени албоого же китептии бетин ачпоого, сүйлөшпөөгө, дайыма туз отурууга, колу-бутун туура коюуга баланы адат алдырат. 2. Мугалим ангеме өткөрүп жана суйлөмгө, сөзгө талдоо жургүзуп жаткан учурда, аны көңүл коюп угуп, мугалимди карап, анын кыймыл-аракетин байкап отуруу жактарына окуучуларды көндурөт.

3. Набордук полотнодон, же китептен окуп жаткан учурда, ошол окуп жаткан баланын, же мугалимдин унүн угуп, өздөрунүн китебин ж. б. карап, ээрчип, ичтеринен окуп отурууга баланы адат алдырууга зарыл.

4. Муталим айткан учурда бардык окуучу партаны калдыратпай, бир мезгилде алиппесин, же тамга кассасын, же набордук полотносун бирдей жаап, бирдей жыйнагандай болсун. 5. Бардык окуучу өздөрунун тамга кассасынан кесме тамганы алып, набордук полотного сөз түзуп, аны муун боюнча окууга көнуксун ж б.

**Практикалык саат № 5 (2 саат)**

**Тема: Жазууга жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасы**

**Талкуулануучу суроолор:**

1. Жазууга үйрөтүүнүн мааниси
2. Жазууга үйрөтүүнүн методдору.

- сызыктуу метод.
- генетикалык метод.
- тактикалык метод.
- копиясын (нускасын) түшүрүү методу.

2.Жазууга даярдоого карата көнүгүүлөр.
3.Таза жазуу сабактарында тамгаларды, анын элементтерин сөздү жазууга үйрөтүү.
4.Окуучунун дептерине коюлуучу талаптар.
5.Жазуу ылдамдыгын калыптандыруу.

**Жазууга жана таза жазууга үйрөтүүнүн мааниси**.

Окуучуларды каллиграфиялык туура жазууга адат алдыруунун педагогикалык жана коомдук зор мааниси бар. Башталгыч мектептин окуучуларын туура, сулуу жазууга, каллиграфиялык стиль, боюнча жазуунун көндүмдөргө чымырканып иштөөнү жана дайыма көнүгүүлөрдү жүргүзүп турууну талап кылат.

Бирок бул көндүмдөр конүктүрүүдөгү, балдарды көңүл коюуга жана аларды тыкандуулукка үйрөтүүдөгү кыйынчылыктардын бардыгы жазуу ишине чоң маани берүүнүн аркасында гана жоюлууга тийиш.

Мектеп практикасында жакшы жазылган жазуу балдардын сабаттуулугуна да таасирин тийгизе тургандыгы бизге белгилүү. Ошондой эле жакшы жазылган жазууну окуу да жеңил болот, ошону менен бирге коомдук турмуштун бардык тармагындагы адамдардын жазуу жүзүндө кеңири байланышына жакшы өбөлгө түзөт.

Жакшы жазган окуучу жазуу иштерин аткарган убакта кызыгып, ынтасын коюп жазат, ошондуктан ал катаны да аз жиберет. Булганыч жана начар жазган окуучу, тескерисинче, жазууга көңүл коштук менен мамиле кылып, катаны көбүрөөк жиберет. Мугалим жазуу иштерин таза жана так аткарууга үйрөтүү менен бирге окуучуларды өзүлөрүнүн эмгегин баалай билүүгө, аткарып жаткан тапшырмага жоопкерчилик менен мамиле кылууга, тазалыкты сактоого жана тартиптүүлүккө тарбиялайт. Мына ошондуктан, мугалим окуучуларды дайыма таза, даана жана тез жазууга үйрөтүүгө тийиш, анткени ар бир окуучунун окуудагы ийгилиги белгилүү бир денгээлде анын таза, даана жана туура жаза билишине байланыштуу болот.

Таза жазуунун зор мааниси бар экендигине орустун атактуу педагогу К.Д. Ушинский көп көңүл бурган. Ал, орфографиянын алгачкы ыктарына үйрөтүүдө мугалимге зор роль таандык экендигин керсеткен. Ушул эле ойду советтик педагогдор да андан ары өнүктүрүп, методист С. П. Редозубов мындай деп жазат: «Таза жазуу жана таза дептер учун курөшуү менен, биз, чындыгында, окуучулардын сабаттуулугу учүн күрөшөбүз».

Окуучуну туура жазууга уйрөтүү жана адаттандыруу иши жазуу жумуштарынын алгачкы учурунан тартып эле башталат. Ошондуктан, үйрөтүүнүн бул учуру айрыкча 1 жана 2 класстын окуучуларынын жазуусуна мугалимдин өзгөче көңүл буруусун талап кылат. Баланын омурткасынын кыйшайып кетиши жана көзүнүн алыстагыны көрбөй калышы (близорукость) көбунчө ушул кезинде пайда болот. Буга китеп окууда, жазуу ишин аткарууда партада туура отуруунун тийиштүү эрежесин баланын сактабай коюшу себеп болушу мумкун. Мындай кемчиликтерди болтурбас учүн, кенже класстардын балдарына окуу, жазуу учурунда отуруунун улгусүн көрсөтүп, аны аткарууга

дайыма контролдук кылуу, аларды эрежени сактоого өнөкөт алдыру. Мугалимдин окуучунун ден соолугу жөнүндө кам көргөндүгү болуп эсептелет.

Жазуу сабактары программанын негизинде жана анын талабына ылайык, атайын айрым сабак иретинде жүргүзүлөт. Таза жазуу сабактары окуу планында көрсөтүлгөн кыргыз тилинин эсебинен 2—3 класстарда жумасына бир сааттан өткөрүлөт. Таза жазуу сабагы I класста окуу жылынын биринчи жарымында сабаттуулукка уйрөтүү жумуштары менен бирдикте жүргузүлөт, ал эми окуу жылынын экинчи жарымында жумасына бир жолу атайын өзүнчө сабак болуп айрым өтүлөт.

Жазууга жана таза жазууга үйрөтүүнүн милдети - окуунун бардык жылдарында тең бир катар уюштуруу иштерин аткарууну талап кылат. Бул милдет төмөнкү жазуу куралдары менен жазуу процессиндеги гигиенанын сакталышына тиешелүү.

**Жазууга үйрөтүүнүн методдору**

Жаныдан жазууга үйрөнүүчүлөрдүн жазуу процессиндеги психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, ошондой эле дидактиканын негизги жоболоруна ылайык балдарды жазууга үйрөтүүнүн методикасына тиешелүү белгилүү талаптар келип чыгат.

Мындай белгилүү талаптардын бири- жазууга үйрөтүүнүн системалуулугу жана жөнөкөйдөн татаалга өтүүнүн ырааттуулугу болуп саналат. Ушуга ылайык таза жазуунун программасынын көрсөтүүсү боюнча тамгаларды жазууну үйрөнүү, алфавит тартиби боюнча эмес, тамгалардын жазылыш кыйындыгынын даражасы боюнча белгилүү ireттүүлүк менен өтүлүшүн талап кылат. Алиппе мезгилиндеги сабаттуулукка үйрөтүүчү окуу сабактарында адегенде тыбыш жана тамга менен тааныштырылат. Андан кийин жазуу сабагында ушул өтүлгөн тамганын жазылышын үйрөнүшөт.

Жазууга үйрөнүү убагында бала ар түрдүү көп эрежелерди билүүгө тийиш болгондуктан, балдарды жазуунун татаал процесстерин үйрөнүүгө даярдай турган көнүгүүлөрдү системалуу түрдө жүргүзүп, машыктыруунун мааниси зор. Ошондуктан, мындай даярдык көнүгүүлөргө олуттуу көңүл бурууну К. Д.Ушинский туруктуулук менен сунуш кылгандыгы кокусунан эмес. К. Д. Ушинскийдин түшүнүгү боюнча, бул алдын ала жүргүзүлүүчү даярдык көнүгүүлөр тамгалардын, эң жөнөкөй элементтерин жаза билүүнүн алгачкы ыктарын балдарга үйрөтөт. муну менен бирге мугалимдер балдарды жазуунун гигиеналык жана техникалык эрежелерин сактоого үйрөтүүнү да дайыма көңүлгө тутуулары зарыл. Бул жөнүндө ушинский мындай деп жазган: «Мына бул даярдык көнүгүүлөрдүн учурунда жазуунун гигиеналык жана техникалык эрежелерин сактоого адат алдыруу баланын ден соолугу үчүн жана окуунун жүрүшү үчүн чоң мааниси бар. Ал адаттар биринчи жөнөкөй көнүгүүлөрдүн учурунда жеңил өздөштүрүлөт».

Улуу орус педатогунун көрсөтмөлөрү балдарды жазууга үйрөтүп жаткан советтик мугалимдер үчүн да чон мааниси бар. Мына ошондуктан, мектепте жазууга үйрөтүү системасында даярдоо көнүгүүлөр өзүнүн закондуу ордун ээлөөгө тийиш.

Балдардын кол жазмасын каллиграфиянын талаптарына жооп бере алгыдай кылып жазууга жетишүүдө мугалимдин өзүнүн жазуусунун каллиграфиялык көрүнүштө болушу, балдардын үйрөнүшүнө чоң таасир көрсөтөт. Мына ошондуктан, мугалим балдар үчүн үлгү боло турган денгээлде жазууга жетишүү керек.

Балдар жазууга үйрөтүүчү көнүгүүлөрдү мугалимдин жазып берген үлгүсү боюнча анын маанисин, техникасын түшүнбөстөн механикалык түрдө көчүрүү менен чектелбөөгө тийиш. Тамгаларды сулуу жазууга балдарды үйрөтүүчү көнүгүүлөр, машыгуулар системалуу түрдө жүргүзүлүшү сөзсүз керек. Бирок алардын маанисин окуучулар түшүнүп жана аны сезимдүү мамиледе аткарууга мугалимдин жетишүүсү зарыл. Башкача айтканда, мейли тамганы жазганда болсун, мейли сөздү жазганда болсун, мугалим анын үлгүсүн

гана көрсөтүп коюу менен чектелбестен, тигил же бул тамганы, же сөздү кандай жазуу керектиги жөнүндө толук түшүнүк берип, практикада көбүрөөк кездешүүчү каталарды эскертет.

Башталгыч класстарда окуучуларды таза жазууга үйрөтүүнүн милдети, баарынан мурда, аны үйрөтүүнүн методикасын билүүнү талап кылат. Мунсуз жана аны жакшы билбей туруп, окуучуларга таза жазууну коюлган талаптын денгээлинде үйрөтүү кыйын болот. Таза жазуунун методикасы тарабынан көрсөтүлгөн жазууга үйрөтүүнүн бир нече методдоруна кыскача обзор беребиз. Алардын ичинен көбүрөөк белгилүүлөрү төмөнкүлөр:

**Сызыктуу метод.** Сызык боюнча жазууга үйрөтүү сызыктуу метод аталат. Окуучуларга кандайдыр бир тамганын жазылышын үйрөтүү үчүн, менен ал тамганын канча элементтен турганың, ал элементтердин бири-бирине кандайча уланып кошула тургандыгын жана алардын өлчөмүн билүү талап кылынат.

Бул талаптарды камсыз кылуу үчүн, дептердин барактары горизонталдык (жанаша жарыш) жана кыйгачынан тик сызылган тор сызыктар менен сызылат. Окуучулар мындай жыш тор сызыктардын ичине тамгалардын узундугун (бийиктигин), жазылыгын жана аралыгын ошол сызыктардын өлчөмүндө жазууга үйрөнүшөт. Мындай жыш тор сызыктар боюнча тамгалардын формаларын туура жана сулуу жазууну окуучулар жеңил өздөштүрүшөт жана бул сызыктар ар бир тамганын жазылыш элементтерин, алардын формасын түшүндүрүп, үйрөтүү үчүн мугалимге көп жеңилдик берет. Ошондуктан, сызыктуу метод жазууга үйрөтүүнүн эң негизгиси болуп эсептелет.

Мына ушуну колдонуунун негизинде, мугалим окуу жылынын биринчи күнүнөн тартып эле жазууну сызык боюнча жазууга окуучуларды көнүктүрө баштайт.

Кыйгач жыш тор сызыктар боюнча жазууга үйрөтүүнүн бир топ ыңгайлуу жактары менен бирге, анын бир катар кемчиликтери да бар. Алар төмөнкүлөр:

а) Жыш тор сызыктарга жазган убакта бала көп тоскоолдуктарга учурайт: тамгаларды клеткага сыйлыгыштыруу, бир жагынан тамганын формасын туура берүү үчүн колдун кыймылына көз салуу, экинчи жагынан жазып жаткан убакта тамганын сызыктан чыгып кетишине жол бербөө.

б) Клетка боюнча балдар тез жазууга машыга алышпайт, жана машыгууга да мүмкүн эмес. Ошондуктан, окуучулар тамганын элементтеринин негизги пропорцияларын өздөштүргөндөн кийин, II класстын окуучулары андан ары жыш тор клеткага жазышпастан, окуу жылынын экинчи жарымынан баштап сейрек кездеше турган кыйгач сызыгы бар эки сызыктуу дептерге жазууга өтүшөт.

**Генетикалык метод.** Генетикалык метод таза жазууга үйрөтүүнүн негизги методу болуп эсептелет. Бул метод боюнча таза жазууга үйрөтүү процесси тийиштүү иреттүүлүктү сактоо менен жеңилден оорго өтүү принципте жүргүзүлөт. Ошон үчүн, окуучулар тамгаларды жана анын элементтерин жазууну алфавиттин тартиби боюнча таанышпастан, тамгалардын жазылышынын генетикалык түзүлүшүндөгү кыйынчылыктары боюнча таанышышат. Башкача айтканда, окуучулар алды менен түзүлүшү өтө жөнөкөй жана жазылышы жеңил, андан кийин андан татаалыраак жана эң
акырында жазылышы кыйын тамгаларды жазууну үйрөнүшөт. Ушундай ырааттуулуктун

натыйжасында окуучулар бир-эки элементти үйрөнгөндөн кийин, дароо эле формасы жагынан өтө жөнөкөй тамганы жазууга өтүшет. Мындан кийин улам жаңы элементтин кошулушу менен, формасы жагынан татаалыраак болгон жаңы тамгаларды жазууну үйрөнүшөт.

Эгерде кандайдыр бир элементти же тамганын жазылышын окуучулар туура келтире алышпаса, анда ошол элементти же тамганы үйрөтүүгө токтоп, ага карата көнүгүүлөрдү жүргүзүп, анын жазылышын өздөштүргөндөн кийин гана сөздү жазууга өтүү зарыл.

Сөздү жазууда да адегенде эң жөнөкөй, андан кийин татаалыраак элементтен турган сөздөрдү жаздыруу талап кылынат.

**Тактикалык метод.** Бул метод тамганы такт (саноо) боюнча жазууга үйрөтөт. Таза жазууга үйрөтүүчү көнүгүүлөрдү такт аркылуу жүргүзүү пайдалуу жана ишти жеңилдетет. Такт боюнча окуучулар элементтерди, тамгаларды жана сөздү мугалимдин бир, эки, үч деген саноо астында жазышат. Ушундай саноо менен жаздыруу колду кыймылга шамдагай келтирип, салмак менен таза жана тез жазышка үйрөтөт. Ошону менен бирте класстагы бардык окуучулар бир убакта жана бирдей жазууга жетишет. Натыйжада класстагы тартиптүүлүк толук сакталат, жазууну баары бир убакта бүтөт, класста иш жандуу жана көңүлдүү өтөт.

Калем сапты басыңкы жазышты талап кыла турган тамгалардын жооноюп жазылуучу бөлүгү такт менен жазылат. Такт боюнча саноону адегенде мугалимдин өзү жүргүзөт. Андан кийин окуучулардын өздөрү такт боюнча санап жазууну үйрөнүшөт. Тамганын элементтерин жана тамганын формасын (сөлөкөтүн) жазууну үйрөнгөндөн кийин аны тартынбай жана шамдагай жазышка үйрөтүү үчүн да такт колдонулат.

I класста окуу жылынын башында жазуу жумуштарынын ар бир көнүгүүсү жай аткарылат, башкача айтканда, бир минутада 4-5 тамганы гана жазышкан болот. Ушинтип акырындык менен тез жазуунун процессин үйрөнүүнүн натыйжасында окуучулар окуу жылынын аягында бир минутада, 10-12 тамганы жазууга үлгүрүшөт.

II класста окуу жылынын башында бир минутада 15-20, тамга жазышса, ал эми окуу жылынын аягында 30 тамгага чейин тез жазууга жетишет.

III жана IV класстарда тез жазуунун темпи улам өсүп отурат да, минутасына 50 60 тамганы жазууга жетишет.

Тамганы жана сөздү такт менен жазып үйрөнүү өзгөчө маанилүү. Эгерде жазууга үйрөтүү иши такт (саноо) менен өтүлбөсө, анда окуучулар тамгалардын бирин мурун, бирин кийин, бирин шашылып жана туура жаза албай калышы мүмкүн. Ошондуктан такт менен жаздырууда буга окшогон кемчиликтер четтетилип, окуучулар сулуу жана тез жазышты ыраатуулук менен тийиштүү темпте үйрөнүшөт.

**Копировкалоо методу.** Бул метод Октябрь революциясына чейинки мектептерде колдонулуп келинген. Мугалим окуучулардын дептерлерине белгилүү тартипте тамганы жана сөздү карандаш же чекиттер менен белгилеп жазып берчү. Окуучулар ошол жазуунун үстүнөн бастырып, сыя менен жазышкан. Жазууну мындай кылып окутуу мугалимдин көп убактысын алган. Ошол себептүү кийинчерээк класста жаздыруу үчүн тамганын элементтерин, тамганы жана сөздөрдү билинер-билинбес боёк менен баскан атайын дептерлер чыгарылган. Окуучулар ошол жазуу боюнча жазышкан.

Бул метод боюнча балдарды массалык түрдө жазууга үйрөтүүнү камсыз кыла албай турган практика катарында советтик мектеп четке каккан. Мында, биринчиден, даяр үлгү боюнча басып жазууга көнүп алышып, тамганы өзүнчө жазууну өтө жай өздөштүрүшкөн, экинчиден, окуучунун жазуусу ншенимсиз, эссиз жазылып келген. Ошондуктан, бул метод боюнча окуучулар туруктуу жазууга ээ боло алышкан эмес.

Ошондой болсо да, копиясын түшүрүү методу азыркы мектептерде айрым учурларда колдонулушу мүмкүн. Кээ бир окуучулар кандайдыр бир тамганы жана анын кошулушун туура келтирип жаза алышпайт. Ушул убакта мугалим окуучунун дептерине тамганы жана

сөздү карандаш менен жазып коёт. Окуучу басымды туура пайдаланып, жазуунун үстүнөн калем учу менен жазуу керек. Бул болсо, белгилүү бир өлчөмдө тамганы жазып жаткан учурда колдун кыймылын туура жүргүзүүгө окуучуга жардам берет.

**2.Жазууга даярдоого карата көнүгүүлөр.**

1 класста жазууга үйрөтүүлөн мурда колго, колдун манжаларына толкундуу эркин кыймыл бере турган жана көз өлчөмүн болжолдоого көнүктүрүүчү бир катар даярдык көнүгүүлөр жүргүзүлүүгө тийиш.

Программада төмөндөгү көнүгүү жумуштарын жүргүзүүнү сунуш кылат: дуга сыяктуу жанаша жарыш сызыктардын солдон оңго жана ошол эле сызыктын бирин солду, экинчисин оңду көздөй кезектештирип сызуу, бармак, сөөмөй жана ортонду жуумп жана ачып, кыймылга келтирүү, ичке кыйгач сызыктарды басымсыз, андан кийин басым менен жазуу, овалдарды да оңдон солду жана солдон онду карай, адегенде басымсыз андан кийин басым түшүрүп жазуу.

Алиппеге чейинки мезгилде жазууга даярдоочу көнүгүүлөргө геометриялык фигуралардын, жемиштердин, жашылчалардын, оюнчуктардын сүрөттөрүн картон трафарет аркылуу үлгүсүн сызып, кагазга түшүрүү жана аларды боёо иштери да жатат, Ошону менен бирге, дептердин тор сызыктары боюнча, ийрекчелер, дугалар жана спиралдарды сызуулар жүргүзүлөт.

Алиппеге чейинки мезгилдеги даярдык көнүгүүлөрдүн ичине кичине тамгалардын жөнөкөй элементтерин жаздыруу да кирет. Буга төмөнкү элементтер кирет: тик түшкөн түз таякча, төмөн жагынан жогору карай имерилген таякча, жогору жагынан төмөн карай имерилген таякча, жогору жана төмөн жагынан тең имерилген таякча, кыл сызыктар аркылуу кошулуучу түз таякча, овал, узун түз таякча, төмөн жагы илмектешкен узун таякча.

II класста жалын жана толкун сыяктуу сызыктарды жазууга машыктыруулар жүргүзүлөт.

Ушул көнүгүүлөрдүн бардыгы тен колдун, колдун манжаларынын, чыканактын кыймылдарын өстүрүүнү, көз өлчөмүн аныктоону камсыз кылат.

**Алиппе мезгилинде жазууга үйрөтүү**

Ар бир жаңы тамганы өтүүдө адегенде анын тыбышы жана басма тамгасы менен тааныштырылат. Андан кийин гана тамганын кол жазмасынын жазылышы үйрөтүлөт.

Мугалим атайын карточкага, же доскага жазып коюлган тамганын жазма түрүн көрсөтөт. Окуучулар тамганын бүтүндөй көрүнүшүн өздөштүрүшкөндөн кнйнн, анын түзүлүшүн үйрөнүүгө өтүшөт. Мугалим тамганын бөлүктөрүн бөлөк-бөлөк ажыратып, андагы ар бир элементтин кандайча жазылышына түшүнүк берип, андан кийин ал элементтерди кайра бириктирип, тамганы доскага жазып көрсөтөт. Мугалим ушул эле түшүнүгүн дагы бир жолу кайталайт.

Окуучулардын ичинен бирөөнү доскага чыгарып, ага тамганы жаздыртып, аны кантнп жазуу керек экендигин сүйлөттүрөт.

Тамганы жана анын элементтерин жазуудан мурда көп мугалимдер аны абада жаздырып көрүшөт, анткени окуучулар тамганын жана анын элементтеринин формасын жалан гана көз менен көрбөстөн, колдун кыймылдары аркылуу да кабыл алууларына үйрөнүшөт.

Мындан кийин гана балдар тамганын элементтерин жана тамганы дептерлерине жазууга киришет. Жазуунун үлгүсү мугалим тарабынан доскага жана окуучулардын дептерлерине мурда эле жазып коюлган болот. Балдар тамганы жана анын элементтерин жазган

учурда, колдун кыймылынын ырааттуулугун жакшылап байкап калышы үчүн, дептердеги көрсөтүлгөн үлгүнүн үстүнөн кургак калем учу менен женил гана эки-үч жолу жазып чыгышса да болот.

Адегенде тамганын мурда өтүлгөн элементтери жаздырылып, андан кийин ошонун негизинде бүтүндөй тамганы жазууну үйрөнүшөт. Эми тамганы жакшы жазыш үчүн, анын бөлүктөрүн (элементтерин) жаза билишти үйрөнүүнүн зарылдыгы балдарга түшүндүрүлөт. Тамганы жазууда анын элементтеринин туура кошулуп жазылышына айрыкча көңүл бурулуш керек.

Жаңы тамганы, ошону менен катар жаңы элементти жазуу, албетте, балдар үчүн оордук келтирет, ошондуктан, мугалим балдарга тамганы (же элементти) эки-үч жолу гана жазууну сунуш кылат да, андан кийин классты кыдырып, каталарын көрсөтүп, аны оңдоо менен, тамганын үлгүсүн жазып көрсөтөт. Эгерде катаны бир топ бала кетирсе, мугалим түшүнүктү кайра кайталап, балдар тарабынан жиберилген каталарды көрсөтүп, тамганы кандай кылып жазууну түшүндүрөт. Мындан кийин балдар жаны тамганы эки-үч сапка жазып чыгышат.

Жаны тамга менен сөздөр жаздыруу окуучулардын алдына жаны милдеттерди коёт: жаны тамганы башка тамгалар менен туура кошуп жазууну өздөштүрүү. Бардык эле тамгалардып бир-бирине кошулуп жазылышы бирдей боло бербейт. Мисалга алсак, е тамгасы мен, сел, терезе, коёт, совет деген сөздөрдө өзүнүн жанындагы (коңшу) тамга менен ар түркүн болуп кошулат.

Тамганын башка тамгалар менен мындай ар түркүн типте кошулуп жазылышы окуучулар тарабынан акырындык менен өздөштүрүлөт.

Тамганы туура кошуп жазуудан башка да алиппе мезгилинде сөздү, ошону менен бирге сүйлөмдү жазуу учурунда балдар үчүн бир топ кыйынчылыктардын болушу мүмкүн. Окуучулар мугалим тарабынан жазылып көрсөтүлгөн сөздүн үлгүсүн механикалык түрдө көчүрүп албастан, аны сезимдүүлүк менен жаза билүүлөрү тийиш. Ал үчүн окуучу, биринчиден, жазып жаткан сөздүн маанисин, экинчиден, анын тыбыштык жана тамгалык составын түшүнүшү зарыл.

Ошондуктан доскадагы, алиппедеги же дептердеги үлгү катарында берилген сөздөр адегенде окулуп, анын мааниси такталат, андан кийин ал сөз муунга бөлүнүп, ар бир муундун тыбыштык жана тамгалык составы түшүндүрүлөт. Мындай сөздүн составы боюнча алдын ала жүргүзүлгөн талдоо жумушу балдарды катасыз жазууга жана өзүнө- өзү көзөмөлдүк кылууга жатыктырат.

Алиппе мезгилинде сөздөрдү жаздырууда балдар төмөндөгүдөй каталарды жиберүүлөрү мүмкүн: тамганы таштап кетүү, ашык жазып коюу, же ордун которуштуруп коюу, сөздү аягына чейин жеткире жазбоо, бир тамганы экинчи бир тамга менен алмаштырып коюу ж. б. Мындай каталардын жиберилиши, албетте, сөздү талдоону, башкача айтканда, сөздү муунга, муунду тыбышка ажыратууну начар билгендиктин натыйжасынан келип чыгат. Мындан башка да бала бир убакыттын ичинде бир нече милдетти аткарууга көнүгө электигинен да болот. Жазып жаткан окуучунун баланын көңүлү сөздүн составын талдоодон башка да, тамгалардын формасынын жана алардын кошулуп жазылышынын, дененин абалынын, колдун, дептердин, калем сапты кармоонун тууралыгына да бөлүнөт. Мына ушунун негизинде бир мезгилде мындай көп түрлүү милдеттерди аткаруунун натыйжасында катанын жиберилиши да ыктымал. Ошондуктан сөздүн составы боюнча алдын ала жүргүзүлгөн талдоолор өтө керектүү жана маанилүү иш болуп саналат. Мындай талдоонун артыкчылыгы балдар диктант, ошондой эле уккандарын жазган учурда ката жибербөөнү эскертет. Көп мугалимдер балдар тарабынан сөздүн составынын жакшы өздөштүрүлүшүн камсыз кылуу үчүн, алдын ала кесме тамгалардан сөз куратат. Бул болсо, сөздүн кол жазмасынын жазылышын да жеңилдетет.

### 3.Таза жазуу сабактарында тамгаларды, анын элементтерин жана сөздү жазууга үйрөтүү.

Таза жазуу сабактары I класста окуу жылынын экинчи жарымынан баштап, ал эми 2 - 4 класстарда бүт жыл бою системалуу түрдө өткөрүлөт.

Тамгаларды жазууга үйрөтүү генетикалык тартипте жүргүзүлөт. Бардык тамгалар татаалдыгынын баскычы жана алардын формасынын мүнөзү боюнча топторго бөлүнөт. Программа боюнча кичине тамгалардын беш тобу жана баш тамгалардында беш тобу белгиленген.

**Кичине тамгалардын биринчи тобу.** Бул топко түз таякчалардан жана таякчанын учу жогору жагынан төмөн карай, төмөн жагынан жогору карай, жогору жана томөн жагынан имерилген илмекче таякчалардан турган тамгалар кирет: и, ш, т, г, п, р. у, ү.

**Экинчи тобу.** Буга ушул эле майда таякчаларга чекит жана түйүнчөлөр кошумчалана турган тамгалар кирет: л, м, й, ц, щ, и, ң, ь, ы.

**Үчүнчү тобу.** Овалдуу (төгөрөк) тамгалардан турат: о, в, а, ю, д, б, я, ф.

**Төртүнчү тобу.** Буга сол жагынан жарым овалдуу (төгорөк) болгон тамгалар кирет: с, е, ё, ч, в, а.

**Бешинчи тобу.** Бул топко он жагы жарым овалдуу жана оң, сол жактары жарым овалдардан кошулган тамгалар кирет: э,ж,з,х,к.

**К** тамгасынын жазылышындагы өзгөчө кыйынчылыктар эске алынып, аны ушул топко кошкон.

Баш тамгалар да жазылышынын татаалдыгы боюнча баскычталып беш топко бөлүнөт. Баш тамгалардын негизги элементтерине мына булар кирет:

## Практикалык саат № 6 (2 саат)
## Тема: Сабатка үйрөтүүдөгү көрсөтмөлүүлүк

**Талкуулануучу суроолор:**

1. Сабатка үйрөтүүдөгү көрсөтмөлүүлүктүн мааниси.
2. Окуу жана жазуу сабагындагы сүрөттөр, сөздүктөр, демонстрациялануучу таблицалар.

### 1. Көрсөтмөлүүлүктүн мааниси

Сабатка үйрөтүү мезгилинде окуучуларды сабаттуу окуу жана жазууга үйрөтүү жумушу үчүн көрсөтмөлүүлүктүн орду чоң. Себеби, сабактагы көрсөтмөлүүлүк педагогикалык жактан окутуунун көрсөтмөлүүлүк принцибин ишке ашырат. «Окутуунун көрсөтмөлүүлүк принциби – окуу материалынын окуучуларга жеткиликтүү болуусун камсыз кылууну жана алардын окуу иштерин жеңилдетүүнү талап кылат. Аны үчүн мугалим сабактын ар кандай этаптарында тийиштүү моделдерди, макеттерди, плакаттарды, сүрөттөрдү, схемаларды, таблицаларды, техникалык каражаттарды пайдаланат. Анадыг ашыкча көрсөтмөлүүлүктүн пайдасы жок, ал зыяндуу, анткени ал окуучулардын логикалык, абстрактык ойлоосунун өнүгүшүнө тоскоол этет. Ошондуктан мугалим көрсөтмөлүүлүктү колдонуунун оптималдуу вариантын табууга тийиш, тактап айтканда, мугалим жаңы материалды окуучулар көрсөтмө куралсыз түшүнүшпөй тургандыгын туура аныктап анын зарылдыгына көзү жеткен учурда гана аны пайдаланышы талап кылынат». Ал эми психологиялык жактан окуучуларда визуалдык жана кнестетикалык кабыл алуу аркылуу билимди өздөштүрүүгө шарт түзөт. Анткени, окуучулар сабак учурунда түстүү сүрөттөрдү, видео роликтерди көрүү жана ар кандай формадагы карточка, макеттерди кармоо жасап көрүү менен маалыматтарды өздөштүрөт, бышыктайт. Ошондой эле сабакта көрсөтмөлүүлүктү пайдаланууда окуучулар байкоо, багыт алуу, ассоциациялоо, салыштыруу,

негизгилерди бөлүп алуу, жыйынтыктоо жана кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Демек, сабат ачуу мезгилинде көрсөтмөлүүлүктү пайдалануунун мааниси жогорудагы корутундуларга негизделет.

**2. Сүрөттөр, сөздүктөр, демострациалануучу таблицалар**

Сабактарында колдонулуучу көрсөтмө куралдар (дидактыклык матералдар) көрсөтмөлүүлүктүн милдетин аткарат. Көрсөтмөлүүлүк жалпы колдонуу багытына карай төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт.

1. Натуралдык. Анда натуралдук объектилердин өзүн колдонуу, мисал келтирүү
2. Сүрөттүү-графикалык. Бул көрсөтмөлүүлүккө макеттер, моделдер, техникалык жабдуулар, дубал газеталар, плакаттар, видеолор, карточкалар, схемалар, сүрөттөр, таблицалар кирет.
3. Сөздүк-образдык. Болгон окуяны көркөмдөп айтып берүү же обарздуу аткаруу сыяктуу образдуу сөз каражаттарын колдонуудан турат.
4. Практикалык. Кандайдыр бир иш аркетти, көнүгүүлөрдү (дене тарбия сабагындагы сыяктуу көнүгүүлөрдү) көрсөтүп берүү.

Ал эми жогоруда көрсөтүлгөн көрсөтмөлүүлүктөрдү сабат ачуу сабагында колдонууда төмөнкүдөй түрү, алардын колдонуу максаттарын билүү жана практикалоо максатка шайкеш. Алар:

1. **Сүрөттөр:**

а) предметтик сүрөттөр. Анда окуучулага суроо берүү менен анын атын атап, ал сөзду муундарга ажыратуу муун, тыбыш тамга менен иштөө.

б) кырдаалдык сүрөттөр. Окуучуларга суроо берүү менен кеп, сүйлөм түзүү.

2. **Карточкалар.** Сүрөттүү карточкалар, муундардын, сөздөрдүн схемасы, сүйлөмдөр, сөздөр, тыбыштар менен иштөөгө багытталган карточкалар. Аты айтып тургандай эле муун, сөз, тыбыш тамга менен иштөө.
3. **Кесме тамгалар, кесме муундар.** Тамгалардан муун, сөз куроо. Муундардан сөз, сүйлөм түзүү.
4. **Тамга кассасы**. Өтүлгөн тагмаларды алфавит жана өтүлгөн катары боюн ча жайгаштыруу менен тамгалардын катарын өзүн үйрөтүү.

**Үлгүлөр.**

**Тамга кассасы**

 

**Кесме тамалар, кесме муундар**








**Карточка**



**Практикалык саат № 7 (2 саат)**
**Тема: Окуунун түрлөрү**

**Талкууланууч суроолор:**

1. Туура окуу.
2. Сезимдүү окуу.
3. Үн кубултуп окуу.
4. Шар окуу.
5. Жарыя кылып, үн чыгарып жана ичинен купуя окуу.

1.Башталгыч класстын окуучуларына билим берүүдө түшүндүрүп окутуу иши эң негиздүү экендиги бизге белгилүү. Мына ошондуктан, түшүндүрүп окутуу - окуунун бардык түрүн ичине алат да, аны кандай кылып окуучуларга үйрөтүүнү алдыга негизги максат кылып коёт.

**Окуунун түрлөрү төмөнкүлөр:**

1. Туура окуу. 2. Сезимдүү окуу. 3. Үн кубултуп окуу. 4. Шар окуу.

**Туура окуу -** окуучулардын речинин өсүшүнө, кругозорунун кеңейишине туура окуу жумуштары чон роль ойнойт. Окуучу туура окууга көнүксө, окуган материалын так, түшүнүктүү кылып окууга жетишет да, ал материалдардын мазмунуна толук түшүнөт.

Туура окуу деген сөздү окуганда ката жибербей, так, сөздү бузбай, интонацияны туура сактап окуу дегенге жатат.

Ошондуктан, туура окуу жумуштарында: сөздөрдү тыбыштарды таштабай, бир тамганы экинчи тамга менен алмаштырбай окуу, тиешеси жок сөздү кошпой, сүйлөмдү, сөздү, сөздүн муунун кайталабай окууга көндүрөт. Ошону менен бирге сүйлөмдүн тыныш белгилерин да туура сактай алгыдай болуу керек.

Туура окуу жумуштары окуунун негизин түзөт. Себеби, окуучу окууга биринчи көнүгө баштаганда, сөздү бузбай, так, туура окууга көнүгөт. Туура окууга көнүкпөй туруп, окуунун башка түрүнө көнүгүүгө мүмкүн эмес.

Кээ бир окуучулар кайсы бир тыбышты туура айта албай, р тыбышын й тыбышы менен алмаштырат ырда дегендин ордуна ыйда; жараланган деген сөздүн ордуна жаяланган деп сүйлөйт.

Бул көрсөтүлгөн кемчиликтердин көпчүлүгү I-1I класстын окуучуларынын сүйлөгөн сөздөрүнөн көп кездешет.

Анткени, III-IV класстын окуучуларына караганда I-II класстын окуучулары окуу

жумуштарына аз көнүккөн болот, башкача айтканда, I класстын окуучулары мектептин эшигин жаңы эле аттап кирген. Өзүнүн тили так келбей турган сөз ичиндеги айрым тыбыштарды туура айта албайт. Сүйлөм ичиндеги сөздөрдү кандай кылып окууну жакшы билбейт, туура окуу иштерине көнүккөн эмес. Ошондуктан, окуу иштерине көп көңүл буруп, жогорку айтылган кемчиликтерди кетирбей тургандай кылып көнүктүрүү, көнүгүү жумуштарын көп иштетүү, баланын тилин жатыктыруу, андагы сөздөрдү, тыбыштарды тууралап айттырып көндүрүү зарыл.

Программалык талаптарга ылайык биринчи класста экинчи жарым жылдыктан тартып окуу китептери боюнча жүргүзүлөт. Ушул мезгилден баштап окуучулар сөздүн ичиндеги бир муунду бир нече жолу кайталабай, сөздү муунга бөлбөй окуган абалга жетишкендей болот. Ошондой эле окуучунун тили так келбей турган тыбыштарды туура, так өзүндөй кылып айтууга акырындык менен жетишет.

Кайсы бир окуучу өтө ылдам окууга кызыгат, ошонун натыйжасында айрым сөздү, же ошол сөздүн ичиндеги айрым тыбышты туура айтып окубайт, туура окуунун эрежесин бузат. Ошондуктан, мугалим мындай окуучуга өтө көңүл буруп, окуганын жай, салмак менен ар бир сөздү так айтып туура окууга көндүрүү зарыл. Туура окууга окуучуну көндүргөндөн кийин, ылдам окууга адат алдыруу мүмкүн.

Окуучунун тили так келбей турган айрым сөздөр да кездешет. Мындай сөздөрдү муунга бөлдүрүп (муун боюнча) сөздү окутуу керек. Мисалы: завод-фабрика- завод- фа-бри-ка ж. б. Эгер мындай муун боюнча айттыруу жагы туура окууга көп жардам бере албаса, анда ошол сөздөрдү мугалим доскага жазып, өзү муун боюнча окуп көрсөтөт да, окуучунун өзүнө так ошондой кылып окутат жана сөздүк дептерине жазып алуусун тапшырат. Ошону менен бирге, бир нече жолу кайталатып окуучуга айттырат ж. б. ушул сыяктуу көнүгүү жумуштар көп жүргүзүлүшү керек.

Андай туура окуй албаган окуучуга мугалим айрыкча көңүл буруп, ал бала окуп жатканда туура айтпаган жерин ошол замат мугалим оңдоп, аны экинчи дагы кайталап окуусун талап кылат. Ошону менен бирге ошол окуучу кайсы сөздү, кайсы тыбышты туура айта албайт, мугалим дайыма эсепке алып, ошол сөздүн, тыбыштын үстүндө көп иштетип, көнүгүү жумуштарын системалуу түрдө жүргүздүрүү керек.

Жыйынтыктап айтканда сүйлөм ичиндеги ар бир сөздү, тыбышты так айтуу, бир тыбыш менен экинчи тыбышты алмаштырбай, туура окуунун эрежесин бузбай айтууга баланы көндүрүү дегенге жатат.

**2.Сезимдүү окуу.** Окуганына туура түшүнүү, аны айтып берүү, бул эң негизги максат болуп эсептелет. Ошону менен бирге окуучу жалаң эле окуганына түшүнүп, аны айтып берүү менен чектелбейт, ар бир сөздү, сүйлөмдү окуганда баланын сезими өзгөчө таасирленип, күчтүү элестер көңүлүндө сакталгандай болуу керек. Ошондой эле бала окулган сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн ортосундагы бири-бири менен болгон байланышын аныктап, аларды тизмеги менен айтып бере алгыдай деңгээлде болуу зарыл. Мына ушул айтылгандарды иш жүзүнө ашыруу үчүн, мугалим окулган аңгемедеги айрым заттар, же ал заттардын сүрөттөрү аркылуу окуучулардын сезимине жеткире түшүндүрүүгө болот.

- Алиппедеги р тыбышына карата берилген сөздү алып көрөлү:
- Бул эмненин сүрөтү?
- Розанын сүрөтү.
- Класста роза барбы?
- Ооба, класстын терезелеринде роза бар.
- Бул китептеги розанын сүрөтү чоңбу? Же класстагы розанын сүрөтү чоңбу?

-Класстагы роза чоң.

- Класста канча роза бар?
- Класста үч роза бар.
- Роза эмнеден жасалган?
- Роза топуракта өстүрүлөт.
- Роза кантип өстүрүлөт? ж.б.у сыяктуу иштер жүргүзүлөт.

Биз мында жалаң эле айрым бир затты таанытпастан, ал заттын сапаты, чоң-кичинелигин, пайда болушун да байкаттык.

Жаңы теманы өтөрдүн алдында ошол теманын мазмунуна ылайыктап болжолдуу аңгеме жүргүзүү. Мисалы: «Мына кыш» деген теманы окуучуларга окута турган болсок, эң мурда кыш жөнүндө аңгеме жүргүзөт. Маселен, кыштын белгиси, кыш айлары, кышкы кийимдер, балдардын кышкы оюндары, кардын түшүшү, күндүн кыскарышы ж. б. жөнүндө кыскача аңгеме жүргүзүп, андан кийин тема окутулат. Окуунун эң аягында негизги максат айтылып, жыйынтык чыгарылат.

Мындай жол менен окуучуларды окутуу жалаң эле сезимдүү окууга үйрөтүү эмес, ошол окуганына туура түшүнүү менен бирге, ал окулган аңгеменин мазмунун жыйынтыктайт, окуучунун сөз байлыгын өстүрөт. Ал аңгеменин мазмунун айтып берүү үчүн, же изложение, сочинение жазуу үчүн план түзүүгө багыт алат. Китептен өз алдынча иштөөгө көнүгөт.

Эгерде бала окуганына түшүнбөсө, өзүнүн окуганын кайта айтып бере албаса, анда окуу максатсыз болуп калат.

«…Мен сезимсиз окуганды жана эптеп-септеп үстүртөн түшүндүргөндөрдү зыян деп эсептеймин» деген.

Бул айтылгандар сезимдүү окуунун эң негиздүү экендигине ачык далил боло алат. Демек, сезимдүү окуу дегенибиз - окуган аңгемесин эң бир кылдаттык менен байкап, окуган аңгемесине толук түшүнүп, сезимдүүлүк менен окуу деген мааниде.

Башкача айтканда, окуган материалына бала толук түшүнүп, сезимдүүлүк менен ар бир сөздүн, сүйлөмдүн, бөлүмдүн маанисин аныктап, мазмунуна түшүнүп жана алардын байланышын толук ажырата билүү дегендикке жатат.

«Окууга үйрөнүү-демек түшүнүүгө үйрөнүү жана окуганын эсте тутуу (калтыруу)»,-дейт.

Демек, бала окууну үйрөнгөндө, ал окуган сөздөрүнө толук түшүнүп, эсте калтыргандай болуу керек. Ал эми биздин мектептерде кайсы бир мугалимдер окуучулардын окуп гана бергенине кубанат да, ал окуган сөздүн, сүйлөмдүн маанисине бала түшүнбөйт, а мугалим жалаң эле баланын окуп бергенине кубанат. Ушинтип, окуган текстинин маанисине түшүнбөй эле, үстүртөн окууга бала адаттанып калат. Ошондуктан I класстан тартып эле окуганына түшүнүп, аны аз да болсо, айтып берүүгө көндүрүү керек.

**3.Шар окуу.** Болжолдуу темп менен туура окуу иши акырындык менен сезимдүү, шар окууга көндүрөт башкача айтканда, окуучу туура жана сезимдүү окуу жумуштарына көнүккөндөн кийин, акырындык менен окуунун темпин тездетип, токтолбой шар окууга көнүгө баштайт. Окуучу кандай гана макала болбосун, тез окууга аракеттенсе, көнүгүү иштерин дайыма жүргүзсө, ал окуучу сезимдүү, шар окууга көнүгөт. Канчалык көп окуса, ошончолук окуучунун кругозору кеңеет, шар окуу жумуштарына жатыгат. Шар окууга көнүгүү иши-үн кубултуп окууга жол ачат. Демек, мында шар окууга көнүгүү иши үн кубултуп окуунун биринчи кадамы болуп эсептеле тургандыгы далилденет.

Ал эми кээ бир окуучу окуган сүйлөмдүн мазмунуна түшүнбөй эле. тез окуунун аракетинде болот. Мындай окуу жакшы натыйжа бере албайт. Демек, окуунун кандай гана түрү болбосун, окуганда ал аңгеменин мазмунуна толук түшүнүп, көз алдына элестетип, көңүлүнө кепке чейин сакталгандай болууга тийиш. Экинчи сөз менен айтканда, шар жана так түшүнүп, сезимдүү окууга окуучуну көндүрүү ишин мугалим эстен чыгарбоо керек.

Шар окуу жумуштарын туура жүргүзүү үчүн ар түрдүү жол менен баскычтарды өтүп барат.

Ал төмөндөгүчө:

Биринчи класстын окуучулары абдан жай окуйт. Кайсы бир окуучулар аракеттенип жатып, араңдан зорго муундарды бириктирип, сөздөрдү араң окуган учурлары да көп кездешет.

Демек, «I класстын окуучуларын түздөн-түз эле шар окууга көндүрүү деген талаптарды

коюлууга мүмкүн эмес. Бала эң мурда муун боюнча окууга, сөздөрдү, сөз ичиндеги тамгаларды туура айтып, кайталабай окууга адаттандырылат. Андан кийин акырындык менен шар окууга көнүгөт. Туура, сезимдүү окууга көнүкпөй туруп, шар окууга өтүп кетүү мүмкүн эмес.

Көпчүлүк учурда, кыргыз башталгыч мектептериндеги II класстын окуучулары да шар

окуунун принцибин толук сактай албайт. Ал тургай кээ бир мектептин II классындагы окуучулар эки, үч муундуу сөздөрдү токтолбой шар окуунун ордуна, тамганын атын атап, муунга бөлүп, араң окуган окуучулар да кездешет.

Ал эми методикалык талаптар боюнча I класстын окуучулары экинчи жарым жылдыкта эле туура, сезимдүү окууга көнүгүп, акырындык менен окуунун темпин ылдамдатууга багыт алгандай болуу керек. Экинчи класстын балдары биринчи класстыкына караганда окуунун темпи ылдамыраак болот.

Анткени, окуунун көндүмдөрү менен таанышып, практикалык түрдө өздөрү аз да болсо, иштеп баштарынан өткөргөн. Ошондой болсо да, жогорку класстарга караганда окуунун темпи бул класста жайыраак болот да, өзүнүн окуганына ишенбестен, кайталап окуу, же тез окууга аракеттенип, тамганы таштап, же туура айтпай, экинчи бир тамга менен алмаштырып окуган учурлары да көп кездешет. Бул кемчиликтер баланын тез окууга аракеттенгендигинен жана туура сезимдүү окууга жакшы көнүкпөгөндүктөрүнөн болот. Ошондуктан I класстан тартып эле туура жана сезимдүү окууга жакшы көндүрүп, акырындык менен шар окуу ишине адат алдырууга болот.

Андыктан айрыкча I класстын окуучуларына кыска-эки-үч сөздөн турган бир-эки сүйлөмдөрдү окутуп, окуганын айттыруу менен сезимдүү шар окууга көнүктүрөт. Эгерде I класстын окуучусуна бир нече абзацты, же бир нече сүйлөмдөн (көп сүйлөмдөн) турган бир абзацты окутса, мында, биринчиден, сүйлөмдүн мазмунуна ошол окуган бала өзү түшүнбөй калат. Экинчиден, I класстын окуучулары жакшы шар окуй албагандыктан, көп убакытты алат да, бала тез чарчап жана башка окуучуларды зериктирип жиберет. Мына ушундай кемчиликтер кыргыз башталгыч класстарында көп кездешет. Окуучуларды сезимдүү шар окууга көндүрүү принциптери толук сакталууга тийиш.

III класстын окуучуларына караганда III-IV класстын окуучуларынын окуу темпи дурусталып, туура, сезимдүү, шар окууга көнүккөн болот. Айрыкча II класстын окуучулары шар окуу жумуштарын талаптагыдай окуй алгандай болууга тийиш.

Шар окуу жумуштарына окуучуларды көндүрүү үчүн төмөнкүлөрдү эске алууга болот:

1. Макаланы окуурдун алдында, ошол макаланын мазмунуна ылайыктап, суроо-жооп иретинде аңгеме жүргүзүү, андан кийин окуучуларга окутуу. Мындай учурда макаланын мазмуну окуучунун көз алдына элестелип, тез токтолбой шар окууга мүмкүндүк берет.

2. Эки окуучуга суроо-жообун окутуу. Бул иш- бир окуучуга суроосун, экинчи окуучуга
жообун окутуу менен жүргүзүлөт. Мисалы, мугалим эки түрдүү карточка даярдап, эки окуучуга окутат. Мындай женил, кыска сүйлөмдөрдү окуу аркылуу окуучу акырындык менен шар окууга көнүгөт.
3. Аңгемени тандап окутуу. Мында мугалим күн мурунтан кызыктуу аңгеме-жомоктордун
үзүндүлөрүнөн, же болбосо, айрым кызыктуу абзацты тандап алат да, окуучуларга суроо берет (суроолор даярдалып, доскага жазылган же илинген болот). Окуучулар тез окуп, суроонун жообун табуу аркылуу сезимдүү шар окууга көнүгөт.
4. Ырды жаттатуу. Ырды жаттатуу жумуштары I класстан тартып эле аз-аздан жүргүзүлө
берет. Мындагы негизги максат, биринчиден, окуучунун сөз байлыгын өстүрүү, ойлоо сезимин кеңейтүү болсо, экинчи максат, окуучуну сүйлөөгө кызыктыруу, шар (ылдам) окууга көндүрүү болот. I класстын баласы ырды адеп окуганда, абдан жай окуйт. Жаттоо үчүн бир нече жолу кайталаганда, акырындык менен ылдамдап, жаттоонун алдында тез окуп калат. Демек, канчалык көп окуса, ошончолук окуунун темпи ылдамдай тургандыгын окуучу сезет, акырындык менен окуу ишине кызыгат. Мына ошондуктан ар бир класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкталган адабияттардан окуу ишине балдарды адат алдыруу зарыл. Жыйынтыктап айтканда, бала кайталабай, мукактанбай, ачык, так кылып, шар окугандай болуу зарыл.
**4.Үн кубултуп окуу.** Үн кубултуп окуу иши окуунун башка түрү сыяктуу эле, эң негиздүүсүнөн болуп саналат, ал түшүнүктүүлүктүн негизин түзөт. Үн кубултуп окуу аркылуу окуучулар материалдын мазмунуна кеңири жана толук түшүнө алат.
Үн кубултуп окууда окулган материалдын мазмуну түшүнүктүү болот да, окуучунун көңүлүнө кепке чейин сакталат жана окуу ишине балдарды кызыктырат.
Өкулган аңгеменин ичиндеги сүйлөмдүн мазмунуна жана тыныш белгилерине карай үндү
кээде жогору, көтөрүңкү чыгарып, кээде төмөн түшүрүп, кээде үндү жоон, кээде ичке чыгарып, шарылдатып тез-тез, кээде жайбаракат окууга болот. Өшондой эле, бирде мостоюп, бирде томсоруп, бирде күлүмсүрөп кубангандык, ачуулангандык, же капалангандык мүнөздү көрсөтүп, үндү ар түрдүү кубулушка келтирип, ар бир сөздүн жана сүйлөмдүн ыргагы менен угуучунун көңүлүн буруп,
сезимине таасир кылган окууну - үн кубултуп окуу дейт.
Үн кубултуп окуунун дагы бир өзгөчөлүгү окулган аңгемени, биринчиден, кандай үндө
окулгандыгын кулак менен укса, экинчиден, окуп жаткан кишинин өңүнүн ар түрдүү болуп өзгөрүшүн көз менен көрөт.
Мында окуучулардын угуу сезими да, керүү сезими да катышат. Демек, көзү менен көрүп,
кулагы менен укса, эки сезим бирдей катышса, окуучу аңгеменин мазмунуна жакшы түшүнөт да, көңүлүнө көпкө чейин сакталат. Айрыкча ырды окуганда угуучунун көнүлүн буруп, үндү уккулуктуу кылып, кооз чыгаруу жагын көздөө керек. М. Бродовский: «Үндү кооз чыгарып, кубултуп окууга үйрөнүү керек, жок дегенде анын көпчүлөгүн интонация же үндүн чыгышынан түшүнгөндөй кылып окуп берүүгө болот»- дейт. Демек, материалды угуучуга кандай үн, кандай интонация, кандай тон менен уккулуктуу кылып окуп берүү, угуучунун көңүлүн тартуу жагына өтө көңүлдү буруу ж. б. жактары эң негизги иштерден экендиги ачык байкалат.
Ал эми үн кубултуп окуунун дагы бир өзгөчөлүгүн жана аны кандай кылып окуп берүү жактары Н. А. Корф: «Китепти карабагандай эле үн чыгарып, жөнөкөй эле айтып жаткандай кылып окуп берүү уккулуктуу болоорун ким да болсо билет. Башкача айтканда, ал кадимки эле

сүйлөп жаткандай үн кубултуп окуйт»,- деген. Демек, үн кубултуп окууда окулган материалдар угуучунун өзүнө кандайдыр бир нерсени айтып жаткандай, көз менен көрүп тургандай, жандуу кылып окууну көрсөтөт.
Мындагы негизги максат окулган аңгеменин мазмунуна окуучуларды кызыктыруу, сезимдүүлүк менен ал аңгеменин мазмунуна толук түшүнгөндөй деңгээлде болуу керек. Бул сезимдүүлүк менен окуп, материалдын мазмунуна толук түшүнгөндөй болууга тийиш экендигине ачык далил боло алат.
Башталгыч мектептин окуучулары акырындык менен сабаттуу болуп, түшүндүрүп окуунун негизинде окуунун техникасын үйрөнөт. Окуунун бардык түрүн толук билип чыгууга багыт алат. Ал эми окуучулардын эстетикалык ойлоосун өтө күчтүү сезим менен таасирлентүүдө- үн кубултуп окуу негизги орунду ээлейт.
Жыйынтыктап айтканда үн кубултуп окуудагы негизги максат окулган материалдын мазмунун ачык фактылар менен окуучуларга түшүндүрүү болот. Бул жөнүндө Т. Ф. Заводская: «Үн кубултуп окутуудагы башкы максат - чыгарманын эң негизги оюн (идеясын) берүү, башкача айтканда, окуучулар толук түшүнүп, аны өздөштүргөндөй болууга тийиш» дейт. Бул айтылгандар жогоркуларга толук далил боло алат.
Бирок ошондой болсо да, кыргыз башталгыч класстарындагы мугалимдер үн кубултуп окуу жумуштарына жакшы көңүл коюшпайт, ал турсун, үн кубултуп окуунун өзү эмне экендигине жакшы түшүнбөй жүргөн мугалимдерибиз да жок эмес. Ошондуктан үн кубултуп окуунун эрежеси боюнча ишти алып баруу, аны окуучуларга иш жүзүндө көрсөтүү, балдардын өздөрүнө так ошондой кылып окутуу, ага көндүрүү, үйрөтүү иштери айрым мектептерде жакшы жолго коюлбай келе жатат.
Мисалы: кайсы бир мугалимдерибиз үн кубултуп окуу деген ушул деп эле, токтобой, шар окуп берүү менен чектелет. Окуучу так ошондой кылып окуп берсе, канааттантандык менен, 4-5 деген бааны коёт. Ал эми окулган аңгемедеги сүйлөмдөрдүн маанисине карай, үндү кубултуп окуй алдыбы, тыныш белгилерине туура токтолдубу, ал жагын такыр эске алышпайт. Албетте, бул өңдүү иштер жакшы натыйжа бербейт, окулган аңгеменин мазмуну окуучулардын сезимин ойгото албайт.
Мына ошондуктан, үн кубултуп окуу ишинде:
1. Окууда тыныш белгилерин сактай билүү.
2. Сүйлөмдөгү логикалык басымдарды эсепке алуу.
3. Кептеги тонду (үндү туура чыгарып окууну) эске алуу.
1. Үн кубултуп окууда: тыныш белгилерин туура пайдалануу. Чекит келгенде үндү мелүүн чыгарып, жайынча келип токтоо, илеп белгиси келгенде үндүн көтөрүңкү чыгышы, үтүр келгенде-үн бир аз көтөрүңкү айтылып, бир аз тынымдын жасалышы I -П класста эле тааныштырылат. III - IV класс жетишерлик түрдө өздөштүргөндөй болот.
2. Логикалык тынымдарды сактай билгендей болуу керек. Мында дайыма эле тыныш белгилери турган жерде кездешпейт. Ал айрым сөздө кездешет да, бир аз токтолуп, тыным алат.
Мисалы: Биздин үй Айшаныкына жакын жерде.
Тарбия менен билимдин
Булагы ушул мектепте.
Мында үй, билимдин деген сөздөрдө тыным бар экендиги окуучуларга байкатылат.

Сүйлөмдөгү логикалык паузаларды ажырата билүү негизги иштин бири болот. Ошондуктан, аңгемени окуганда мугалим тынымдарды туура сактап окууга тийиш. III - I V класстын окуучулары тынымды ажырата алгыдай болуу керек.
3. Кептеги тон деп, белгилүү маанидеги коомдук же эмоциялык сезим аркылуу таасирлендирүүнү айтабыз. Мындай тондор ачуулануу, кайгыруу, эркелетүү, сүйүнүү, кубаныч, таң калуу жана коркууга карата айтылат. Мисалы: айбандар, адамдар жөнүндөгү күлкүлүү, кубанычтуу, же какшык иретинде жүргүзүлгөн аңгемелерди окуп күрсөтүү керек. Мындай тондор I класста эле башталат. Үндүн мындай түрдүүчү чыгышы аңгеменин мазмунуна толук түшүнүүгө жол ачат.
Корутундулап айтканда, үн кубултуп окуудагы үндүн ар түрдүүчө чыгышы, өңдүн түрдүүчө кубулуп көрүнүшү, тынымдардын туура сакталышы, окуучунун угуу, көрүү сезиминин бирдей катышы окулган материалдардын мазмунуна бала толук түшүнүп, айтып берүүгө жол ачат жана окуучуларды окуу ишине кызыктырат.
Үн кубултуп окууда- тексттин ичиндеги сөздөрүн мазмунуна карай, мугалимдин үндү ар
түрдүү абалда чыгарып окуп бериши, окуучулар үчүн пайдалуу болот. Ошондуктан мугалим үлгү катарында окуп берүү зарыл. Диалог иретинде окуучуларга окутулат. Мында суроо-жооп ж. б. түрдө да жүргүзүлөт. Мисалы, Райкан Шүкүрбековдун «Эки бөжөк» деген аңгемесиндеги бөжөк менен түлкүнүн сөзүн окутууга болот. Мисалы:
Түлкү. Ыйлаба, коркпо!…
Азыр үйгө жеткирип коем!
Жаш баланы жакшы карабай,
А, оңбогон алаң көз коен!
Бөжөк. Жеңе, бала-кыз көппү?
Алар да оттойбу чөптү?
Мында ар бир ролду аткарган бала, ошонун сөзү кылып, үндү ар түрдүү чыгарып окуйт.
Кандай кылып окуунун үлгүсүн мугалим окуп көрсөтөт. Анда жароокерленин, боору ачыган мүнөздө түлкүнүн бөжөккө айткан сөзү, бөжөктүн корккон, шашкан мүнөзүндөй кылып, үнүн чыгарып окуунун үлгүсү көрсөтүлөт.
Мындагы негизги максат- окулуп жаткан тексттин ичиндеги сөздү оозеки сүйлөө речине
жакындатуу, так эле сүйлөп жаткан кишинин үнүндөй кылып окуп берүүгө окуучуларды көндүрүүгө болот.
3. Мугалим окуучуларга текстти өз алдынча окуп олтуруусун тапшырат. Окуучулар бир нече жолу ичтеринен окуп, мазмунуна түшүнүп, даяр болуп турат. Мугалим өзү үлгү катарында окуп көрсөтөт, андан кийин так мугалимдин окуганындай кылып окуучулар окуйт. Мында I-II класста
аз-аздан, ичтен кана үн чыгарып, алмаштырып окуу менен көндүрүлөт. Ill-IV класстын окуучулары ичтеринен окуп даярданып турууга эчак көнүккөн болот. Мындай жол менен окуучуну окутуу иши өз алдынча иштөөгө багыт берет, үн кубултуп окууга көндүрөт.
Үн кубултуп окууга окуучуларды көндүрүү үчүн мугалим балдарга ылайыктуу кызыктуу
аңгемеден тандап, аны окуучуларга жаттатат. Ошол жаттап алган текстти мугалим өзү окуп,үлгү катарында көрсөтөт да, андан кийин окуучулар ошол тартипте үн кубултуп окуйт, ага көнүгөт.
Бул окуучулар үчүн жеңил жана үн кубултуп окууга тез көнүгүүгө жол ачат.

Үн кубултуп окууда баланы доска жакка чакырып, окуучуларды каратып окуу иши да бала үчүн пайдалуу болот, себеби көпчүлүктү карап окуп берүү иши окуучуну ишке жоопкерчилик менен мамиле кылууга багыттайт. Өзүнүн окуганына эсеп берип жатканын сезет. Эреже боюнча үн кубултуп окууга аракеттенет.
Ушул жогорку көрсөтүлгөндөрдү бардык класстарда қолдонууга болот. Айрыкча III IV
класстын окуучулары толугу менен орундоого мүмкүн.
5.Үн чыгарып окуу жана ичинен окуу. Окуучу үн чыгарып да, жана үндү чыгарбай (ичинен) окууга да көнүгөт. Башкача айтканда, башталгыч класста окуунун эки түрүнө тең машыгуу керек.
Үн чыгарып, ачык окуу башталгыч класстарда орчундуу орунду ээлейт. Себеби, үндү чыгарып окуу менен окуунун бардык түрүн жүргүзөт жана баланын сүйлөө речин өстүрүүгө чоң жардам берет. Окуучу үн чыгарып окууга көнүкпөй туруп, ичинен окууну билбейт. Эң мурда үн чыгарып туура жана сезимдүү окууга көнүгөт да, андан кийин акырындык менен ичинен окууга өтөт.
Ошондой эле окуу процессинде ачык окуусуз мугалим каттоого ала албайт, экинчиден, ансыз окуучуларды туура окууга көнүктүрүүгө болбойт.
Үн чыгарып окуу менен бала ырдын уйкашын ритм жана рифмалары кандай үн менен окулуп жаткандыгын окуучулар ачык байкайт. Ошондой окууга багыт алат. Мында үндүн чыгышы окуучунун сезүү органын таасирлентет да, көңүлүнө көпкө чейин сакталат.
Ошондой эле үн кубултуп окууну да үн чыгарып окуу аркылуу гана жүргүзүүгө болот. Ичинен окуу аркылуу жүргүзүүгө мүмкүн эмес. Себеби, үндүн ар түрдүү болуп чыгышын кулак менен укса, өңдүн ар түрдүү болуп көрүнүшү (томсоруп, мостоюп, кумсарып, күлүңдөө ж. б.) көз менен көрө тургандыгы, угуу сезими менен көрүү сезими бирдей катышары жогору жакта айтылган.
Ичинен окуу-үн чыгарбай ичинен окуу менен, үн чыгарып окууну эки башка ажыратып
кароого болбойт. Экөө тең окуучулар үчүн эң керектүү. Үн чыгарып окуу жөнүндө жогоруда кыскача айтылды. Ал эми ичинен окуу жумушу дале окуучулар үчүн эң пайдалуу болот. Себеби, окуучу аңгемени окуп, өзүнчө ойлоого, ойлоо сезимин өстүрүүгө кең жол ачат жана өз алдынча иштөөгө багыт берет. «Унчукпай өзүнчө ичинен окуу, ал окуп анын мазмунун бир жерге топтоп, негизине түшүнүп, ой жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алат», дейт. Демек, баланын өз алдынча иштөөгө адаттана тургандыгын бул айтылгандардан байкоого болот. Ичинен окуу- үн чыгарып окууга караганда ылдам окулат. Ошондой эле үн чыгарып окууда адам бат чарчайт, ал эми ичтен окууда адам чарчабайт. Окуп жаткан киши үчүн абдан жеңил.
Себеби адамдын ойлоо сезими менен көрүү гана сезими катышат. Ошондой эле көпчүлүк масса олтурган жерде (окуу залында, клубда ж. б. ушул сыяктуу жерде) катуу үн чыгарып окууга туура келбейт, себеби башкалардын ишине тоскоолдук кылат. Бирок ошондой болсо да, I-II класстарда ал көп жүргүзүлбөйт, ал эми III-IV класстарда ичинен окуу жумуштарын көбүрөөк жүргүзүүгө болот.
Себеби, булар окуунун техникасы менен таанышкан болот да, тез түшүнөт, аңгеменин мазмунуна толук анализ берүүгө мүмкүн.
Ал эми ичинен окуу иши качан окуучу туура жана сезимдүү окууга көнүгө баштагандан
тартып жүргүзүлөт. Башкача айтканда I класста алиппе мезгилинде атайы жүргүзүлбөйт. Бирок ичинен окуунун элементи бар. Себеби, бир бала окуса, калганы күчүнө карап, ичинен окушат. Мына ушул ичинен окуунун алгачкы элементтеринен болуп эсептелет. Окуу жылынын аяк чөнинде же болбосо II класстан баштап аз-аздан жүргүзүүгө болот, маселен, I класстын окуучулары менен ичинен окуу ишин жүргүзе турган болсок, кыска гана бир-эки сүйлөмдү алабыз да, ал сүйлөмдөрдү окуучулар үн чыгарбай ичинен эки-үч жолу окушат да, түшүнгөнүн

айтып берет. Же болбосо доскага бир-эки суроо жазып, ошол суроонун жообун өздөрүнчө ичинен окуп, ал сүйлөмдн ичинен таап айтып берүүгө көндүрүлөт.

Ичинен окуу ишин жүргүзүү үчүн, мугалим күн мурунтан даярданып, класска ылайыктуу
кыска жеңил сүйлөмдү текстти, же айрым гана кичине бир абзацты алат да, ошол алынган
сүйлөмдөр боюнча ичинен окуу ишин жүргүзөт, Ал алынган аңгемедеги сүйлөмдөр окуучулар үчүн абдан жеңил, мазмунуна тез түшүнүп айтып бергидей болуу керек.

Ичинен окууну адеп жүргүзгөндө, мурда окулган кызыктуу аңгемеден алып окутууга да болот.

Ошондой эле ичинен окула турган аңгеменин мазмунуна ылайык мурда суроо-жооп иретинде аңгеме жүргүзүп, андан кийин окуучуларга өз бет алдынча ичинен окуу иши тапшырылат. Окуучулар окуп бүткөндөн кийин, китепти жаптырып, мазмунун сурайт. Ичинен окуганда шоокумду да, шыбышты да чыгарбай, кала берсе эки эринди кыбыратпай, көздү гана жүргүзүп окууга окуучуларды акырындык менен көндүрүү керек.

**Өзүңдү текшер!**

1.Туура окуу деген эмне?
2. Сезимдүү окууга үйрөтүүнүн мааниси.
3. Үн кубултуп окуунун зарылдыгы эмнеде?
4. Шар окуу жана аны текшерип туруунун ыкмалары.
5.Жарыя кылып, үн чыгарып жана ичинен купуя окуу кандай максатта жүргүзүлөт?

## Практикалык саат №8 (2 саат)

**Тема:** Башталгыч класстарда базалык окуу көндүмдөрү.

Талкууланууучу суроолор:
Базалык окуу көндүмдөрүнө жалпы мүнөздөмө.
1.Тыбыштарды кабыл алуу.
2. Алфавитти кабыл алуу.
3. Сөз байлыгы.
4. Шар окуу.
5. Окуп түшүнүү.

**Биринчи жыл**

Ийгиликтүү окуучу болуу үчүн окуучулар беш базалык көндүмгө ээ болушу керек, алар окурмандык компетенттүүлүктүн түзүмдүк элементтери болуп саналат. Окуу көндүмдөрүнүн өз ара байланышын, ошондой эле пландоо, окутуу жана окуучулардын беш базалык көндүмдү өздөштүрүү деңгээлин баалоо принциптерин билүү мугалимдер үчүн маанилүү болуп саналат.




Тыбыштык кабыл алуу. Тыбыштык кабыл алуу – бул тилдеги түрдүү тыбыштарды уга билүү жана ар кандайча өзгөртө билүү. Тыбыштык кабыл алуу жана алфавит менен таанышуу бири-биринен айырмаланаарын баса белгилеп кетүү керек, анткени биринчиси жазуу менен байланышпай, толугу менен угуу компоненти болуп саналат. Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрү окууга үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берген пайдубал болуп саналат. Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн атайын окутуунун натыйжасында үйрөнгөн балдар өздөрүнүн окуу көндүмдөрүн олуттуу түрдө жакшыртканын изилдөөлөр көрсөттү.

Алфавит менен таанышуу. Алфавит менен таанышуу – бул окуунун баштапкы түзүмдүк элементтеринин бири. Башкача айтканда, алфавит менен таанышуу – бул тамгалар менен тыбыштардын ортосундагы өз ара байланышты иликтеп үйрөнүү. Мисалы, тамганы көрсөткөндө, окуучулар аны таанып, тиешелүү тыбышты айтышат. Тыбыштыктамгалык байланышты түшүнбөй туруп, окууга үйрөнүү мүмкүн эмес. Мындай байланыш китеп окуу боюнча бардык окуу программаларынын маанилүү компоненти болуп саналат, анткени ал окурмандарга жазуу түрүндө берилген жаңы сөздөрдү таануу үчүн курал катарында кызмат кылат.

Шар окуу. Шар окуу – бул сөздөрдүн маанисин түшүнүп, тиешелүү деңгээлде көркөм окуп, сезимдерди, эмоцияларды туура бере билүү же басымды тиешелүү сөзгө же фразага коюу менен тез окуу жөндөмдүүлүгү. Шар окуу көндүмдөрүнө үйрөтүү буларды өзүнө камтыйт: башкарып окуу, анда окуучулар болгон каталарды оңдой тур-ган жана кайтарым байланыш бере турган кимдир-бирөөгө үн чыгарып окушат; ошондой эле өз алдынча окуу, ал окуучулардын үн чыгарбай, ичинен окуусун билдирет. Шар окуган окуучуларда жаңы сөздөрдү таануу, ылдам, так жана көркөм окуу, ошондой эле окуганын жакшылап түшүнүү жөндөмдөрү жакшы өнүккөн болот.

Сөз байлыгы. Сөз байлыгы окуучуларга сөздөрдү тааныганга жана түшүнгөнгө жардам берет. Сөз байлыгын өстүрүү жана жаңы сөздөр менен тынымсыз иштөө окуу боюнча жетишкендиктерди жогорулатууда маанилүү роль ойнойт. Ага багытталган атайын окутуу абдан натыйжалуу болгондугуна карабастан, сөз байлыгын толуктоонун ар кандай түз жана кыйыр усулдарын колдонуу да маанилүү.

Жөнөкөй көнүгүүлөргө караганда мазмуну бай өзгөчө тексттерди колдонуу сөз байлыгын бир топ натыйжалуу өстүрүүгө жардам берет. Сөз байлыгын өстүрүүнүн натыйжалуу усулдары сөздөрдүн маанисинин жана сөздөрдүн ортосундагы байланышты аныктоону камтыйт.

Окуганын түшүнүү. Окуу жана түшүнүү окуунун ажырагыс бөлүгү экендигине бекем ишенет. Булар өз алдынча алганда окуучунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга жетишсиздик кылат. Окуганын түшүнүү – бул окурмандын, тексттин жана мазмундун ортосундагы өз ара татаал байланыш. Ал сөздөрдү таануунун жана кепти түшүнүүнүн натыйжасы болуп саналат. Окуганын түшүнүү көндүмүнө сапаттуу окутуу окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эсепке алат. Мугалимдер шар окууга үйрөтүүнүн, буга чейинки алган билимдерин активдештирүүнүн, сөз байлыгын өстүрүүнүн, окуучуларды шыктандыруунун жана окуучулардан текстке байланыштуу суроолорго мазмундуу жооп алуунун эсебинен аларга окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууга жардам берет.

## Практикалык саат №9 (2 саат)
## Тема: Сабатка үйрөтүүдөгү кеп өстүрүү жумуштары

**План:**
**1. Сабатка үйрөтүүдөгү окуучунун кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн булактары**
**2. Жазуу кебин өстүрүүчү көнүгүүлөр**
**3. Оозеки кебин өстүрүүчү көнүгүүлөр**

### Кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү

Кептик ишмердүүлүктүн төрт түрү; **угуу, окуу, айтып берүү, жазуу** бири-бири менен тыгыз байланышта болот. Кептик ишмердүүлүктөрдүн бирдей аракети окуучунун сабатын ачууда негизги кыймылдаткыч күч болуп эсептелинет. Кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрү өз ара **оозеки** жана **жазуу** кебин түзөт. Мисалы: **айтып берүү** жана **угуу** бул оозеки кептин түрү. «айтып берүү жана жазуу кеп ишмердүүлүгүн өндүрүштүк түрү катары кептик угуу кыймылдаткыч анализаторуна таянат, ал эми окуу жана угуу анын угуу жана көрүү анализаторлору таасир этет да маалымат берүүчүлүк функциясын аткарат»[1]. Айтып берүү жана жазуу, окуу жана угуу маалымат алуу жана берүүдө негизги орунда турат да баланын таанып билүүсүндө анын «оюн так кылып айтууну же жазууну жаратат. Бирөө сырткы кепти (айтып берүү, угуу) колдонот жана ойду оозеки түрдө чагылдырат, дагы бирөө ички кепти (жазуу, окуу) колдонот. Мында айтуу жана жазуу ойду угуучулар үчүн чагылдырат, (башка адамдар үчүн). Ал эми угуу жана окуу процесси ойду өзү үчүн жаратат»[2].

### Сабатка үйрөтүүдөгү окуучунун кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн булактары

Негизинен бала мактепке келгенге чейин эле белгилүү бир деңгээлде кеп ишмердүүлүгүнө ээ болот. Мектепке келген күндөн баштап балада кеп ишмердүүлүктүн эркин факторлору кеңейет. Мында анын кебинде өзгөрүүлөр пайда болуп, кептин мотивациясы өзгөрөт. Анда башкы мотив баарлашууга негизделет. Ал сабактагы айтып берүү, аңгемелешүү, мугалимдин талабын аткаруу, өз алдынча жооп берүү аракеттеринен турат. Демек,баланын кеб ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн булагы катары биринчиден, мугалим окуучунун кебин өнүктүрүү үчүн балада баарлашуу мотивин жаратуу керек. Ал баарлашуу диалог жана монолог формасында ишке ашат. Диалог формасында окуучу

[1]Оморокова М. И. Совершенствование чтения младших школьников Москва – 1999, 8-9-бет
[2]Оморокова М. И. Совершенствование чтения младших школьников Москва – 1999, 8-9-бет

менен мугалимдин, окуучу менен окуучунун ортосундагы баарлашуу. Ал эми **монологдук кеп** катары окуучунун өз алдынча ой жүгүртө алуусу. Көргөн-билгендери, уккандары, байкагандары боюнча айтып берүүсүнөн турат. Экинчиден, баланын кеп ишмердүүлүгүндө жазуу кеби пайда боло баштайт. Бала мектепте, сабакта кантип сүйлөөнүн жолдорун үйрөнүү менен аны көзөмөлдөөгө, байкоого өтө баштайт. Ал учурда жазуу жана оозеки кебин өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү колдонуу максаттуу болот. Үчүнчүдөн кеп ишмердүүлүгү мектепте окутуунун обьектиси катары үйрөтүлөт. Окуучу кептин сөздөрдөн, сөздөр муундардан жана тыбыштан, ал тыбыштардын графикалык белгиси тамга менен туюндурары жөнүндө түшүнүк ала баштайт. Төртүнчүдөн окуучунун кебин өстүрүүнүн булагы катары мугалимдин кеби жана кеп маданияты да таасир этет. Бешинчиден эне тилин окутуунун методикасында кеп өстүрүүнүн багыттары катары колдонулуп келе жаткан сөздүк жумушу (лексикалык деңгээли), сүйлөм жана сөз айкашы менен иш жүргүзүү (синтаксиздик деңгээли), байланыштуу кептин үстүндө иштөө(текстик деңгээли) кеп өстүрүүнүн булагы болуп саналат.

**1.** Сөздүк жумуш менен иштөө катары, сүрөттөрдү, предметтерди көрсөтүү менен алардын аттарын атоо, сөздүн маанисинин түшүндүрүү, сөздү муун жана тыбышка ажыратуу, сөздөрдү туура айтуу, орфографиялык эрежелерди туура айтуу, сөздөрдү тематикалык топторго бөлүү[3], сөздүн тыбыштык түзүлүшү жана анын жазылышы менен иштөө жумуштарын атоого болот. Сабат ачуунун ар бир күнүндө, ар бир сабагында бала жаңы сөздүн маанисин тактайт, сөз жөнүндөгү түшүнүгүн кеңейтет, ал сөздөрдү мурун колдонуп жүргөн, эми аларды өз кебинде активдүү колдонууга багыт алат.

**2.** Сүйлөм жана сөз айкашы менен иш жүргүзүү үчүн өздөштүрүлгөн жаңы сөздөргө сүйлөм түзүлүп окулат, тыбыштык анализ жүргүзүлөт, кесме тамгалардан сөз, сөздөн сөз айкаш түзүлөт жана сөздү муунга ажырытп, тыбыштык талдоо жүргүзүлөт. Мындай сүйлөм түзүү, аны үйрөтүү, сөз менен иш жүргүзүү сабат ачуунун алгачкы күнүнөн эле башталат. Анда кептен сүйлөмдү бөлүү, окуу, суроого жооп берүү сыяктуу ишмердүүлүктөр ишке ашып, синтаксистик деңгээлдин төмөндөгү негизги жумуштары чечилет:

а) Кепте сүйлөмдүн өз алдынча маанисин тактоо, сүйлөмдү оозеки кептен бөлүп алуу, ага сүйлөм түзүү, аны окуу.

б) Сүйлөмдөгү сөздүн негизги жана кошумча бөлүгүн тандап алуу, же ээ жана баяндооч жөнүндөгү алгачкы түшүнүктү берүү.

в) Сөз менен сүйлөмдүн ортосундагы байланышты тактоо, сөз айкаштары менен байланыштарын аныктоо.

**3.** Байланыштуу кеп сабатка үйрөтүүдөгү кеп өстүрүүнүн негизгин түзөт. Мугалимдин окуган тексти боюнча окуучунун айтып берүүсү, эскерүүлөрү, жаттаган ыр, табышмак, макал-лакап, жаңылмачтарды айтуусу,табышмакты жандырмагын табуусу, макал-лакаптардын маанисин чечмелөөсү, жаңылмачтарды окуусу, жомок айтуусу, аны сахналаштыруусу аркылуу ишке ашат. Алиппе китебинде байланыштуу кеп менен иштөө үчүн сюжеттүү сүрөттөр, макалдар, табышмактар, чакан тексттер, ырлар, жомоктор сунушталган.

### Жазуу кебин өстүрүүчү көнүгүүлөр

Окуу жана жазууну үйрөнө баштаганга чейин бала өзүнүн сөзү тыбыштардын фонетикалык курамынын турарын билбейт. Ошондуктан кенже класста окуучунун жазуу кебин өнүктүрүү сөздү тыбыштык талдоодон башталат да жазуу техникасы менен айкалышат. Анда окуучу сөздөрдү муундарга жана тыбыштарга ажыратат, анын тамга менен белгилөөгө жетишүүсү талап кылынат. Ошентип, тыбыштык талдоодон башталып, мазмундуу, сабаттуу жазууга жетиштирилет. Ал үчүн төмөнкүдөй көнүгүүлөр сунушталат.

1. **Үн кайда жашынган көнүгүүсү.** Максаты үндүн ордун аныктоо жана берилген муундарга муун курап, сөз түзүү.

---

[3] мектеп, окуу куралдары, үй-бүлө, жашылчалар, жемиштер, жаныбарлар, жыл мезгилдери, оюнчуктар, курулуш материалдары, кесип ж.б. тематикалык топтор. Ар биринин түзүлүшү өз алдынча үйрөтүлөт.

**Муундар:**

| | | |
|---|---|---|
| Ту - ___________ | Тан- __________ | ________-рак |
| Ту - ___________ | Бак-___________ | ________-теп |
| Са - ___________ | Бал-___________ | ________-тер |

**2. Сөз жаса.** Бир сөздөн эки сөз жаратуу. Берилген сөздөрдүн ичинде кайсы сөздө эки сөз бар экендигин аныктап, бөлүп жазуу.
**Сөздөр:** Ала-Арча, кумшерек, балта, оюн, китепкана
**3. Стол же стул.** Уйкаш, бир муундуу (эки муундуу ж.б.өзгөртүп алууга болот) сөздөрдү окуу, анын маанисин чечмелөө.
**Сөздөр: бак-бук, сак-сук, сан-сун, кат-кут,**
**4. "Б" же "П" көнүгүүсү.** Б жана П тамагсынан башталган сөздөр берилет. Ошого тийешелүү тамганы жайгаштыруу зарыл.
**Сөздөр: ___акча, ___лан, ___аатыр, ___ оезд, се__ет, __лакат, та_ышмак, кара_а, __алка, че__кен, __аг__ан, кир__и, ү__ү__ .**

**Оозеки кебин өстүрүүчү көнүгүүлөр**

Оозеки кеп – сүйлөмдүн туура грамматикасына негизделген, конкреттүү сөздөр аркылуу ойду ырааттуу жана логикалык жактан байланышта бере билүү болуп саналат. Анда үн чыгарып сүйлөө менен эле чектелбей, интонация, мимика-жест, тон ж.б. көркөмдүүлүктөргө, б.а., интонациялык жандуулук жана образдуулукка ээ болуу керек. Ал эми баладагы оозеки кепти өнүктүрүү үчүн төмөнкүдөй көнүгүүлөрдү өткөрүүгө болот.

1. **Буюмдардын аталышы кайсы тамгадан башталат?** Предметтик сүрөттөр тартылган карточкаларды таратып, алардын аталыштарындагы баш тамгалыр боюнча бириктирүү сунушталат. (карточкалар даярдалышы керек)
2. **Сүрөттөрдү муундар менен бириктир.** Мугалим сүрөттөрдү жана муундарды доскага илет же таратат. Окуучулар сүрөттөрдү андагы предметтердин аталышы башталган муун менен бириктирет.
3. **Даамдуу тамак бышырабыз.** Тамгалар жазылган карточкалар айлана болуп жайгаштырылат. Окуучулар аны тегеректеп турушат. Мугалим "Бышыргыла!" дегенде, "Даамдуу тамак бышырабыз!" деген сүйлөмдү кайталоо менен тамгаларды айланып басышат. "Тамак бышты!"- дегенде окуучулар токтоп, кайсы тамга колуна тийсе ошол тамгадан башталган тамакка кошулуучу азыктын атын айтат.
**4. Кыялкечтер өлкөсүнө саякат.** Окуучулар көзүн жумуп, бир саамга тыным жасашат. Ошол учурда уккан үндөрүн жарыя айтат. Ошол үндөргө карата кыялында окуя жаратат. Мисалы: Окуучу сырттагы машинын үнүн укса, ага мугалим суроо берет? Кандай мишне экен, анда кимдер бар? Окуучу аны көрбөсө кантип айтарын билбей калат. Ошондо мугалим демек, сен аны көрбөдүң эми ошол машинени көргөндөй кылып сүйөм же окуя (текст) түз деп сунуштайт.
**5. Калп жана апыртмалар.** Окуучулар сунушталган калп-апыртмаларды окуп, аны айтып беришет. Ошол текстти өзгөртүп, кайра айтууга да болот.

**1. Сабатка үйрөтүүдөгү даярдыктар**

Сабатка үйрөтүү системасынын даярдоо мезгили 12-18 күндүк мөөнөт менен жүргүзүлөт. Бул баскычта практика жүзүндө окууга, жазууга даярдык көрүү жумуштары уюштурулуп, ошондой эле окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн, кабыл алуусунун мугалимдин байкоосу, аларага карата анын даярдыктары ишке ашат.

Даярдоо мезгили эки баскыч боюнча жүргүзүлөт: биринчи баскычында бала негизинен кеп, сүйлөм, сөз, муун, басым, тыбыш, үндүү, үнсүз тыбыштарды бири-бирине салыштырууга. Буга параллель сөз жана муунду системалар аркылуу моделдештирүүнү үйрөтүү башталат.
Сабатка үйрөтүүдөгү даярдыктар катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот.

| № | **Мугалимдин иш-аракети** | **Окуучулардын иш-аракети** |
|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн кабыл алуунун түрлөрү боюнча анализдеп уюштуруусу | Мектептин тартибине көнүгүү |
| 2 | Окуучуларды мектептин тартибине көнүктүрүү | Мугалимдин сөзүн угуу, анын суроолоруна жооп берүү менен байланыштуу кебин өстүрүү |
| 3 | Окуучуларды окууга жана жазууга дярдоо үчүн көнүгүүлөрдү пландаштыруу, колдонуу | Тыбыштык кабыл алууну ишке ашыруу үчүн активдүү катышууга ынтызар болуу |
| 4 | Окуучуларды окууга жана жазууга даярдоодо **тыбыштык кабыл алууну** өнүктүрүү жолдорун пландаштыруу | |
| 5 | Кеп (оозеки жана жазуу). Сүйлөм. Сөз. Сөз жана сүйлөм. Муун, басым. Кеп жана тыбыш. Үндүү жана үнсүз тыбыштар тууралуу окуучуларга түшүндүрүү үчүн тиешелүү ыкмаларды колдонуу. | Кеп. Сүйлөм. Сюжеттүү сүрөттөр боюнча мугалимдин суроосуна жооп берүү, ага карата сүйлөм түзүү. Бул ким? Бул эмне? - деген суроолорго жооп берүү, тематкилык (предметтик, сюжеттик) сөрттөр менен иштөө. Сүйлөм түзүү, аны айтып берүү, муун, сөз, сүйлөм схемалары менен иштөө. |
| 6 | Окуучулардын байланыштуу кебин, сөз байлыгын байытуу, аңгеме жана сүйлөм түзүүгө калыптандыруу. | |

Жогоруда көрсөтүлгөн мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүн уюштуруу үчүн мугалим төмөнкү материалдарды мыкты өздөштүрүү керек.

**1. Кабыл алуунун түрлөрү.**

Ар бир бала уникалдуу, ар түрдүү жөндөмдүүлүктөргө ээ жана ар кандай: угуу, көрүү, сезүү ж.б. каналдарын (сезимдердин органдары) пайдалануу менен, алган маалыматты өз алдынча кабыл алып, иштеп чыгат.
Окуганга натыйжалуу үйрөтүү окуучулардын маалыматты визуалдык, вербалдык, логикалык, кинестетикалык жана башка кабыл алуунун түрлөрүнө багытталган ыкмаларды колдонууну сунуштайт. (толук маалымат слайдда көрсөтүлгөн.)

2. **Тыбыштык кабыл алуу.**

Ар бир тилде кептеги тыбыштардын белгилүү тизмеги пайдаланылат. Бала ар башка тыбыштарды айырмалап, үйрөнгөндөн баштап сүйлөй баштайт. Бул тилдин түзүлүшүн жана тыбыштык курамын таанып билүүгө түрткү болот. Тилдин түзүлүшүн жана тыбыштык курамын билүү окууга үйрөтүүнүн биринчи баскычтарында маанилүү ролду ойнойт. Сөз тыбыштардын катарынан турганын түшүнүү – тыбыштык сезгичтик жана тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн эң керектүү фактор болуп эсептелет. (толук маалымат слайдда көрсөтүлгөн.)

**2. Кеп, сүйлөм, сөз менен иштөө**

Даярдоо мезгилинде негизги көңүл окуучулардын оозеки кебин өстүрүүгө багытталат. Анда окуучулар менен кеп, сүйлөм, сөз менен иштөө натыйжалуу болот. Ал үчүн , д**аярдоо мезгилиндеги жүргүзүлүүчү жумуштардын түрмөгү төмөнкүдөй сунушталат.**

4. **Сөз.** Биринчи класстын окуучуларынын сөз байлыгын активдештирүү жумуштарын жүргүзүү ишин колго алуу болот.Мисалы; Мекеним – Кыргызстан, Мектеп, Үй-бүлө аталышындагы тематикалык сүрөттөрдүн жардамы менен сөздөрдү тематикалык группаларга бөлүп үйрөтүү ишке ашат.

5. **Угуу.** Сөздүү угууга, түшүнүүгө жана сүйлөөгө жатыгат. Угуу – окуучуларда сөздүн үйрөтүүчү жана калыптандыруучу милдетин ишке ашырат. Предметтин атын, алардын кыймыл-аракетинин аталышын айтып жатканда добуш аркылуу жаралган тыбыштардын угулушунун, алардын өзгөчөлүктөрүн, окшоштуктарын салыштыруу аркылуу кабыл алууну үйрөтүү. Мында мугалимдин сүйлөө дикциясы, сөздөрдү муунга бөлүп айтуусу, үн кубултуп көркөм сүйлөөөсү дагы тең роль ойнойт.

6. **Сүйлөө. Сабатка үйрөтүүдө сүйлөө ишмердүүлүгү эки этапта жүргүзүлөт.**

1. **Маек кеби.** Бул мугалим менен окуучунун ортосунда жүргүзүлөт. Мында предметтин атын атап, ага талдоо жүргүзүлөт.
2. **Монологдук кеп.** Окуучунун өз алдынча ой жүгүртө алуусу. Көргөн-билгендери, уккандары, байкагандары боюнча айтып берүүгө көнүгөт.

7. **Окуу.** Мугалимдин көркөм чыгармаларды окуп берүүсү, чыгарманын окуучуга жеткиликтүүлүгү. Окуган чыгарма жөнүндө аңгемелешүү. Ырларды окуп берүү, жомокторду сахналаштыруу

8. **Грамматика жана фонетика.** Кептен сүйлөмдү бөлүп алуу, сүйлөм түзүү. Сүйлөмдөн сөздү бөлүү. Сөздү муунга ажыратуу, муунду басым аркылуу ажыратуу. Тыбышты бөлүү, сөздөгү биринчи тыбыш ж.б. Муун канча тыбыштан тургандыгын бөлүү. Үндүү жана үнсүз тыбыштарды бөлүү.

**Өз алдынча иштин темасы:** Тематикалык тексттер менен иштөөнүн өзгөчөлүгү, даярдоо мезгилинде колдонулуучу дидактикалык материалдарды даярдоо.

**Аткаруу формасы:** Дидактикалык материалдарды даярдоо.

**Баллы:** 2-75 балл.

## Практикалык саат № 10 (2 саат)

## Тема: Класстан тышкаркы окуу

Талкууланууну суроолор:
1. Класстан тышкаркы окууну уюштуруунун максаты.
2. Класстан тышкаркы окуудагы китептерди учетко алуу.
3. Класстан тышкаркы окууга жетекчилик кылуу.

Класстан тышкаркы окуу класстагы эне тили, мамлекеттик тил боюнча билим берүү иш-аракетин мазмундук-тематикалык жактан кеңейтип, окуучуларды балдар адабияты менен тааныштыруу, ал жөнүндөгү адабий түшүнүктөрдү кеңейтүү жана окуп-түшүнүү менен сынчыл ой жүгүртүүсүн өркүндөтүү үчүн жүргүзүлөрү белгилүү. Ошондуктан башталгыч класстардагы балдар китептери менен иштөөнүн негизги формасы дал ушул класстан тышкаркы окуу болуп саналат. Ал башталгыч мектептин 2-классынан 4-классына чейин милдеттүү түрдө жүргүзүлөт. 1-класста окуучулардын сабатын ачуу иштери толук аткарылгандан кийин т.а. окуу жылынын экинчи жарым жылдыгында, мугалим окуу жана сөз өстүрүү жумуштары менен биргеликте жумасына бир жолу 15-20 мүнөт китеп окуп берет, түшүнгөндөрү боюнча аңгемелешип, жаңы китептер менен тааныштыруу, китепке болгон окурмандык кызыкчылыгын түптөө иштерин жүргүзөт. Балдардын өз алдынча китеп окуй алуусу, көркөм адабиятка болгон кызыгуусунун калыптана баштaшы, жаңы чыгып жаткан балдар китепчелери менен тааныштыруу – класстан тышкаркы окуунун негизги милдеттеринин бири болуп калат. Ошондой себептерден улам, класстан тышкаркы окуу боюнча түзүлгөн хрестоматиялар балдардын кызыгуусуна, жаш өзгөчөлүгүнө ылайык келген чыгармалардын топтомунан туруусу кажет. Окуучунун класстан тышкаркы окууда жетишилген ийгиликтери окуу боюнча чейректик баа чыгарууда кошумча эске алынат. Бул сабактын негизги максаты болуп баланын окумалдуулугун өнүктүрүү, окуу жана түшүнүү ишмердигин өркүндөтүү адабий-эстетикалык табитин арттырып, окуганынын үстүндө ой жүгүртө билүүсүнө үйрөтүү жана көркөм-чыгармачыл ишаракетин өз алдынчалуу өркүндөтүүгө көмөктөшүү болгондуктан, түрдүү жанрдагы жана тематикадагы чыгармалардын үлгүлөрүнөн сөзсүз болуусу талапка ылайык келет. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун мазмунун артырууда мына ушул класстан тышкаркы окуу убактысын чыгармачылык менен пайдалануу, анын атайын планын түзүп, алардын негизинде жаткан тарбиянын түрлөрүнө жараша кенже балдарга таалим-тарбия берүү жолдорун изилдөө иштерин бирге жүргүзүү да мугалимдин айрыкча милдети болуп калат.

Пландуу, кызыктуу жана тарбия берүүчүлүк, өстүрүүчүлүк мүмкүнчүлүгү бар класстан тышкары окууну уюштуруу иши, жогоруда айтылгандай, башталгыч класстарда эне тилин окутууну өркүндөтүүгө коюлган бүгүнкү талапка сөзсүз туура келмек. Себеби, «балалыкта ар бир күн жаңы ачылыш». “Өз убагында окулган жакшы китеп тагдырды чечип коюусу мүмкүн, өмүр бою алтын казык жылдызы да болуусу ыктымал”. Ошол үчүн тилди, адабиятты окутууда «класстык жана класстан тышкары окууну тыкыс жана жандуу байланышта жүргүзүү, окуу-тарбия ишин бир багыттуу уюштурууга көмөк бербей койбойт.

Класстан тышкары окууну уюштурууда сөзсүз төмөндөгүдөй ырааттуу иш-аракеттер жүргүзүлүүсү зарыл.
1. Окуган чыгармаларга адабий-мазмундук, адабий-эстетикалык талдоо жүргүзүп бере алуу;
2. Чыгармадагы жалпы жана негизги ойду бөлүп ала билүү;
3. Андагы ойду, окуяларды, каармандарды башка чыгармадагы айтылган идеялар, каармандар, окуялар менен салыштырып талдай билүү;
4. Ага өзгөчө таасир эткен учурларды тексттеги фактылар менен бирге талдай билүү;
5. Каармандардын кылык-жоруктарына, чыгарманын негизги идеясына нравалыкэтикалык баа берүү;
6. Чыгармага, эпизоддоруна өз алдынча суроолорду коюп, ырааттуу жоопторду таап, аларды ой жүгүртүү менен баалоо;

7. Окуганынын үстүндө психологиялык-эмоционалдык толгонууларынын негизинде ой жүгүртүп, алардын педагогикалык- тарбиялык идеяларын таба билүү;
8. Окуган чыгармаларынын негизинде сценкаларды түзүү, сабактын практикалык жагын көтөрүү;
9. Балдардын өз алдынча адабий чыгарма жазууга болгон аракеттерин колдоо жана өнүктүрүүгө жардам берүү;
10. Окуучулардын өз алдынча үй китепканаларын түзүүсүн, керектүү көркөм адабияттарды тандап окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу.

Башталгыч класста окуучулардын ушундай багыттардагы класстан тышкаркы окуусунун уюштуруунун дидактикалык максатын жана окуу убактысын аныктоо, окуучулардын өз алдынча көркөм-адабий китептерди окуудагы окурмандык ишаракеттерин уюштуруу, ошондой эле бул сабактарды өткөрүү жолдорун иштеп чыгуу, аларды атайын окуу-усулдук каражаттары менен камсыздоо, албетте, учурдагы маанилүү милдет. Ошонун негизинде, окуучулардын окурмандык ишкердүүлүктөрүн калыптандыруудагы балдар китептеринин ролу өзгөчө экендиктерин белгилөө менен, класстан тышкаркы окуунун максат-милдетине жараша анын методикалык көрсөтмөсүн да түзүү зарыл. Мына ошол максат-милдеттерине жараша класстан тышкаркы бул окуунун программасында сунуш кылынган көркөм чыгармалардын тематикалары да, жанрлары да ар түрдүү болду. Тактап айтканда, мында элдик жомоктор, табышмактар, жаңылмачтар, макал-лакаптар, калптар, уламыштар, ошондой эле, улуттук профессионал балдар акын-жазуучуларыбыздын жана да дүйнөлүк мыкты балдар жазуучу-акындарынын ар түрдүү жанрлардагы чыгармалары киргизилди. Түрдүү элдердин балдарга ылайык келген эң мыкты жомокторунан да камтылды. Ошону менен бирге, программанын мазмунун түзгөн – Ата Мекенди сүйүү, ата энени сыйлоо, кыргыз тилди билүү, адеп-ыймангa чакыруу, табиятты кастарлоо, ж.б. тематкалардагы ыр, аңгеме, жомок, табышмак, фантастика, ж.б. чыгармалар окуучулардын окурмандык ишмердигин калыптоо менен бирге, аларга эстетикалык да табитин өстүрүүгө көмөк берет деген ойдобуз. Ошондуктан, мугалим окуучулар менен иштөөдө текст менен иштөөнүн жолдорун өздөштүрүүсү кажет. Анткени тест менен иштей билүү аркылуу гана мугалим класстан тышкыркы окуунун маани-маңызын ача алмакчы. Эскерте кетүүчү бир нерсе, колуңуздардагы программа алгач ирет түзүлүп отурат. Ал мындан кийин да өркүндөтүлүүсү, толукталып кайра басылышы толук ыктымал.

Программа Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик тил жана лингводидактика бөлүмүндө түзүлдү. 1-класс Жумасына 1 сааттан, жыл бою 34 саат.

Кыргыз эл ырларынан (2 саат) Улагым Чүкө Тайлак Мышыгым Төрт мезгил (2 саат) Күз, Н.Миңкара Кыш, Ж.Абдылдаев Жаз, Т.Үмөталиев Жай, Т.Үмөталиев Күлкүлүү экен, окуйлу (2 саат) Балыктар неге сүйлөбөйт? Айтпаймын Каякта? Оорубайт Жирафтын моюну Чымчык Аквариумдагы суу Сараңдын тарагы Ыр дүйнө (2 саат) Өрүккө илинген ай, И.Токтогулов Санын чабат, Б.Асаналиев Жаш багбан, Б.Асаналиев Таранчы, К.Жунушев Кыргыздын элдик калптарынан (2 саат) От жакпай бышырдым Мергенчи Келгиле, жомок окуйлу (2 саат) Иттин жомогу, Р.Шүкүрбеков Өзүмчүл чымчык, “Байчечекейден” Окуп, жаттап алалы (4 саат) Мектебим, А.Маделиев 21 Кандай баага ким жолдош? Э.Тазабеков Тыйын чычкандын ыры, А.Кыдыров Жоголгон улактар, А.Рыскулов Кирпи, И.Токтогулов Бир шиңгил аңгемелер (8 саат) Чоң атанын зоопаркы, С.Рысбаев Суу акылдуу, Т.Сыдыкбеков Баланын канаты, С.Рысбаев Ууру, Р.Акдемир Белек, С.Рысбаев Ак көпөлөктөр кайда учту? А.Мамбетисаев “Мейлибай”, Б.Абдухамидова Шорпо, Р.Акдемир Сөз үйрөнүп алалы (3 саат) Табышмактуу төрт жандык, Т.Самудинов Ойлонгула, тапкыла, Т.Самудинов Бир сөздөгү үч сөз, Т.Самудинов Тап, тап, табышмак (2 саат) Жаңылмач айтып, тил жатыктыралы (2 саат) Жаңылмачтар, А.Муратов Улуттук оюндар (3 саат) Бат айтуу Бүркүттүн тумшугу Жоолук таштамай менен иштөө боюнча окуучулар ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр:

– даяр текстти окуу, көркөм, шар жана сезимдүү окууга тил жатыктыруу;
– тексттин мазмунун түшүнүү;
– тексттен алып сөздөрдү, сүйлөмдөрдү талдоо;
– тексттерди ролдошуп окуу;
–тексттен түшүнбөгөн сөздөрдүн маанисин талдоо;
– тексттин мазмунун мугалимдин берген суроолоруна жараша үстүртөн, кыскача же ар кайсы жеринен айтып берүү;
– айрым грамматикалык формалар катышкан сөздөрдү мугалимдин талабына жараша талдоо;
– тексттин тарбиялык маанисин ачуу; баа берүү;
– тексттеги каармандардын кылык-жоруктарын мүнөздөө;
– үзүндүлөрдү образдуу, көрктүү окуу;
– өтүлгөн грамматикалык материалдын мүнөзүнө жараша текст боюнча кошумча жумуштарды аткаруу үчүн үйгө тапшырма берүү – ыр жаттоо, ж.б.

**Практикалык сабак № 11 ( 2 саат)**
**Тема: Тыбыштардын классификациясы.**

**Максаты:**
1. Тыбыштардын бөлүнүштөрүн билишет жана тыбыш, тамга, фонеманын эрежелерин түшүнүшөт.
2. Үндүү тыбыштар, алардын бөлүнүштөрүнө көнүгүүлөр иштешет жана талдоо жүргүзүшөт.
3. Берилген сөздөргө фонетикалык талдоо жүргүзүшөт, тамга, тыбыш, фонеманын айырмачылыктарына таблица толтурушат.

**Сабакта аткарылуучу тапшырмалар:**
**1-тапшырма:** Тыбыш,тамга,фонеманын айырмачылыктарын таблицага толтургула.

| **Тыбыш** | **Тамга** | **Фонема** |
|---|---|---|
| Тыбышты айтабыз жана угабыз | Тамганы көрөбүз, жазабыз | Сөздөрдүн маанисин өзгөртүүчү тыбыштар |
| | | |

**2-тапшырма:** Үндүү тыбыштар, алардын бөлүнүшү.
Көнүгүү иштөө (2-класс кыргыз тили. 15-22-беттер)
1-көнүгүү. Тексттен кыска жана созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдөн эки сапка 5тен бөлүп жазгыла.

| **Кыска үндүүлөр** | **Созулма үндүүлөр** |
|---|---|
| Тактысын | чуулдабай |
| | |

**3-тапшырма:**Төмөндөгү сөздөргө фонетикалык талдоо жүргүзгүлө.

Дарбыз, картошка, капуста, шалгам, пияз, буурчак, таяк, коон.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1.Тыбыш,тамга,фонеманын айырмачылыктары кандай?
2.Үндүү тыбыштардын айтылыш өзгөчөлүктөрү эмнеде?
3.Үндүү тыбыштар кандай болуп бөлүнүшөт?
4.Үнсүз тыбыштардын жасалышынын өзгөчөлүктөрү кандай?
5.Каткалаң үнсүздөрдүн айтылыш өзгөчөлүктөрүн айткыла,
6. Үнсүз тыбыштарга аныктама бергиле.
7. Йоттошкон тамгалардын айтылышы жана жазылышынын өзгөчөлүктөрү эмнеде?

**Тесттик тапшырмалар:**

**1. Кош эринчил үнсүз тамгаларды тап.**
А) г,д Б) б,п В) н,з Г) с,м

**2. «Тоолуу» деген создо канча муун, канча тамга, канча тыбыш бар?**
А) 2 муун, 6 тамга, 4 тыбыш
Б) 4 муун, 4 тамга, 6 тыбыш
В) 2 муун, 6 тамга, 6 тыбыш
Г) 4 муун, 6 тамга, 6 тыбыш

**3. Интонациянын негизги элементи кайсы?**
А) тамга
Б) ташымал
В) басым, тыным
Г) сөз

**4. Сөздөр эмненин негизинде ташылат?**
А) басымдын
Б) интонациянын
В) муундун
Г) сөздөрдү бөлүштүрүүнүн

**5.. Басым деп эмнени айтабыз?**
А) сүйлөп жаткандагы тынымды
Б) сөздөрдүн созулуп айтылышын
В) күчтүү сезим менен айтылган ойду
Г) сөздөгү бир муундун көтөрүңкү үн менен айтылышын

**6. [и] тыбышына мүнөздөмө бергиле.**

а) үндүү, жоон, эринчил, кең, созулма
б) үнсүз, жумшак, уччул, түгөйлүү
в) үндүү, ичке, эринчил, кең, кыска
( г) үндүү, ичке, эринсиз, кууш, кыска

**7.Үндүүлөр кандай жолдор менен талданат?**

А) тилге карай: кууш,ичке, жаакка карай: кен,жоон, эринге карай: эринчил, эринсиз
Б) жаакка карай: кен,кууш, тилге карай: жоон,ичке, унго карай: узун,кыска, эринге карай: эринчил, эринсиз
В) тилге карай: жоон,ичке, жаакка карай: кен,кууш, эринге карай: эринчил,эринсиз, унго карай: созулма,кыска
Г) тилге карай:жоон,ичке, жаакка карай: кен,кен эмес, эринге карай: эринчил,эринчил эмес, унго карай: созулма,жоон

**8.Фонетика ...... жөнүндөгү илим.**

а) сөз, сөз айкашы
б) сүйлөм анын мүчөлөрү
в) сөз түркүмдөрү
г) тыбыш, тамга, фонема

**9.Кыргыз алфавитинде канча тамга жана канча тыбыш бар**

а) 33тамга, 36 тыбыш

б) 36тамга, 39 тыбыш

в) 34тамга, 39тыбыш

г) 39тамга, 39тыбыш

**10.Үнсуз тыбыштар деген эмне?**

А) опкодон чыгып келе жаткан абанын агымы тыбыш жасоочу органдарыбыздын тигил же бул жеринде тоскоолдукка учурап чыгышынан пайда болгон тыбыштар
Б) ундун катышы менен жасалган тыбыштар
В) ун катышпай айтылган тыбыштар
Г) ундун созулуп айтылышынан пайда болгон тыбыштар

**11. Кыргыз тилинде канча үнсүз тыбыш бар?**

А) 14 Б) 22 В) 25 Г) 39

**12. Татаал тамгаларды тапкыла.**

а) а, аа, о, оо, у, уу, ы (б) ё, е, ю, я, к, г, ж, ц, щ
в) а, б, в, п, д, т, р, л г) ь, ё, я, ю, й, х

**13. Тыбышты эмне кылабыз?**
**Туура жоопту тапкыла!**
а) тыбышты коро алабыз
(б) тыбышты айтабыз жана угабыз
в) тыбышты колдонбойбуз
г) туура жооп жок

**14. Үнсүз тыбыштардын айтылышы жана жазылышы ар башка болгон сөздү белгиле.**
А. сөзсүз Б. уччу В. түнкү Г. асман
а) А.В.Г. б) Б.В.Г. в) А.Б.В. г) А.Б.Г.

**Практикалык сабак №12 (2 саат)**
**Тема: Кептин фонетикалык жактан бөлүнүшү.**

**Максаты:**
а) Муун, анын типтерин, түрлөрүн билишет жана ташымалдоонун эржесин түшүнүшөт.
б) Ташымалдоонун эрежелерин жазууда туура пайдаланып, көнүгүүлөр иштешет.

**Сабакта аткарылуучу тапшырмалар:**

**1-тапшырма: Көнүгүүлөр иштөө (47-51-беттер, 2-класс)**
**2-көнүгүү.** Тексттеги үчүнчү сүйлөмдү муунга ажыратып жазгыла. Ар бир сөздө канча муун бар? Жабык муундардын астын сызгыла.
Ушундай инсанды дүйнөгө жараткан кыргыз топурагына кайра-кайра таазим кыласың.
**3-көнүгүү. Тексттен таблицага туура келүүчү сөздөрдөн таап жазгыла.**

| **Ачык муундуу сөз** | **Жабык муундуу сөз** | **Туюк муундуу сөз** |
|---|---|---|
| Ти-ле-ги-нен | Эл-дер | Кыр-гыз |
| | | |

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Муун деп эмнени айтабыз?
2. Муундун түрлөрү кайсылар?
3. Муундун типтери дегенде эмнени түшүндүңөр?
4. Ташымал деп эмнени айтабыз?
5. Ташымалдоонун кандай эрежелери бар?

## Тесттик тапшырмалар:

**1.Туюк муун деп эмнени айтабыз?**
а) сөздөрдү     б) үндүү менен башталган муунду  в)үнсүз менен башталып үнсүз  менен аяктаган муунду
г)үнсүз менен башталып үндүу менен аяктаган муунду
**2. Төмөндөгү сөздөрдөн жалан туюк муундагы сөздөрдү көрсөт.**
А) калпак, арачы, тосток
Б) таштак, баткак, тон
В) карапа, бек, така
Г) эрк, матрос, каман

**3.Ачык муундан турган сөздөрдү тапкыла.**
а) эже, ини, талаа
б) достук, кыргыз, чоор
в) мырза, тараза, ак
г) окуу, иште, сүйлө

**4. Кыргыз тилинде канча үнсүз тыбыш бар?**
А) 14     Б) 22     В) 25     Г) 39
**5. Ачык муундан турган сөздөрдү тапкыла.**
а) сулуу, тоо, аба, суу
б) бар, кел, кет, жок
в) китеп, эмгек, дептер
г) уй, кой, жылкы, ит
6**. Сөздөр эмненин негизинде ташылат?**
А) басымдын
Б) интонациянын

В) муундун

**7. Тыбышсыз тамгаларды тапкыла.**

а) а, у, ы, и б) ь, ъ , ё, е, ю, я

в) ь, ъ г) ё, е, я, ю, ц

**8. Кыргыз тилиндеги муундарды ата.**

А) ачык, жабык

Б) ачык, жабык, туюк

В) туюк, ачык

Г) жабык, туюк, эркин

**9.Муунду кайсы тыбыштар түзөт?**

А) созулма үндүүлөр

Б) үндүүлөр

В) үнсүздөр

Г) тамгалар

**10. Сөздөрдө канча муун болушун кантип билсек болот.**

**Туура жоопту тапкыла!**

а) канча үндүү тыбыш болсо, ошончо муун болот

б) канча үнсүз тыбыш болсо, ошончо муун болот

в) жазууда сөздүн батпай калган бөлүгүн жаңы сапка жазуу муун болот

г) маанисине карай сөздөр муунга бөлүнөт

**11. Дал келтиргиле!**

1.Ачык муун 2.Жабык муун

3.Туюк муун

А.Үндүү менен башталып, үнсүз менен бүтөт. Б.Үнсүз менен башталып, үнсүз менен актайт.

В.Жалаң гана үндүү тыбыштан турат, же үнсүз менен башталып, үндүү менен актайт

а) 1-Б, 2-А, 3-В б)1-А, 2-Б, 3-В в) 1-В, 2-А, 3-Б г) 1-А, 2-В, 3-Б

**Практикалык сабак №13 (2 саат)**

**Тема: Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилери**

Максаты:

а) Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилеринин айырмасы боюнча таблица толтуруу.

б) Грамматикалык маани, грамматикалык каражат, грамматикалык категорияларды сүйлөмдөрдөн аныктоо.

в) Сүйлөмдөргө морфологиялык талдоо жүргүзүү.

**Сабакта аткарылуучу тапшырмалар:**

1-тапшырма. Тексттен сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилеринин ар бир түрүнө туура келген сөздөргө таблица түзүп, жазгыла.

2-тапшырма. Тексттеги сөздөрдүү таап, ал сөздөргө сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү түзүп, грамматикалык маани, грамматикалык каражат, грамматикалык категорияларды сүйлөмдөрдөн аныктагыла.

3-тапшырма Сөз маанилери боюнча кроссворд түзгүлө.

Сабактын жүрүшү**:**

**1.Интерактивдүү оюн. "Жигит, кыз жана арстан".**

**Эске тутуу. Теманы таблица аркылуу үйрөнүү жана үйрөнүүнү улантуу.**




Түшүнүү.Тексттин мазмуну боюнча суроолорду түзүп,бири-биринерге суроо-жооп уюштургула.

Текст. (Ч.Айтматов "Тоолор кулаганда" 107-бет, үзүндү)

Жан бүткөндүн баары үчүн дайыма бирдей болгон талашсыз бир чындык бар - маңдайына жазылганды, тагдыр деген эмне экенин алдын ала эч ким биле албайт - кимге эмне буйруганын жашоо гана көрсөтөт, болбосо тагдырдын тагдырдыгы кайсы ... Дүйнө жаралгандан тартып дайыма ушундай болгон, бейиштен куулган Адам ата менен Обо энеден бери - бу да болсо тагдыр - ошондон тартып, тагдыр сыры баары жана ар бири үчүн кылымдан-кылымга, күндөн-күнгө, ар бир саат жана ар бир мүнөттө табышмак бойдон калууда ... Мына азыр да дал

ошондой болду. Ооба. Бул ирет дагы ошонун эле өзү, адамдын акылынын чегинен тышкары болгон, алтургай жараткандын кудуретине да баш ийбеген окуяны алдын ала ким биле алмак.
Ошентсе да, акыл-эс жетпегенди аңдап билүүгө аракеттенип жатып, божомолдой турган жалгыз нерсе - бул бир гана мааниде, дагы эле тагдыр буйруп, алар бир жылдыздын астында төрөлүшү жөнүндө баяндоо, эки жандын кандайдыр бир төлгө жылдыздарынын өз ара байланышы, алардын космостук жакындыгы болгондур. Ооба, ошондой да болушу мүмкүн эле...

Тест.

**1. Грамматика кайсы тилден алынган,которгондо эмнени билдирет?**
а) Окуу жана жазуу өнөрү; б) Сөз,сөздүн мааниси;
в) Тыбышты г) Сөз туркумдөрүн
**2. Грамматика максаты,милдети боюнча канчага бөлүнөт?**
А)5 б) 3 в) 4 г) 2
**3. Грамматикалык маани канчага болүнөт?**
а) 2 б) 4 в ) 3 г) 5
**4. Грамматикалык маани берүүчү каражаттар кайсылар?**
а) интонация, басым, уланды мүчолөр, кызматчы сөздөр б)сөз,сөз айкашы
в) сөз түркүмдөрү,сөз составы г) сүйлөм мүчөлөрү
**5. Грамматикалык форма деп эмнени айтабыз?**
а ) интонация,басым,уланды мүчолөр,кызматчы сөздөр;
б) Окуу жана жазуу өнөрү;
в) Сөздүн бир же бир нече грамматикалык маанилери боюнча бири-биринен айырмаланган түрлөрү;
г) грамматикалык форма жок;
**6. Кыргыз тилинин грамматикасында кандай категориялар бар?**
а) сөз б) форма в) сүйлөм г) сан, жөндөмө, жак, таандык, чак, мамиле, ыңгай
**7. Грамматика тил илиминде кандай маанилерде колдонулат?**
а) жөндөмө, чак, ыңгай, мамиле;
б) грамматикалык форма, грамматикалык маани;
в) жалпы категория грамматикалык маани, жеке категориялык грамматикалык маани;
г) тилдин грамматикалык түзүлүшүн, тилдеги сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн курулушу;
**8. Нормативдик грамматика деп эмнени айтабыз?**
а)Сөз жана сүйлөмдүн курулушу;
б) Илимий жактан толук далилденген талашсыз эрежелерди өз ичине камтыган грамматика;
в)Тилдин грамматикалык түзүлүшү тарыхый өсүп-өнүгүү процессинде ишке ашырылга грамматика;
г) Тилдин түзүлушүн азыркы учурдун негизинде караган грамматика;

**9. Грамматиканын бөлүмдөрү кайсылар?**
а) лексикология,фразеология;	б) фонетика,орфоэпия;
в) морфология,синтаксис;	г) графика,орфография;
**10.Жеке грамматикалык маанилерге кайсы маанилер кирет?**
а) сан,жөндөмө,жак,таандык,чак,мамиле,ыңгай;
б) грамматикалык форма, грамматикалык маани;
в) жалпы категория грамматикалык маани , жеке категориялык грамматикалык маани;
г) тилдин граммаимкалык түзүлүшүн, тилдеги сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн курулушу;
**11.Жалпы категориядагы грамматикалык маанилерге кайсы граммаикалык маанилер кирет.**
а ) интонация, басым, уланды мүчөлөр, кызматчы сөздөр;
б) сан, жөндөмө, жак, таандык, чак, мамиле, ыңгай ;
в) Сөздүн бир же бир нече грамматикалык маанилери боюнча бири-биринен айырмаланган түрлөрү;
г) заттык маани,белгилик маани,сын сыпаттык маани,сан-өлчөмдүк маани,кыймыл-аракеттик маани ж.б;
**12.Морфология тил илиминде эмнелерди үйрөтөт?**
а) Сөздөрдүн грам-к касиеттерин ачып,ар кандай грам.маан-ди,грам-к маани берүүчү каражаттарды үйрөтөт;
б) Сөз айкаштарын,алардын типтерин,сүйлөмдүн түзүлүшүн үйрөтөт;
в) жалпы категория грамматикалык маани , жеке категориялык грамматикалык маанини үйрөтөт;
г) тилдин граммаимкалык түзүлүшүн, тилдеги сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн курулушун изилдеп үйрөтөт;

Текшерүү үчүн суроолор

1. Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилерин түшүндүргүлө.
2. Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилерине мисалдарды келтиргиле.
3. “Сөз билги-тапчыл,адам сулуусу-акыл” дегенди чечмелегиле.

## Практикалык саат №14 (2 саат)

## Тема: Сөздүн тутуму

Максаты:
а) Сөздүн түзүлүшү боюнча көнүгүүлөр иштешет.
б) Уңгу менен негиздин, курандылар менен уландылардын окшоштуктары менен айырмачылыктарын Венндин диаграммасы аркылуу көрсөткүлө.
в) Берилген сүйлөмдөрдү уңгу, мүчөгө ажыратышат жана мүчөлөргө анализ беришет.

**Сабакта аткарылуучу тапшырмалар:**

**1-тапшырма:** Сөздүн түзүлүшү. Көнүгүүлөр иштөө (56-66-беттер, кыргыз тили, 4-класс)

**2-тапшырма:** Уңгу менен негиздин, курандылар менен уландылардын окшоштуктары менен айырмачылыктарын Венндин диаграммасы аркылуу көрсөткүлө.
**3-тапшырма**: Берилген сүйлөмдөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла жана мүчөлөргө анализ бергиле.

Сүйлөмдөргө морфологиялык талдоо жүргүзүү.

Кыргыз тилиндеги сөздөр ар бири өз алдынча мааниге жана кызматчы мүчөлөрдөн турат. Сөздүн тутумундагы мына ушул мүчөлөр анын морфологиялык жактан түзүлүшүн шарттайт. Жалпы лингвистикада сөз мүчөлөрүн морфемалар деп аташат.

Морфема сөздүн андан ары тутумдарга (мүчөлөргө) бөлүнбөй турган эң кичинекей морфологиялык бирдиги болуп эсептелет.

Мисалы: «Кыздуу үйдө кыл жатпайт» деген макалдагы ар бир сөз төмөнкүдөй морфемалардан (мүчөлөрдөн) турат: кыз-дуу (2 морфема), үй-дө (2 морфема), кыл (1 морфема), жат-па-й-т (4 морфема).

Кээ бир сөздөр морфемаларга ажырабайт, б.а. тутумунда бир эле морфема болот: ой, сан, тоо, жылкы, кайт, ут, ме, ээ, суу, алты, тарых ж.б.

Кээ бир сөздөр болсо, тарыхый өсүп-өнүгүшү, б.а., келип чыгышы изилденип, белгилүү болгондо гана морфемаланат. Мисалы: сүйлө деген сөз эки морфемадан турат. Биринчиси-сөз, экинчиси-ла (салыштыр:өзбекче сузла). Ал эми көпчүлүк сөздөр кыргыз тилинде оңой эле морфемаларга ажырайт. Мисалы: ук-та, жаа-н-да, китеп-кана- чы-лар, бас-тыр-ма ж.б.

Кыргыз тилинде маани-мазмундук белгилери боюнча өз ара жалпылыкты түзүп турган морфеманын үч түрү бар. Алар: уңгу, куранды, уланды.

Уңгу-сөздүн эң негизги морфемасы, лексикалык маани берип, андан ары ажырабай турган бөлүгү. Ал лексикалык маани менен кошо грамматикалык маанини да туюндурат. Уңгу туюндурган грамматикалык маанилер көбүнчө жалпы категориялык маани болуп, сөздүн лексикалык маанисине жакын келет. Ошондуктан уңгуну семантикалык морфема деп да аташат.

Кыргыз тилиндеги уңгу өз алдынча сөз болуп да кызмат кыла алат.
Мисалы: адеп, адеп-түү,адеп-сиз; эмгек, эмгек-чил, эмгек-тер-ге ж.б.

Кыргыз тилиндеги уңгулар маанисине карай эркин уңгу жана байланышма уңгу деп эки топко бөлүнөт.

Эркин уңгу- кошумча морфеманын жардамысыз эле, өз алдынча сөз катары колдонула берет. Мындай уңгулар куранды же уландылар уланган түрдө да, уланбаган түрдө да кезиге берет: алтын, акыл-дуу-лар, кагаз-га, мурас-кор, кант, күлкү-лүү ж.б.

Байланышма уңгу- кепте кошумча морфеманын жалганып турушу аркылуу гана колдонулуучу уңгу: мык-чы, мыкы-й, тегере-к, тоголо-к ж.б.

Байланышма уңгулар кыргыз тилинде абдан аз. Сөздүн уланды мүчөсүн алып салгандан калган бөлүгү сөздүн негизи деп аталат.

Кыргыз тилиндеги сөздүн негизи түзүлүшү боюнча тубаса негиз жана туунду негиз деп экиге бөлүнөт. Лексикалык мааниси жана түзүлүшү боюнча андан ары тутумдарга ажыратылбаган негиз тубаса негиз деп аталат.

Мисалы: кыз, комуз, айт, тур, беш, кызыл, жылдыз, узун, кыска ж.б.
Тутумунда куранды мүчөсү бар, башкача айтканда, куранды мүчө аркылуу жасалган негиз туунду негиз деп аталат.

Мисалы: комузчу (-чы куранды), айтыш (-ыш куранды), билимдүү (-луу куранды) ж.б.
Тубаса негиз сөздүн уңгусуна дал келет. Ал эми туунду негиз сөздүн уңгусуна дал келбейт.

Мисалы: Билимдүүнүн билими кишиге жугат. Мындагы 1-2-сөздүн негизи туунду негиздер - билимдүү жана билим, ал эми уңгулары бил деген сөз. 3-4-сөздөрдүн негизи тубаса негиздер – киши жана жук, алар уңгу менен дал келет.

Морфологиялык жол менен жасалышы сөздөрдүн негизинен башталат, себеби ар кандай куранды мүчөлөр негизге жалганат. Андан соң уланды мүчөлөр уланат.

Курандылар сөздүн тыбыштык турпатын гана эмес, лексикалык маанисин да өзгөртөт. Жаңы лексикалык маани, жаңы сөз жаратат, б.а. курандылар сөз жасай турган касиетке ээ. Кыргыз тилинде курандылар абдан көп.












**Тесттик тапшырмалар:**

**1. Сөз түркүмдөрү  мааниси боюнча канчага бөлүнөт?**

А) 3   б) 2   в)  4  г)5

**2. Маани берүүчү сөз түркүмдөрүн атагыла.**

а) зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч

б) сырдык сөздөр, тууранды сөздөр

в) байламталар, бөлүкчөлөр, жандоочтор, модалдык сөздөр

г)кызматчы сөз түркүмдөрү, өзгөчө сөз түркүмдөрү

**3. Сөздөр түркүмдөрү кандай принциптердин негизинде бөлүштүрүлөт?**

а) Лексикалык,семантикалык,морфологиялык

б) семантикалык,морфологиялык,синтаксисттик принциптер

в) тарыхый,салыштырма принциптер

г) морфологиялык,фонетикалык,тарыхый принциптер

**4. Сөздүн ички табиятын жана сырткы турпатына аныктама бер;**

а) Сөздүн ички табияты маани-мазмуну,сырткы турпаты тыбыштык түзүлүшү

б) сөз мүчөлөрү

в) сөз түркүмдөрүн,сөз составы

г) сүйлөм мүчөлөрү

**5. Морфема  деп эмнени айтабыз?**

а ) интонация,басым,уланды мүчолөр,кызматчы сөздөр;

б)  Сөздун андан ары тутумдарга бөлүнбөй,кандайдыр маани берип турган эң кичинекей морфологиялык бирдиги;

в) Сөздүү;

г) Сөз мүчөлорун айтабыз ;

**6. Морфология термини эмнени түшүндүрөт?**

а) окуу жана жазуу;   б) “грамматикалык  форма”  жөнүндө илимди түшүндүрөт”;

в) сүйлөм   г) сан, жөндөмө, жак, таандык, чак, мамиле, ыңгай

**7. “Кыргыз тилинин морфологиясы” алгач ким тарабынан жазылган?**

а) К.Тыныстанов;   б) С.Кудайбергенов;   в) И.Абдувалиев;   г) Т.Садыков;

**8. И.Абдувалиевдин кайсы китебинде сөз түркүмдөрү боюнча толук маалымат берилген?**

а) Кыргыз тилинин морфологиясы 2003 ж;

б) Кыргыз тилинин сөз түркүмдөрү 1995;

в) Кыргыз тили 2004 ж;
г) Тил илиминин негиздери 2000 ж;
**9. Кишинин ички сезимин билдирген жана ар кандай табыштарды туурап көрсөткөн сөз түркүмдөрү кайсылар?**
а) зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, тактооч, этиш;
б) байламталар, бөлүкчөлөр, жандоочтор, модалдык сөздөр;
в) тууранды сөздөр, сырдык сөздөр;
г) зат атооч, байламта, тууранды сөздор;
**10. Сөз ...**
а) тилдин эң негизги материалдык бирдиги;
б) грамматикалык форма, грамматикалык маани;
в) пикир алышуунун куралы;
г) тилдеги сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн курулушу;
**11.Сөз жасоонун жолдору кайсылар?**
а) сөз жасоонун морфологиялык жолу, сөз жасоонун синтаксистик жолу;
б) татаал сөздөр;
в) сөз жасоонун синтаксисттик жолу;
г) татаал сөздөр,кош сөздөр,кошмок сөздор,кыскартылган создор;
**12.Кыргыз тилиндеги сөз мүчөлөрүнүн канча түрү бар?**
а) 3 б) 4 в) 3 г) 5

Текшерүү үчүн суроолор:

1. Сөздүн тутумун үйрөнүүнүн теориялык жана практикалык маанисин түшүндүргүлө.
2. Сөздүн тутуму кандай бөлүмдөргө ажырайт?
3. Морфема деген эмне?
4. Анын кандай түрлөрү бар?
5. Уңгу менен негиздин, курандылар менен уландылардын окшоштуктары менен айырмачылыктарын Венндин диаграммасы аркылуу көрсөткүлө.

**Практикалык сабак №15 (2 саат)**
**Тема: Зат атоочтун жасалышы, түзүлүшү**

Максаты:
а) Зат атоочтун синтаксистик милдетине схема түзүшөт.
б) Зат атоочтун грамматикалык категориялары боюнча таблица түзүшөт. .
в) Зат атоочтун жөндөлүшү. Көнүгүү иштөө (46-56-беттер,3-класс)

***Сабакта аткарылуучу тапшырмалар:***

**1-тапшырма**

Тексттен зат атооч сөздөрдү таап,синтаксистик милдетине схема түзгүлө (10 минут)

**2-тапшырма**

Тексттен зат атооч сөздөрдү таап грамматикалык категорияларын аныктагыла (15минут)

**3-тапшырма**

Зат атоочтун жөндөлүшүнө көнүгүү иштөө (46-56-беттер, 3-класс) (20 минут)

Тиркеме

Зат атооч заттардын, кубулуштардын, окуялардын, түшүнүктөрдүн аттарын билгизет.

Зат атоочтун морфологиялык белгилери төмөнкүлөр: жөндөмө менен жөндөлөт, жекелик жана көптүк санда айтылат, таандык мүчөлөр менен өзгөрөт, жак мүчөлөрүн кабыл алат.

Зат атоочтор синтаксистик жактан төмөнкү милдеттерди аткарат:

Ээлик: Адам бакытты бекер жатып таппайт, эмгек менен табат. Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат.

Баяндоочтук: Бирдин иши - чөл, миңдин иши-көл.

Толуктоочтук: Ачууну акыл жеңет.

Аныктоочтук: Адамдын акылы бардык нерсени жаратат.

Бышыктоочтук: Айылда эң сонун жаңылыктар болуп жатат.

Зат жөнүндө билгизип, жөндөмө, сан, таандык, бир кыйласы жак менен өзгөргөн, сүйлөмдүн ар кайсы мүчөсү боло алган, ким? эмне? деген суроолорго жооп берген сөз түркүмү зат атооч деп аталат. Зат атоочтор морфологиялык түзүлүшүнө карай тубаса жана туунду, заттарды атоо касиети боюнча энчилүү жана жалпы, адамзаттык жана адамзаттык эмес, табияты боюнча конкреттүү жана абстрактуу, түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Андан ары морфемаларга ажыратууга мүмкүн болбогон зат атооч сөздөр тубаса зат атоочтор деп аталат. Мисалы: ата, бала, кол, баш, тегирмен, Акыл, Сайкал, Нарын ж.б.

Туунду уңгу же бириккен уңгулардан турган зат атоочтор туунду зат атооч деп аталат.

Зат атоочтор өзүнө гана тиешелүү сөз өзгөртүү системасына ээ, б .а. анын зат атоочко гана тиешелүү болгон жөндөмө, таандык категориялары бар.

Жөндөмө категориясы атооч сөздөрдү бири-бири менен же башка сөздөр менен байланыштырып, айтайын деген ойду түшүндүрүү үчүн сүйлөмдүн туура уюшулушун шарттап турат. Демек, зат атоочко гана эмес, заттык мааниде колдонулган учурда сын атоочко, сан атоочко, ат атоочко, кыймыл атоочко, атоочтуктарга да тиешелүү категория болуп эсептелет. Кыргыз тилинде жөндөмө категориясын түзүп турган алты жөндөмө бар.

Алар: Жөндөмө

Мисалдар:

Атооч Ким? Эмне? -мүчөсү жок ата, шаар

Илик Кимдин? Эмненин? -нын атанын, шаардын

Барыш Кимге? Эмнеге? Каякка? Кайда?– га атага, шаарга
Табыш Кимди? Эмнени? –ны атаны, шаарды
Жатыш Кимде? Эмнеде? Кайда? Каякта? – да атада, шаарда Чыгыш Кимден? Эмнеден? Кайдан? Каяктан? – дан атадан, шаардан.
Бир сөздүн ар түрдүү жөндөмөлөр менен өзгөрүшү жөндөлүш деп аталат.
**Сан категориясы**. Заттардын көптүгүн же жекелигин туюндуруу зарылдыгынан келип чыккан категория зат атоочтун сан категориясы деп аталат. Зат атооч атооч сөздөр жекелик жана көптүк санда айтылат. Жекелик сан заттын жалгыз экендигин билгизет да, атайын мүчөлөр аркылуу жасалбайт. Ал бир, жалгыз деген сөздөрдүн зат атоочко айкашы аркылуу туюндурулат: бир китеп, жалгыз уй ж.б. Кыргыз тилинде жекелик жана көптүк санды бири-биринен айырмалап турган грамматикалык каражат көптүктүн –лар мүчөсү болуп саналат. Бул мүчө уңгудагы үндүү, үнсүз тыбыштарга карата өзгөрүп 12 вариантта колдонулат: -лар, -лер, -лор ,-лөр, -дар,-дер,- дор,-дөр, -тар,-тер,-тор, -төр.
Мисалы: үй-үйлөр, бала-балдар, китеп-китептер, шаар-шаарлар, тоо-тоолор ж.б. Көптүк маани төмөнкү жолдор менен да берилет:
Жалпылоо маанисиндеги сөздөр: эл, мал, калк ж.б.
Сан атоочтордун жардамы менен: жүз китеп, отуз киши, миң баш, жыйырма оюнчук ж.б. Кош сөздөр аркылуу: короо-короо кой, үйүр-үйүр жылкы, чай-пай алуу ж.б.
Көп, далай, толгон, бир топ, бир нече деген сөздөр аркылуу: Көп киши келди. Далай жыл өттү. Бир топ иш бүттү. Бир нече убакыт керек.
**Жак категориясы.** Уланган сөзүнө баяндоочтук милдетти аткартып, ээнин кайсы жакта, кайсы санда турушуна ылайык баяндоочту ошол жакта, ошол санда өзгөрткөн мүчөлөр жак мүчө деп аталат. Сөздүн жак мүчөлөр менен өзгөрүшү жакталыш деп аталат. Пикир алышуудa сөздү айтып жаткан киши (1-жак) менен сөздү тыңшап жаткан киши (2-жак) аракетте болот. Пикир алышууга катышпагандар (3-жак) да болот. 1-2-жак дайыма адамзаттык заттар болот. Анткени пикир алышканда сүйлөп жаткандар адамдар гана болушат. Ал эми 3-жак адамзаттык да, адамзаттык эмес да заттар боло берет. Ошондуктан кыргыз тилинде адамзатты билдирип, адамзатка тиешелүү болгон зат атоочтор же затташкан сөздөр жак боюнча өзгөрөт.
Мисалы:

| | |
|---|---|
| Мен студентмин | Биз студентпиз |
| Сен студентсиң | Силер студентсиңер |
| Сиз студентсиз | Сиздер студентсиздер |
| Ал студент | Алар студент (студенттер) |

**Таандык категориясы.** Кыргыз тилинде зат атоочтор жекелик санда да, көптүк санда да кимдир бирөөгө же кандайдыр бир затка таандык болуп айтылыш мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мисалы, кызың деген сөздөгү-ың мүчөсү ошол сөздү сүйлөп жаткан жакка (1-жакка) таандык экенин билдирсе, кызың деген сөздөгү -ың мүчөсү ошол сөздү угуп жаткан жакка (2-жакка) таандык экенин билдирет. Ал эми кызы деген -ы мүчөсү үчүнчү жакка - сөзгө аралашпаган жакка таандык кылып гурат. Мектептики деген сөздөгү -тики(-ныкы) мүчөсү кайсы бир затты, нерсени (мектепке таандык кылып көрсөтүп турат. Ошентип, заттардын кимдир бирөөгө же кандайдыр бир затка таандык болуп айтылыш маанилеринин жыйындысы таандык категориясы деп аталат. Кыргыз тилинде зат атоочтун таандык маанилери эки жол менен гуюндурулат: Морфологиялык жол (таандык мүчөлөр аркылуу).Синтаксистик жол (таандык мүчөсү жок туруп эле). Морфологиялык жолдо сөзгө таандык

мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу таандык маанилер уюшулат. Кыргыз тилиндеги таандык мүчөлөр уюштурган маанилерине карай эки топко бөлүнөт: жакчыл таандык мүчөлөр, жалпы таандык мүчөлөр.

Текст.(Ч.Айтматов “Саманчынын жолу”повестинен үзүндү,57 бет)

*-Касым, Майсалбек, Жайнак, силердиби! Түшкүлө!-деп, кыйкырсам, трактордун дүрүлдөгөнүнөн өз үнүмдү өзүм укпай калдым. Субанкул менин эмне дегенимди түшүндү окшойт, коркпо дегенчелик күлмүңдөп, колун булгап койду. Ал дагы куанычы маңдайына батпай, сыймыктанып келе жатыптыр. Субанкул ошондо жапжаш эле экен. Кара мурут жигит чагы. Ботом, балдардын атасына ушунчалык окшош экендигин ошондо көрсөм болобу. Тимеле төртөө тең бир тууган дээрлик. Өзгөчө Касым менен Майсалбек куду эле Субанкулдун өзү, куюп койгондой айныбайт. Кичүүм Жайнагым болсо, мага окшошураак сары тултук эмес беле.*

Тест.

**1.Зат атоочтун категориялары кайсылар?**

а )мамиле,ыңгай,чак б) даража,чак,сан в) сан,жөндөмө,жак,таандык г) мамиле,атоочтук,чакчыл;

**2.Зат атоочтор морфологиялык түзүлүшүнө карата канчага бөлүнөт?**

а) 3 б) в) 4 г)2

**3.Зат атооч синтаксистик жактан кандай милдет аткарат?**

а )Ээлик ,баяндоочтук,толуктоочтук,аныктоочтук,бышыктоочтук; б) ээлик

в) аныктоочтук,толуктоочтук,бышыктоочтук; г) ээлик,баяндоочтук;

**4.Зат атоочко аныктама;**

а) Зат жөнүндө билгизип,жөндөмө,жак,сан,таандык менен өзгөргөн,ким?эмне?деген суроого жооп берген:

б) Заттын сын сыпатын билдирген;

в) Заттын кыймыл-аракетин билдирген;

г) Заттын эсебин,иретин билдирген;

**5.Зат атоочтор түзүлүшүнө карата кандай болуп бөлүнөт?**

а ) тубаса жана туунду; б) жөнөкөй жана татаал; в) конкреттүү зат жана абсрактуу зат атооч; г)Энчилүү жана жалпы ;

**6.Заттарды атоо касиети боюнча кандай болуп бөлүнөт?**

а) жөнөкөй жана татаал; б)тубаса жана туунду; в) адамзаттык жана адамзаттык эмес; г) энчилүү жана жалпы;

**7. Энчилүү зат атооч катышкан сөздөрдү корсөт;**

а) Жамийла,Ажар,Данияр,Кумайык,Бишкек; б) аюу,бүркүт,кызгалдак,булут ;

в) акыл,билим,турмуш,ой; г) ата,бала,кол,баш;

**8. Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөр берген маанилерине карата кандай болуп бөлүнөт?**

а) грамматикалык жана мейкиндик жөндөмөлөр ; б) атооч,илик,барыш,табыш,жатыш,чыгыш ;

в) бөлүнбөйт; г) грамматикалык;

**9.Грамматикалык жөндөмөлөргө кайсы жөндөмөлөр кирет?**

а) барыш,жатыш,чыгыш,атооч,илик; б) атооч,илик,табыш; в) барыш,жатыш,чыгыш; г) атооч,илик;

**10. Сан категориясы;**
а) Заттардын жекелигин жана көптүгүн туюндуруу зарылдыгынан келип чыккан категория;
б) Заттардын көптүгүн туюндурган категория;
в) Заттардын жекелигин туюндурган категория;
г) Заатардын санын туюндурган категория;
**11.Жалпы таандык мүчө;**
а)- нын,га,да,ны,дан ; б)- лар ; в)- ныкы; г) - нын;
**12.Кыргыз тилин жөндөмө категориясын түзүп турган канча жөндөмө бар?**
а) 3 б) 6 в) 3 г) 5
**13.Конкреттүү зат атоочтор катышкан сөздөр?**
а) өрүк,таш,кум,чагылган б) аба,кыял,ой,турмуш в) тегирмен,Сайкал,Манас г) “Манас”эпосу,”Даңк”ордени
**14. Зат атоочтор табияты боюнча канчага бөлүнөт?**
а) 3 б) 2 в) 3 г) 5
**15.Зат атоочтор атоо касиетине карата канчага бөлүнөт?**
а) 3 б) 4 в) 3 г) 5

Текшерүү үчүн суроолор:

1.Зат атоочтун башка сөз түркүмдөрдөн болгон өзгөчөлүгү эмнеде?
2. Зат атоочтордун маанилик жана грамматикалык жактан топторго ажырашы кандай?
3. Жөндөмө категориясын айтып бергиле.
4. Сан категориясын айтып бергиле.
5. Жак жана таандык категориянын окшоштуктары жана айырмачылыктары кандай?
6. Зат атоочтун категориялары боюнча өзүңөр мисалдарды келтиргиле.

**Практикалык сабак №16 ( 2 саат)**
**Тема: Сын атоочтун даражалары, түрлөрү, жөндөлүшү жана жасалышы**

Максаты:
а) Сын атооч сөз түркүмү боюнча ББКБ таблицасын толтуруу.
б) Сүйлөмдөрдөн сапаттык жана катыштык сын атоочторду табуу, морфологиялык талдоо жүргүзүү.
в) Сын атоочтун жасалышын таблица аркылуу көрсөтүү.

**Сабакта аткарылуучу тапшырмалар:**

**1-тапшырма**
Сын атооч сөз түркүмү боюнча ББкБ таблицасын толтуруу(20 минут).
**2-тапшырма.Сын атооч сөз түркүмү боюнча көнүгүүлөр иштөө(98-106 беттер,4-класс)**

Тексттен сын атооч сөздөрдү таап,алардын даражасын жана түрлөрүн аныктагыла(20 минут).
**3- тапшырма**
Сын атоочтун жасалышын таблица аркылуу көрсөтүшөт.

Тиркеме
1. Зат, буюм-тайым, нерсе, кубулуш, көрүнүш жана башкалардын сын-сыпатын, өңү -түсүн, даамын, тулкусун, кебетесин, көлөмүн, ченемин же башка белгилерин көрсөтүп, кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү сын атоочтор дейбиз. Мисалы: Бийик-бийик тоолорго чыктым. (Бийик-бийик - сын атооч, кандай? деген суроо берилет, тоолорго деген зат атоочтун көлөмүн, ченемин билгизди.)
Сын атоочтун жөндөлүшү затташкан учурда гана ишке ашат.
Мисалы:
1. А. кызыл, акылдуу, сулуу, улуу, кичүү.
2. И. кызылдын, акылдуунун, сулуунун, улуунун, кичүүнүн.
3. Б. кызылга, акылдуууга, сулууга, улууга, кичүүгө.
4. Т. кызылды, акылдууну, сулууну, улууну, кичүүнү.
5. Ж. кызылда, акылдууда, сулууда, улууда, кичүүдө.
6. Ч. кызылдан,акылдуудан, сулуудан, улуудан, кичүүдөн

Сын атоочтор -лар мүчөсү менен өзгөрбөйт. Затташкан сын атоочтор гана кабыл алат. Мисалы: Кызылдар актар менен болгон согушта жеңишке жетишти. Кызыл, ак - сын атоочтор, -лар мүчөсүн кабыл алып, кимдер? деген суроого жооп берип, затташкан сын атоочко өттү. Сын атоочтор зат атоочтор менен айкаша келип, сүйлөмдө аныктоочтук милдетти аткарат. Аныктооч менен форма жагынан өзгөрүүсүз туруп, ыкташуу жолу аркылуу байланышат.
Сын атоочтор даража категориясы менен өзгөрүү же өзгөрбөө касиети жагынан бир өнчөй эмес. Бул жагынан алар эки чон топко бөлүнөт:
1. Сапаттык сын атооч.
2. Катыштык сын атооч.
**Сапаттык сын атооч**. Заттардын табияты менен ажырагыс түрдө байланышкан, алардын керт башына тиешелүү болгон белгилерди билгизет. Мындай белгилер бир топко кирүүчү заттарда ар түрдүү даражада боло берет. Ошондуктан булар даража категориясы боюнча өзгөрөт. Мисалы: Асмандагы ак булуттар эмнегедир көзгө сүйкүм көрүнөт.
оочтор мындай белгилерге ээ боло албайт.
**Катыштык сын**. Булар бир затты башка бир заттын өзүнө, ордуна, мезгилине, мамилесине, мүнөзүнө, алака-катышына ылайык аныктайт. Катыштык сын уңгуга ар кандай сөз жасоочу мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу ар башка түркүмдөгү сөздөрдөн жасалат. Демек, катыштык сындын мааниси уңгу менен ага жалганган мүчөнүн маанисинен келип чыгат.
Мисалы: Малдуу адам - малдын мол болуш өзгөчөлүгүнө карай аныкталды.

Сын атоочтун даражалары

Кыргыз тилинде сын атоочтун төмөнкүдөй даражалары бар:

1. Жай даража.
2. Салыштырма даража.
3. Күчөтмө даража.
4. Басаӊдатма даража.

**Жай даража** заттардын кадимки норма катары таанылган белгилерин билгизет да, атайын мүчөлөрдүн же сөздөрдүн жардамысыз уңгу же негиз түрүндөгү сапаттык сын атоочтор аркылуу туюндурулат.

Мисалы: Таянарың болбосо, таамай сөздөн пайда жок.

Тар жерден аш жегиче, кеӊ жерден муш же.

Тартылбаган тил таттуу турмушту бузат. ж.б

**Басаӊдатма даража**. Заттагы белги нормалдуу белгиге жете бербегендигин билдирет да, төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:

-ыш: ак - агыш, көк – көгүш;
-гыл: кир –киргил, сары - саргыл;
-ылжын: көк – көгүлжүн;
-ылтыр: көк – көгүлтүр;
-гыч: сары – саргыч;
-гыл: сары - саргылт, сур - сургулт;
-гылтым: кызыл – кызгылтым ж.б.

**Салыштырма даража**. Заттагы белги нормалдуу белгиге караганда айырмалуу экендигин билгизет да, эки зат өз ара белгилери боюнча салыштырылат. Ал заттардын бири атооч жөндөмөсүнүн, экинчиси чыгыш жөндөмөсүнүн формасында берилет.

Сын атооч -ыраак мүчөсү уланган түрдө же ансыз эле колдонулат.

**Күчөтмө даража**. Заттагы белги нормалдуу белгиден өтө эле айырмалуу экендигин көрсөтөт да, төмөнкүдөй жолдор менен жасалат:

1.Эн, абдан, өтө, аябай деген бөлүкчөлөрдүн кошулуп айтылышы менен жасалат.

Мисалы: Мугалимдик кесип - өтө татаал кесип. Өтө жаш өлүм өкүнтөт. Эң ачуу да тил, эң таттуу да тип. Өтө кызыл тез оңот. Өтө кызыл, өтө жаш, эң ачуу, эң таттуу - сын атооч, күчөтмө даража, аныктооч. Сүйлөмдө өтө кызыл деген сөз түпкү мааниси сын атооч болгону менен затташкан сын атооч болуп ээлик милдет аткарды.

Сын атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы

Сын атооч бир катар куранды мүчөлөрдүн жардамы менен морфологиялык жол аркылуу да жасалат.

-луу мүчөсү: Зат атоочтон сын атооч жасайт, негиз аркылуу туюндурулган нерсенин бар экендигин белги катары көрсөтөт: Тартиптүү бала - эстүү бала. Акылдуу адам көптү билиш үчүн окуйт, Майда адам көпкө билиниш үчүн окуйт. Аныздуу жерде ат өлбөйт. Көздүү мончок жерде жатпайт.

-сыз мүчөсү: Бул негиз аркылуу туюндурулган нерсенин жок экендигин белги катары көрсөтөт: Талапсыз өмүр - эч нерсеге татыксыз өмүр. Иретсиз иште ийгилик жок. Оймоксуз аял болбойт. Эмгексиз киреше - бетке чиркөө. Тоосуз жер болбойт, доосуз эл болбойт.

-дай мүчөсү: Бул мүчө аркылуу жасалган сын атоочтор негиз аркылуу туюндурулган затка кандайдыр бир окшоштуктун бар экендигин белги катары көрсөтөт. -дай мүчөсүнүн уланышы менен жасалган сын атоочтордун бир кыйласы өтмө мааниге ээ болуп кеткен. Ошондуктан алар элестүү келип, көбүнчө сүйлөшүү стили менен көркөм стилде колдонулат: тоодой, алтындай, кагаздай ж.б.
Мисалы: Кесепеттүү манаптан кенедей пайда таппадык. (Бул сүйлөмдө кенедей - кенеге окшош эмес, кичинекей маанисинде салыштырылды.) Сын атоочтор зат атоочтор менен айкаша айтылып, сүйлөмдө аныктоочтук милдетти аткарат.
Сын атооч нагыз сын атоочтук мааниде турганда аныктоочтук милдетти аткарат. Мисалы: Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет. Жакшы сөз - жарым дөөлөт. Жакшы сөз таш эритет, жаман сөз баш оорутат. Жазгы жамгырга ишенбе, кышкы күнгө ишенбе. Жакшы мугалим түзөйт, жаман мугалим көзөйт.
Сын атооч кээде жыйынтыктоочу ойду билдирип, сүйлөмдүн аягында келсе, баяндоочтук милдетти аткарат: Акылдуунун сөзү кыска, айта салса нуска. Кыздын кырк чачы улуу.Ар кимге өз жаны кымбат. Сөздүн кыскасы жакшы, Аркандын узуну жакшы. Арык кой тырышчаак, ач киши урушчаак. Сын атоочтун баяндоочтук милдети сүйлөм тизмегинде алган ордуна байланыштуу. Анын баяндоочтук милдетти аткарышы ээлик милдетине салыштырганда басымдуу, себеби баяндоочтун милдетин сапаттык, катыштык сындардын бардык түрлөрү аткарышы мүмкүн. Мында баяндоочтор аныктоочторго берилүүчү суроолорго жооп берет. Семантикасында сапаттык окшоштук, бардык - жоктук маанилерди берет.
Сын атоочтор заттык маанини билдирип, сүйлөм ичинде ээлик милдетти да аткарат: Арык семирет, ач тоюнат. Жаш күчү менен, кары кеңеши менен барктуу. Билими күчтүү минди жыгат, Билеги күчтүү бирди жыгат. Ат жакшысы жолдо сыналат, Дос жакшысы айыгышкан жоодо сыналат.

Сын атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы

Сын атоочтун жана тактоочтун синтаксистик жол менен жасалышында окшоштуктар байкалат. Экиден кем эмес түзүүчү менен жасалган сын атоочтор синтаксистик жол менен жасалган болот. Мындай сын атоочтор татаал сын атоочтор деп аталат. Татаал сын атоочтор кош сөздөр же кошмок сөздөр тибинде болот. Мына ошого жараша алар кош сын атоочтор жана кошмок сын атоочтор деп жалпысынан эки топко бөлүнөт.
Сүмөлөк кыргыз элинин улуттук тамагынын бири. Ал эрте жазда үрөндөр себилип жаткан мезгилинде бышырылып, элге тартууланууучу улуттук тамак. Азыркы мезгилде Нооруз майрамында атайын даярдалган майрамдык тамак. Ал эми сүмөлөктүн келип чыгышы боюнча төмөндөгүдөй уламыш бар:
Илгери көп балалуу бир үй-бүлө болгон экен. Атасы балдарына тамак издеп кетет. Энеси балдары менен үйүндө калат. Балдарынын курсагы ачып, энесинин тынчын алат.
-Эне, курсагым ачты, - деп ыйлай беришет экен.
Энеси айласы кетип, балдарын сооротуш үчүн казанга суу куюп, майда ташты салып, кайната баштаптыр. Улам бир баласы: «Курсагым ачты, курсагым ачты! Тамак жейм», - деп ыйлай берет. Эне байкуш:
- Азыр тамак бышат, - деп казанга отту жага берет. Балдары чарчап уктап калат. Балдардын зарын угуп, кудайдын мээрими төгүлгөнбү, кайнаган таш, тамак болуп калган дешет. Ошондон бери «Сүмөлөк» келип чыккан деп айтылат.

**Тесттик тапшырмалар:**

**1. Касы вариантта заттын сыпаты башка зат менен болгон байланышы аркылуу берилген?**
А) Тоолуу, алтындай, эң бийик.
Б) сулуураак, улуураак, узунураак
В) Чачтуу, жазгы, окуучулук
Г) Көпкөк, кызгылтым, саргын
**2. Кайсы асты сызылган сөз түстү билдирип турат?**
А) Кара күчкө салып озоңдогон баласынын бул кылыгынан улам Ажар киререге жер таппай турду.
Б) Эмки адамдар майынын барын сыйрып таштап,кара кесек эт жегенге өтүштү.
В) Жүрөгүнүн бир жеринде кара адамга кантип ишенбей коесун?
Г) Кундуздай кара чачын өрүп туруп далысына таштап койгондо, элдин баары суктанчы эле.
**3. Затташкан сын атооч камтылган мисалды аныкта.**
А) Жакшы мугалим түзөйт, жаман мугалим көзөйт.
Б) Акылдуунун сөзү кыска, айта салса нуска.
В) Арык кой тырышкан, ач адам урушкан.
Г) Көздүү мончок жерде албайт.
**4. Төмөндөгү сын атоочтордун кайсынысы башкалардан айырмаланып турат?**
А) Гүлдөй
Б) Жайкы
В) Шаардык
Г) Назик
**5. Төмөндөгу сүйлөмдөрдун кайсынысында асты сызылган сөз адамдын сапатын туюндуруп турат?**
1. Жакшы ашын жейм. Жаман башын жейт.
2. Кызылдан көгү жакшы.
3. Жакшыга бир сөз, жаманга миң сөз.
4. Өтө кызыл тез оңот.
А) 2, 4 гана
Б) 2, 3 гана
В) 1, 3 гана
Г) 1, 3, 4
**6. Кайсы вариантта орфографиялык ката бар?**
А) Сен Орто-Токойга качан барасын?
Б) Футболдон Баткендик балдар утуп кетишти.
В) Анын атасы аябай каарлуу эле.

Г) Аппак бантик тагынып мектепке барчу элек.

**7. Кайсы катардагы сөз башкаларынан түзүлүшү боюнча айырмаланып турат?**

А) Намыскөй

Б) Калыс

В) Адилеттүү

Г) Чынчыл

**8. Кайсы сүйлөмдөрдөгү алды сызылган сөздөр адамды билдирип турат?**

1. Пейли тар адам кең, идиштен аш иче албайт.
2. Пейли жакшы кем болбойт.
3. Эстүүгө эки ооз сөз жетет.
4. Кийинки балдар эстүү.

А) 2. 4

Б) 1, 2 жана 3

В) 2, 3

Г) 2 жана 3

**9. Кайсы сүлөмдөгү алды сызылган сөз адамды билдирип турат?**

**А**) Балам. Ойлон, эси жоктук кылбагын

Б) Эси жок бала ата-энесин бейпайга салды.

В) Нысапсызга кашык салса-беш ууртайт.

Г) Санаачыл адам ооруп калышы мүмкүн.

**10. Кайсы варианттагы белгилеген сөз заттын түсүн билдирип турат?**

А) Кайгызы жок кара сууга семирет.

Б) Кара пальтосунун чаң болгон жерлерин каккылап, эки өңүрүн жыя отурду.

В) Ак-карасын териштирип туруп, анан бир жыйынтык чыгарбайлыбы, туугандар.

Г) Сузак районундагы Барпы айылынын фермерлери эт багытындагы кара мал алып келип, киреше таап жатышат.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Сын атоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн кандай белгилери боюнча айырмаланат?
2. Сапаттык жана катыштык сын атоочтордун айырмасы эмнеде?
3. Сын атоочтун даража категориясы жөнүндө айтып бергиле.
4. Сын атоочтор морфологиялык жана синтаксистик жолдор менен кандай уюшулат?
5. Сын атооч сөздөрдүн сүйлөмдө аткарган милдеттери жана аларды мисалдар менен далилдегиле.

**Практикалык сабак №17 (2 саат)**

**Тема: Сан атооч сөз түркүмү, алардын түрлөрү, түзүлүшү**

Максаты:

а) Берилген тексттен сан атооч сөз түркүмдөрүн табышат жана алардын маанилик түрлөрү боюнча ажыратышат.

б) Сан атооч сөздөрү катышкан макал,жаңылмачтарды таап,алардын түзүлүшү жана жазылышы боюнча талдоо жүргүзүшөт.

в) Сан атоочтун жасалышы боюнча таблица түзүшөт.

**Сабакта аткарылуучу тапшырмалар**:

**1-тапшырма**

Тексттен сан атооч сөздөрдү таап, алардын маанилик түрлөрүнө ажыраткыла. Текст. (Чолпонбек Абыке уулу "Бриллиант жылан" 185-бет)

Узундугу 37 см, жоондугу 7 см келген жыланды өтө баалуу изумруд, бриллиант таштарды алтынга чөгөрүп, өзөгүн түзгөн алтын чынжырга байлаштырып, бир эле ташына колуң тийсе тирүүчө койкоңдой баш көтөрө калып оозу ачылып, алтын тили соймоңдосо мунун өлүү экенине ишенген адамдын да жүрөгүн солк дедиргендей Бриллиант жыландын чыныгы баасын эч ким билбейт. Балким бир эле ташы бир нече миллион доллар турушу мүмкүн. Оозунан алтын тили чыкканда кармап тартса ичинен алтын чынжырга байланган узундугу 7 см. алтын ачкыч чыгат. Бул эмненин ачкычы? Татаал түйүн ушул жерде жатат. Жыландын оозундагы ачкыч ачуучу кулпунун сырын жазып туруп, 1-2 беттен кийин 5-6 бет кылып өзүнчө, ортосундагы 3-4 беттен кийин 7-8 бет кылып өзүнчө жүз баракты тепе-тең экиге 50дөн бөлүп таштаган эки кийиз китеп канча кылым өтсө да бириге албады.

**2-тапшырма:** Эсептик жана иреттик сан атоочтор. Көнүгүү иштөө (4-класс, 107-113-беттер)

**3-тапшырма:** Сан атоочтун өз алдынча жөндөлүшү.2-көнүгүү.Алгач тексттен сан атооч сөздөрдү тапкыла.Алардын ичинен бир сан атоочту жөндөмөлөр менен өзгөрткүлө.Эмнени байкадыңар?(3-класс,78-бет)

**4-тапшырма**

Сан атоочтордун жасалышы боюнча таблица түзгүлө.

Түшүнүү.

Сан атооч заттардын (кээде кыймыл – аракеттердин) сан жагынан белгисин – жакталган санын (миң кой, кырк киши, жүз өрдөк ж.б.) же сан жагынан чамаланышын (он миңдей китеп, беш миңче үй), болбосо эсептөөдөгү катар ордун, иретин (1-, 2-, 3-) билгизет.

Сан атоочтор маанилериндеги жана грамматикалык жаратылышындагы айрым өзгөчөлүктөрүнө ылайык алты топко бөлүнөт: эсептик сан, иреттик сан, жамдама сан, чамалама сан, бөлчөк сан, топ сан.

**Тесттик тапшырмалар:**

1.**Кайсы вариантта сандык так эместиги берилген?**

А) "Жетинин бири –Кадыр" деген сөз бар эмеспи.

Б) Алыстан беш-алты караан көрүндү.

В) Он жылдан бери ушул иш менен алектенем.

Г) Бир табакка жетиден киши отургузгула

**2. Кайсы катарда орфографиялык ката бар?**

А) iv- кылымдын ортосунда кыргыздар таасирдүу дөөлөт түзүшкөн.

Б) 1- класска баргандагы окуялар өмүр бою эсинде калды.
В) Асыл №71 мектептин алдыңкы окуучусу.
Г) Алар он-ондоп тайпаларга бөлүнүп, жарыштарды уюштуруп турушат.
**3. Кайсы вариантта “катардагы алды сызылган сөз убадага турбаган адамды түшүндүрүп турат?**
А) Аны иштеген бир гана досу бар.
Б) Бир киши кылчу ишке он киши алуунун
В) Окуучуларымдын ичинен бир  кызды естей албай жатам.
Г) Төрдө бир кыз отурат. Өнү тааныш.
**4. Кайсы катардагы алды сызылган сөз убадага турбаган адамды түшүндүрүп турат?**
**А**)Сөзү экинин иши дагы чеки.
Б)Японияга эки ирет барганым менен ,апамдын каалаганын алып бере албадым.
В)Саламат бирди эки кылган жагынан ушунчалык эпчил.
Г)Эки ооз сөз билбесе дагы айткан жагына барып келди.
**5.Кайсы варианттагы “миң” деген сөз сандык маанини туюндурган жок?**
А)Миңдеген адамдардын колдоосуна ээ болуп,жеңишке жетээрине бөркүндөй ишенип турду.
Б)Бир арыктан миң ат суу ичет.
В)Бир өзүн миңге баалаймын.
Г)Миң жолу укканча ,бир жолу көргөн артык.
**6.Кайсы варианттагы алды сызылган сөз күчөтмө маанини туюндурду?**
**А)**Өзүнүн аты-жөнүн жогорку балл алган окуучулардын тизмесинен көргөндө ,өз көзүнө ишене албай,ушундай бир толкунданды
Б)Эгиз козудай ээрчишип жүрчү досунун  бир дагы жолу телефон чалып койбогондугуна таарынып,бир топко бушайман болуп жүрдү.
В)Чаңкап келген неме чыныдагы майдан бир уууртап алып эле,столго кое койду.
Г)”Миң уккандан бир көргөн артык эмеспи,Андан көрө барып эле,өз көзүбүз мененкөрүп келели”,-дедиАкмат.
**7.Кайсы катардагы асты сызылган сөздөр адабий тилдин нормасына туура келбейт?**
**А) Митинге жүз чакты адам катышты.**
**Б) Медицинага миңден окуучулар тапшырышты.**
**В) Класста сегизөөбүз гана отурабыз.**
**Г) 2018-жылы мен үчүгн жаңылануунун жылы болду.**
**8.Кайсы катардагы алды сызылган сөз өтмө мааниде колдонулду?**
**А) Жаңы төрөлгөн ымыркайды кыркы чыкканда эч кимге көргөзүшкөн эмес.**
**Б) Адамды беш кылбай. Чыныңды айт.**
**В) Эки ирет барсам да, табалбай койдум.**
**Г) Жоо чаба тургансып, алтоо тең келип алышыптыр.**

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Сан атоочтордун башка сөз түркүмдөрүнөн айырмасы кандай?
2. Сан атоочтун түрлөрү. Алардын ар бирине токтолгула. Мисалдарды келтиргиле.
3. Сан атоочтордун жазылышы боюнча эмнелерди айта аласыңар.
4. Сан атоочтордун жасалышында морфологиялык жол эмне үчүн колдонулбайт?
5. Синтаксистик жол менен жасалган сан атоочторго мисалдарды келтиргиле.

## Практикалык сабак №18 (2 саат)
## Тема: Ат атооч сөз түркүмү

Максаты:

а) Ат атоочко мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү табуу.

б) Ат атоочтун маанилик топторуна кластер түзүү.

в) Ат атоочтун жөндөлүшүндөгү өзгөчөлүктөрдү жөндөө аркылуу табуу

**Сабакта аткарылуучу тапшырмалар:**

**1-тапшырма**

**Тексттен ат атооч сөздөрдү таап,сүйлөмдөрдү түзгүлө.**

Текст.(М.Элебаев “Узак жол” повести,1-бет)

Биздики — элден обочо, жалгыз тамдын түбүндөгү жалгыз кара үй эле. Шашке кез.Биз төшөктөн жаңы туруп жатканбыз. Бир кезде Алмакан эжем ойдо жок жорукту баштап, эпкиндеп, чыркырап барып төшөктө жат-кан энемди басып жыгылды. Анын төшөк тартып жатканына көп болгон.

Энем да күндөкүдөй эмес, көздөрү коркунучтуу, чарасынан чыгып, көкүрөгү кырылдап, билинер-билинбес дем алып, улам жоошуп кетип баратат. Өлүп бараткан адамды биринчи көргөнүм ушул. Ошондо мен он бирдемин. Баарыбыз үрпөйө түшүп, энемди тегеректеп, үйүлө калдык. Эжем тура түшүп, элирген немедей бардык үнү менен өкүрүп тышка чыкты да, бир кезде кайра кирип келип, энемди дагы басып жыгылды. Биздин үй элден обочо болсо да эжемдин чыңырган дабышы менен бирин-серин эл жыйналып калды. Ошол убакта мен эмнегедир алданып тышка чыгып кеткемин. Аңгыча болбой бир кезде «чур» дей түштү. Чуркураган чаржайыт үндөр уламдан-улам күчөй берип, жаман үйдү көтөрүп кетти. Ошентип, алты чөбүрө жетим калдык. Эң улуубуз Алмакан эжем, анан мен, менден кийин Беккул, анан Эш-бай, андан кийин Ашымкан деген кыз. Эң кенжебиз Бекдайыр. Баарыбыздын арабыз эки жаштан. Өлөр алдында жана бир кыз төрөп, аны багып ал деп бирөөгө берген.

**2-тапшырма**:Ат атоочтун маанилик топторуна кластер түзгүлө.

**3-тапшырма**

**Тексттеги ат атооч сөздөрдү таап, жөндөгүлө.**

Затты же анын белгилерин атабай туруп, аларды жалпы мааниде көрсөтүүчү сөздөр ат атоочтор  деп аталат. Тилде ат атооч эң байыркы убактардан тартып эле колдонулган. Бул анын колдонулууга ыңгайлуулугу менен байланыштуу. Ат атоочтун негизги мүнөздүү өзгөчөлүгү-маанисинин абстракттуулугу жана жалпылыгы. Ат атооч сөздө башка сөз түркүмдөрүнүн ордуна колдонулат. Ат атоочтордун башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап көрсөтүүчү грамматикалык  белгиси жок. Өзүнө тиешелүү суроолору да жок. Ат атооч сөздөр кайсы сөз түркүмүнүн ордуна колдонулса, ошол сөз түркүмүнүн суроосуна жооп берет жана ошол сөз түркүмүнүн грамматикалык категориялары менен өзгөрүүгө учурайт.

Ат атоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн негизинен лексикалык мааниси боюнча айырмаланат.

Алар мааниси боюнча өзүнчө сөз түркүмү катары лексикалык фондудан бөлүнүп чыккан.

Ат атоочтордун морфологиялык өзгөчөлүгү катарында жөндөлгөндө, алардын кээ бирөөлөрүнүн уңгусунун өзгөрүп кетишин гана атоого болот.

Мисалы: мен, менин, мага, мени, менде, менден; ал, анын, ага, аны, анда, андан ж.б.

Ат атоочтор мүчөнүн жардамы менен башка сөз түркүмүнөн жасалбайт.

Татаал ат атоочтор гана сөз жасоонун синтаксистик жолу менен жасалышына ээ.

Мисалы: алда кандай, алда не, ар ким, кайсы бир, кимдир бирөө, эч кандай, эч ким, эч качан ж.б.

Ат атоочтор маанисине карай төмөнкү топторго бөлүнөт:

**Жактама**: мен, биз (1-жак); сен,сиз, силер, сиздер(2-жак); ал,алар (3-жак).

**Шилтеме**: бу (бул), ушу (ушул), ошо (ошол), тиги (тигил), тетиги (тетигил), тээтигил ж.б.

**Сурама**: ким? эмне? не? кандай? кайсы? канча? нече? качан? кайда? кайдан? кана? ж.б.

**Аныктама**: бүтүн, бүткүл, баары, ар ким, ар бир, өз ж.б.

**Белгисиз**: кимдир бирөө, бир нерсе, кандайдыр, алда кандай, алда ким ж.б.

**Таңгыч**: эч ким, эч нерсе, эч бир, эч качан, эч нерсе ж.б.

Жөндөмө категориясы боюнча да өзгөрөт:

Атооч: мен сен сиз ал

Илик: менин сенин сиздин анын

Барыш: мага сага сизге ага

Табыш: мени сени сизди аны

Жатыш: менде сенде сизде анда

Чыгыш: менден сенден сизден андан

Текст.(М.Элебаев “Узак жол” повести,1-бет)

Биздики — элден обочо, жалгыз тамдын түбүндөгү жалгыз кара үй эле. Шашке кез. Биз төшөктөн жаңы туруп жатканбыз. Бир кезде Алмакан эжем ойдо жок жорукту баштап, эпкиндеп, чыркырап барып төшөктө жат-кан энемди басып жыгылды. Анын төшөк тартып жатканына көп болгон. Энем да күндөкүдөй эмес, көздөрү коркунучтуу, чарасынан чыгып, көкүрөгү кырылдап, билинер-билинбес дем алып, улам жоошуп кетип баратат. Өлүп бараткан адамды биринчи көргөнүм ушул. Ошондо мен он бирдемин.

Баарыбыз үрпөйө түшүп, энемди тегеректеп, үйүлө калдык. Эжем тура түшүп, элирген немедей бардык үнү менен өкүрүп тышка чыкты да, бир кезде кайра кирип келип, энемди дагы басып жыгылды. Биздин үй элден обочо болсо да эжемдин чыңырган дабышы менен бирин-серин эл жыйналып калды. Ошол убакта мен эмнегедир алданып тышка чыгып кеткемин. Аңгыча болбой бир кезде «чур» дей түштү. Чуркураган чаржайыт үндөр уламдан-улам күчөй берип, жаман үйдү көтөрүп кетти. Ошентип, алты чөбүрө жетим калдык. Эң улуубуз Алмакан эжем, анан мен, менден кийин Беккул, анан Эш-бай, андан кийин Ашымкан деген кыз. Эң кенжебиз Бекдайыр. Баарыбыздын арабыз эки жаштан. Өлөр алдында жана бир кыз төрөп, аны багып ал деп бирөөгө берген.

**Тесттик тапшырма:**

1. Ат атооч:
А) Заттын атын же анын белгилерин атап көрсөтөт
Б) Заттын атын же анын белгилерин атабай туруп,аларды жалпы мааниде көрсөтөт
В) башка сөз түркүмдөрүнөн жасалса ат атооч болот.
Г) мүчөлөр жалгануу менен түзүлсө ат атооч болот

**2.Ат атоочтун түрлөрү:**
А)жактама, шилтеме, сурама, таңгыч, аныктама, белгисиз ат атооч В) мен, сен, ал, биз, алар, силер
Б)жак, сана, ат атоочтор Г) көптүк,жекелик ат атоочтор

**3.Жактама ат атооч**:
А) мен, биз (1-жак); сен,сиз, силер, сиздер(2-жак); ал,алар (3-жак).
Б) бу (бул), ушу (ушул), ошо (ошол), тиги (тигил), тетиги (тетигил), тээтигил ж.б.
В) ким? эмне? не? кандай? кайсы? канча? нече? качан? кайда? кайдан? кана? ж.б.
Г) бүтүн, бүткүл, баары, ар ким, ар бир, өз ж.б.

**Тесттик тапшырмалар:**

**1. Туура эмес жазылган ат атоочтор**
А)тээтигил, тетигил, бул В) мына бу, мына ушул, ага
Б) эчтеме, эчтеке, эчтеңке Г) эч нерсе, эч ким, өз-өзүнө

**2. Шилтеме ат атооч катышкан сүйлөм**:
**А**) Мен бул баланы тааныйм. В) Кимдир бирөө терезеден карады.
Б) “Балдар-биздин келечегибиз” Г) Ал баарын түшүнөт.

**3. Сурама ат атоочтору бар сүйлөм:**
А) Сен дайра кылымдарды кезип жаттын. В) Ал ушул нерсеге жан-дили менен умтулат.
**Б)** Не көрдүн,нени билдиң,нени көрдүн? Г) Бул сүйлөшү кечинде болгонбу?

4. Кайсы вариантта орфографиялык ката бар?
А) Эч кайсы
Б) Эч бир

В) Эч нерсе
Г) Эч теме
**5. Асты сызылган сөздөрдүн кайсылары сүйлөмдө бирдей мааниде колдонулду?**
1. Анда, мындай болорун билген эмеспиз.
2. Анда, кечикпей эрте келгиле.
3. Анда, бары-жоктун баары бар.
4. Анда, уялуу деген жок экен.
А) 1.2 гана
Б) 2, 3 гана
В) 3, 4 гана
Г) 4, 1 гана
**6. Төмөндөгү сөздөрдүн уңгуларын тапкыла. Мунун, мында**
А) Бул, бул
Б) Бул, мына
В) Мына, мына
Г) Мен, мына
**7. Кайсы варианттагы алды сызылган сөз жаңсоо иретинде колдонулду?**
А) Ал минтип чоңдоруна жагынып алганы менен, элге суук тумшук көрүндү.
Б) Ал-Чокондун улуу баласы.
В) Ал кыз бүгүн сайма жакалуу ак жибек көйнөк кийген экен.
Г) Ал кемселин чечип, ийнине илип алган.
**8. Асты сызылган сөздөрдүн кайсылары адамды туюндурду?**
1. Ушундай керемет ырды мурда эч ьир укпаптырмын.
2. Ушундайлардын айына элдин турмушу оорлоп жатпайбы.
3. Азаматсың, ушунуңдан такыр жазба.
9. Ушундайлар иштеп кеткен сайын мекеменин иши солгундап калат экен.
А) 1 жана 3
Б) 2 жана 4
В) 3 жана 4
Г) 4 гана
**10. Кайсы каталардагы белгилеген сөздөр заттык маанини жалпылап, анын белгисиз экендгин көрсөтуп турат?**
1. Кимдин ким экени ошондо билинди.

2. <u>Бардык</u> окуяда анын бармагы бар.
3. Отура бербей, <u>бирдеме</u> десең боло!
4. <u>Бирөөнүн</u> убалына кала электе эсиңе кел.
11. <u>Алда</u> <u>кайда</u> жүрдү экен?!
А) 1, 2 жана 3
Б) 2, 3 жана 4
В) 3, 4
Г) 5, 1 жана 2
12.Мындан деген сөздүн уңгусу кайсы вариантта берилген?
А) Мына
Б) Мында
В) Бул
Г) Ушул

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Атооч сөз түркүмдөрү кайсылар?
2. Ат атооч деп эмнени айтабыз?
3. Башка сөз түркүмдөрүнөн ат атооч эмнеси менен айырмаланат?
4. Ат атоочтор кандай суроолорго жооп берет?
5. Ат атоочтордун эмне деген түрлөрү бар?
6. Ат атоочтордун өзгөрүш өзгөчөлүктөрүн айтып бергиле.
7. Ат атооч сөз түркүмү тууралуу кыскача чыгарма жазгыла.

**Практикалык сабак №19 ( 2 саат)**
**Тема: Тактооч, анын маанисине карата бөлүнүшү**

Максаты:
а) Тактооч сөз түркүмү боюнча эки бөлуктү күндөлук толтуруу
б) Тактоочтун маанилик топтору боюнча топто иштөө
в) Тактооч сөздөрдү катыштырып,сүйлөмдордү түзүү

**Сабакта аткарылуучу тапшырмалар**:

**1-тапшырма**
Тактооч сөз түркүмү боюнча эки бөлүктүү күндөлүк толтуруу;
**2-тапшырма**
Тактоочтун маанилик топтору боюнча топтоо иштөө

**3-тапшырма**

Тактооч сөздөрдү катыштырып текст түзүү

***Тактоочтордун өз алдынча сөз түркүмүн түзөөрү түркология илиминде, анын ичинде кыргыз тил илиминде да, узак мезгилдер бою шектүү каралып келген. Кээ бир окмуштуулар аларды өз алдынча сөздөр тобун, сөз түркүмүн, түзөт, дешсе, кээ бирлери тактооч сөздөрдүн бир бөлүгүн сын атаоочторго, бир бөлүгүн зат атоочторго ыйгарып келишкен. Тактооч сөз түркүмү тууралуу маселе ойго да келген эмес. Кыргыз тил илиминде сөз түркүмдөрү маселесинин жеткилең чечиле бербегенинен улам, 1950-жылдарга чейин эле тактооч өз алдынча сөз түркүмү болуп мектеп грамматикасына киргизилген эмес. Кыргыз тил илиминин башатында турган кызыл профессор К.Тыныстановдун окуу китебинде тактооч деген сөз түркүмү катталган эмес. Тактооч сөздөрдүн өздөрү да мисалдар катары тигил же бул сөз түркүмүнөн жолукпайт.***

***Тактоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн төмөнкү белгилери менен айырмаланат:***

***1. Лексикалык жактан маанилери абстракттуу болуп, кыймыл-аракеттин, процесстин, ал-абалдын кырдаалын (орундук, мезгилдик, себеп, максат, сан-өлчөм, сын-сыпат кырдаалдарын) билдирет.***

***2. Морфологиялык жактан тактоочтун өзүнө гана тиешелүү куранды (сөз жасоочу) мүчөлөрү бар. Мисалы: -ча: балача, кыргызча; -лап: эртелеп, баштыктап, сенчилеп ж.б.***

***3. Синтаксистик жактан дайыма этиш сөздөр менен айкашып келип, сүйлөмдө көбүнчө бышыктоочтук милдет аткарат.***

**Тесттик тапшырмалар:**

**1. Кайсы варианттагы суйлөмдө асты сызылган сөз кыймыл -аракеттин сыпатын билдирди?**

А) Алар дайыма эл-жерине жардам бергенге даяр.

Б) Өйдө-ылдай чапкылап жүрүп, бир канча киши чогултуп келди.

Г) Бир орок менен алмак-салмак оруп жатышты.

В) Анын үйү төмөнүрөөк жайгашкан.

**2. Сүйлөмдөгү асты сызылган сөз кыймыл-аракеттин эмнесин билдирди.**

Ал илгерирээк барды да, токтоп калды.

А) Сыпатын

Б) Мезгилин

В) Ордун

Г) Өлчөмүн

**3. Кайсы вариантта сүйлөмдөгу алды сызылган сөз жеке турганында орунду билдирип турат?**

А) Дүпүйгөн бак турган жерден бери Аскаттын короосун көздөй чуркашты.

Б) Кечээтен бери таттуу кыялдын кучагынан чыгалбай турат.

В) Отургандардын көпчүлүгү бир далайдан бери бугун гана жолугушуп жаткандыктан, сураша турган суроолор көп эле.

Г) Алдыңа кетейин, бери басаң, бирдеме сурайын...

**4. Кайсы варианттагы сүйлөмдө асты сызылган сөз кыймыл-аракеттин сан-өлчөмүн билдирди.**
А) Бул эмгектин үстүндө өгүнү иштегенбиз.
Б) Сууну улуулата куйгула.
В) Кем бергенче артык берген жакшы.
Г) Ал үйүнө түндөп келиптир**.**
**5. Асты сызылган сөз тизмегинин маанисин аныкта.**
Акыл бул маселени жең ичинен сүйлөшүп бүтүрдү.
А) Биргелешип
**Б)** Тымызын
В) Акылдашып
Г) Абайлап
**6. Кайсы варианттагы сүйлөмдө алды сызылган сөз тизмеги кыймыл-аракеттин кандайдыр бир максатта аткарылганын билдирип турат?**
А) Кытайча үйрөнүп алганынын пайдасы тийип жатат.
Б) Бул ишканага кытайча сүйлөй алгандар гана кабыл алынат экен.
**В)** Кытайча жакшы үйрөнуш үчүн,Кытайдын өзүнө барып окуу керек экен.
Г) Кытайча бир ооз сөз билбесең, кантип иштейсин?
**7. –лай мүчөсу кайсы варианттагы сөзгө жалганса, кыймыл-аракеттин сыпатын билдирген сөз жасалат?**
А) Күн
Б) Утур
В) Жаз
Г) Чака
**8. Кайсы варианттагы сүйлөмдө асты сызылган сөз кыймыл-аракеттин мезгилин билдирди?**
А) Батыраак болгула, кечигип калып,тил укпайлы.
**Б)** Ананыраак сүйлөшөлү, бошобой жатам.
В) Азыраак сүйлө – сөзуңөн жаңылбайсын.
Г) Кээ бир окуялардын себебин табуу мүмкүн эмес.
**9. Кайсы варианттагы сөздөр бири-бирине маанилеш?**
А) Кечээ-мурун
Б) Жакын-жуук
В) Илгери- кийин
Г) Ары- бери
**10. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн кайсынысында алды сызылган сөз орунду билдирди?**

**А**) Эжейим шыктандырып койгондон <u>бери</u>, ансайын эргип куйуп- жанам
Б) Өкмөт отун-суу, тамак- ашынан <u>бери</u> камдап берчү.
**В)** Эки кааран <u>бери</u> жакындагын сайын, жүрөгүм бир башкача опкоолжуйт.
Г) Андан <u>бери</u> далай суулар агып, далай жылдар өттү

**Текшерүү үчүн суроолор**

1. Кандай сөздөрдү тактоочтор дейбиз?
2.Тактоочтордун башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалантан белгилерип көрсөткүлө.
3. Тактоочтордун бөлүнүшү.
4. Тубаса жана туунду тактоочтор тууралуу айтып бергиле.
5. Тактооч жасоочу курадыларга өзүңөрдүн мисалыңарды келтиргиле.
6. «Кыргыз тилиндеги тактоочтор» деген темада кыскача чыгарма жазгыла.

## Практикалык сабак №20 ( 2 саат)
## Тема: Этиш сөз түркүмү

Максаты:
а) Этиштин грамматикалык категориялары боюнча кластер түзүшөт.
б) Этиштин чактары.Көнүгүү иштөө.
в) Этиш сөздөргө сүйлөм түзүү жана морфологиялык талдоо жүргүзүү

**Сабакта аткарылуучу тапшырмалар:**

**1-тапшырма**
Этиштин грамматикалык категориялары боюнча татаал класстер түзүшөт.
**2- тапшырма:**
Этиштин чактары. Көнүгүү иштөө.(3-класс, кыргыз тили 92-95-беттер)
**3-тапшырма**:
Этиш сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзүп морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

***Заттардын кыймыл-аракетин, бейпилдик абалын жана акыл-ойдогу аракеттерди билдирген сөздөрдү этиш сөздөр деп айтабыз. Этиштер эмне кылып жатат? эмне кылды? эмне кылат? деген сыяктуу суроолорго жооп берет. Этиш термини эт- деген сөздөн келип чыккан. Ал «иште-», «кыл-», «аткар-» деген сыяктуу маанилерди билдирет. Бул байыркы учурларда активдүү колдонулуп, азыркы кыргыз тилинде өз алдынча дээрлик колдонулбайт да, кабыл эт-, сабыр эт-, кыймыл эт-, былк эт-, солк эт- өндүү татаал этиштердин тутумунда гана айтылат.***

***Башка тилдерден өздөштүрүлүп уюшулган этиштик татаал формалар менен оозеки кебибизде колдонулуп калат: звонить эт-, встречать эт-, оформить эт- ж.б. Кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүнүн ичинде этиш сөз түркүмү өзгөчө орунда турат. Анткени,***

***биринчиден, этиштер тилдеги сөздүк кордун салыштырмалуу көпчүлүк бөлүгүн түзөт. Экинчиден, этиш сөздөрдүн башка сөз түркүмүнө өтүп кетүүсү өтө сейрек учурайт. Алар тилдеги туруктуу лексика- грамматикалык топту түзөт. Башка тилдерден этиш сөздөрдүн ооп келиши, башкача айтканда, кабыл алынышы да жокко эсе. үчүнчүдөн, этиш сөздөрдүн грамматикалык түзүлүшү өтө татаал, анын грамматикалык категориялары да өздөштүрүүгө бир топ оор. Этиштер ынгай, мамиле, жак, чак, сан категориялары боюнча өзгөрөт, оң жана терс маанилерди туюндуруп айтылыш формаларына да ээ. Кыймыл-аракеттин субъектиге карата өтмө же өтпөс (булар тууралуу ылдыйда өзүнчө сөз болот) болуп келиши да этиштердин тутумдук түзүлүшүнө байланыштуу. Анткени, жаратылыштагы жандуу жана жансыз заттардын мейкиндик чегиндеги кыймылы жана ал кыймылдын мезгилдик алкагы чексиз. Демек этиш сөздөр өтө ар түрдүү кыймыл- аракеттерди, өтө ар түрдүү бейпилдик абалдарды, акыл-ойдогу өтө ар түрдүү кыймыл көрүнүштөрүн, кыймыл-аракеттердин ар башка убакыт бирдигинде, ар кайсы мезгилдерде жүрүп турганын билдирет.***

Тесттик тапшырмалар:

**1.Этиштин категориялары кайсылар?**

а)даража,мамиле,жөндөмө; б) ыңгай,чак,мамиле,сан,жак;

в)таандык,көптүк,чак,сан; г) даража,жөндөмө,сан,жак;

**2.Ат атоочтор маанисине карата канча топко бөлүнөт?**

а) 4 б) 2 в) 8 г) 6

**3.Этиштин мамилелери кайсылар?**

А)негизги мамиле,өздүк мамиле,туюк мамиле,кош мамиле,аркылуу мамиле

б )жак,ыңгай,мамиле,жак

в)сан жөнөкөй жана татаал этиш

г) өтмө жана өтпөс этиштер

**4.Учур чак катышкан сүйлөмдү аныкта?**

а) Үч жылдык баккан акымды төлөйт.

б) Жакында суу агызабыз.

в) Ошол жылдын аягында Майсалбектен телеграмма келди

г) Экөө бир нерсеге күлүп келе жатышты

**5.Этиштин өзгөчө формалары кайсылар?**

а) өздүк мамиле, туюк мамиле, кош мамиле, аркылуу мамиле

б) баяндагыч ынгай, буйрук ыңгай, тилек ыңгай, шарттуу ыңгай

в) учур чак, келер чак, өткөн чак

г) чакчылдар, атоочтуктар, кыймыл атоочтор

**6)Этиштин чактары кайсылар?**

а) келер чак, өткөн чак, учур чак б) мамиле, ыңгай, чак

в)  чакчылдар, атоочтуктар, кыймыл атоочтор    г) Этиштин оң жана терс маанилери
**7. Келер чактын түрлөрү кайсылар?**
а)капыскы өткөн чак,адат өткөн чак    б) жөнөкөй учур чак,татаал учур чак
в)Айкын келер чак,арсар келер  чак    г) өткөн чак,келер чак,учур чак
**8.Тилек ыңгайды уюштуруучу мүчө кайсы?**
а)-гай    б) -мак,-чы    в) мүчөсү жок    г) -са
**9.Этиштин башка сөз түркүмдөрүнөн айырмасы:**
а)жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнүшү    в) Этиш сөздөрдүн маани бергендиги
б)мамиле,чак,жак,ыңгай категорияларынын болушу    г) жардамчы жана негизги болуп бөлүнгөндүгү
**10.Капыскы өткөн чакты уюштурган мүчө:**
а) -ып,ыптыр    б) -ган    в)  -ды    г) -гай
**11.Негизги этиш:**
а)Этиштик маанини толук сактап турган сөз    б) Этиштин маанисине толуктоо алып келген сөз
в)Ал-абалды билдирген сөз    г) Кыймыл аракет аткарган субьект белгисиз бойдон калат.
**12.Кыймыл аракеттин ар түрдүү кырдаалын,ал-абалын билдирген сөз түркүмү кайсы?**
а)этиш  б)сан атооч  в)сын атооч  г) ат атооч
**13.Шарттуу ыңгайды уюштурган сүйлөм кайсы?**
а)Ал ошол жүрүшү менен менден бирди көрмөк
б)  Кайтып келгенимче эле үйдө эле тура тургун.
в)Жогорку окуу жайында окуйм деп тилек койдум.
г)Кар кетип жаз келсе,жер көгөрүп,өрүк гүлдөйт.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Этиш деп кандай сөздөрдү айтабыз?
2. Жөнөкөй жана татаал этиштер. Татаал этиштин түрлөрү.
3. Негизги жана жардамчы (көмөкчү) этиштер. Жардамчы (көмөкчү) этиштер кандай кызмат аткарат?
4. Этиштин маанилик топтору. Этиштин оң жана терс маанилери.
5. Этиштердин өтмө жана өтпөс маанилери. Объект жана субъект тууралуу эмне билесиңер? Грамматикалык субъект жана логикалык субъект.
6. Мамиле категориясы. Негизги мамиле.
7. Өздүк мамиле. Өздүк мамиле маанилеринин уюшулушу.
8. Туюк мамиле. Туюк мамиле маанилеринин уюшулушу.
9. Кош мамиле. Кош мамиле маанилери.
10. Аркылуу мамиле. Аркылуу мамиле маанилеринин уюшулушу.

11. Мамиле мүчөлөрүнүн кабатталып келгендеги маанилери.
12. Ыңгай категориясы. Этиштин ыңгайлары.
13. Чак категориясы. Кыймыл-аракет жана убакыт. Э

**Практикалык сабак №21 (2 саат)**

**Тема: Өзгөчө сөз түркүмдөрү**

Максаты:
а) Сырдык сөздөр жана алардын түзүлүшү,бөлүнүшү,жазылышы боюнча топто иштешет;
б) Тууранды сөздөрдүн түрлөрү,түзүлүшү жана жазылышы боюнча өз алдынча таблицаларды толтурушат;
в) Сырдык жана тууранды сөздордү катыштырып,текст түзүшөт;

**Сабакта аткарылуучу тапшырмалар**:

1-тапшырма. 1-топ.Төмөнкү таблицаны толтургула:

| Ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр | Эрктик сырдык сөздөр | Турмуш-тиричиликте колдонулуучу сырдык сөздөр |
|---|---|---|
| Пай-пай-пай | Өш | Эсенсизби |
| | | |

2-топ.Төмөнкү таблицаны толтургула:

| Табыш тууранды сөздөр | Элес тууранды сөздөр | Сезим тууранды сөздөр |
|---|---|---|
| Тарс-турс | Ойсок | Зырп |
| | | |

3-топ.Өзгөчө сөз түркүмдөрүнүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү боюнча төмөнкү таблицаны толтургула.

| Жөнөкөй сырдык сөздөр | Татаал сырдык сөздөр | Жөнөкөй тууранды сөздөр | Татаал тууранды сөздөр |
|---|---|---|---|
| Кокуй | Бали-бали | Мөө | Калдаң-кулдаң |
| | | | |

**2-тапшырма** Тексттеги сүйлөмдөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

**Көк асман**

Шатырап жааган жамгыр уйку келтиреби, көзүм илинип кетиптир. Турсам, жамгыр басылып, чөптөрдү, тамдарды, тоолорду, бактарды жаркыратып салыптыр. Көңүлүм көтөрүлүп, эшикке көңүлдүү чыктым. Бах! Аба кандай таптаза! Пай-Пай, канаттуулар коздукту коштоп чурулдашат.

Аңгыча каркыралардын кыйкуулаган үнү угулуп калды. Дароо асманга көз жибердим. Баракелде, каркыралар асманга кол менен тизгендей кырка тартып, чыгышка беттеп баратышыптыр. Чиркин, жаандан соң асман бир башкача тунук! Бир башка көгүлтүр!

Асмандын көк,ээн,чексиз экендигин ошондо гана байкадым.

Аттиң ай, жанымда кагаз, келемин болсочу, - деп өкүнүп да алдым.

Ар кандай кырдаалдарда эрксизден эле айтылып кете турган адамдын ички сезимин, жаратылышка жана жаныбарларга болгон эрктик мамилелерин билдирген сөздөрдү сырдык сөздөр дейбиз.

Сырдык сөздөр сүйлөм тизмегинде, башкача айтканда, тилдин жандуу көрүнүшүндө көп жолугат. Айрыкча диалогдо, кишилер сүйлөшүп жаткан учурларда, бирдемени айтып жатканда арбын колдонулуп, биро алар сүйлөмгө боло алышпайт. Сырдык сөздөр сүйлөмгө грамматикалык корккондук, чочугандык, өкүнгөндүк, кубангандык, кабатырлангандык, коркуткандык, чочуткандык өңдүү маанилерди кошумчалайт. Атайын тыныш белгилери менен ажыратылып жазылат.

Жаратылыштагы ар кандай үндөрдү жана көрүнүштөрдү туурап айтылган сөздөр тууранды сөздөр деп аталат. Мисалы: Ха - ха - ха! Каткыра күлүп, Имаш Набинин кең далысын чапкылады. (М.Макенбаев). Адамдан же башка жаныбарлардан чыккан ар кандай дабыштар, жансыз заттардын кагылышуусунан пайда болгон үндөр жана ар кандай заттардын көрүнүштөрү ошол калыбында айтылып туюндурулат. Тууранды сөздөр оозеки кепте, тилдин жандуу көрүнүшүндө арбын колдонулат. Көркөм адабиятта да алар көп колдонулуп, айтыла турган ойдун таамайлыгын арттырып, образдуулугун камсыз кылат.

**Өзгөчө сөз түркүмдөрү боюнча тексттик суроолор**

**1. Адамдын басканын тууураган сөз кайсы вариантта берилген?**

**А**) Чоң эне бүкүрөңдөп келе жатты.

Б) Анын аксандаганы копко улпнды.

В) Ал калдыратып отуруп, издегенин араң тапты.

Г) Кобурашып отуруп кантип жеткенин билбей калышты.

**2.Кайсы вариантта тездик менен болгон кыймылды тууураган сөз катышкан?**

**А**) Ал эшиктен шып кирип келип бурчка отуруп калды.

Б) Арген далдаңдап чуркап келе жатат.

В) Мактап койсо дердеңдеп кетесиң да.

Г) Ал такылдап тың экен.

3. **Адамды тууураган сөз кайсы вариантта берилген?**

А) Артынан шуудураган үн чыгып коркуп кетти.

**Б**) Күңкүлдөп көпкө эшикте жүрдү.

В) Чыйпылдап адашып жүрүп, акыры энесин тапты.

Г) Идишти калдыратып тамак жасап жүрөт.

4.**Кайсы катардагы асты сызылган сөз суктануу маанисин камтын турат**?

А) <u>Азамат</u>, дайыма ушундай позитивдүү бол!

**Б)** <u>Пай-пай</u>, оптимист деген ушундай болот экен го!

В) <u>Эх</u>, сендей шайыр адам болгон бар го...

Г<u>) Ай-ай,</u> ушул мүнөзүн менен элге жакпай жүрөсүн да.

**5.Айбанатка карата колдонулган сырдык сөз кайсы вариантта берилген?**
А) Ий-ий В) Борс-борс
Б) **Так-так** Г) Пай-пай
**6. Төмөнкү сүйлөмдүн кайсынысында элес тууранды сөз колдонулду?**
А) Кээ бир арабакечтер аттарын атырылтып айдашат.
**Б)** Эшик кыйчылдап ачылып, көздөрү бакырайган кыз шып этип кирип келди.
В) Ою терең адам коргошундай оор болот экен.
Г) Бүркүт да табына келип, тим эле колдоп куюлган суудай болуп, салаадан чууруйт.
**7. Сүйлөмдөгү боштукту кайсы варианттагы сөз менен толуктасак, сүйлөмгө бир эсе таң калуу, бир эсе кубануу маанисин киргизген болобуз? ___ Ушунун баары магабы?**
А) О кокуй
Б) Эх чиркин
**В)** Ай-иий
Г) Ой баракелде
**8. Кайсы сүйлөмдөгү асты сызылган сөз маалыматсыздык маанисин туюнтту?**
А) Таң, сураган деле жокмун.
Б) Баса, ал келди беле?
В) Аттиң, ошол күндөр келсе кана!..
**Г)** Кап, убагында айтсаң эмне...
**9. Кайсы варианттагы сөз табыш тууранды сөздөн жасалды?**
А) Жаркылдады
Б) Шуудурады
В) Желбиреди
Г) Кайсалактады

Суроолор

1. Сырдык сөздөр деп эмнени айтабыз?
2. Сырдык сөздөр кандай топторго бөлүнөт?
3. Сырдык сөздөр кандай маанилерди билдирет?
4. "Сырдык сөздөр" деген терминге кандай түшүнөсүңөр?
5. Сырдык сөздөрдү көп катыштырып чакан аңгеме жазгыла
6. Тууранды сөздөр деп эмнени айтабыз? 2. Тууранды сөздөр кандай маанилерди билдирет?
7. «Тууранды сөздөр» деген терминдин ар бир түгөйүнүн (компонентинин) жекече маанилерине талдоо жүргүзгүлө.
8. Тууранды сөздөр башка сөз түркүмдөрүнөн кандай белгилери менен айырмаланат?

9. Тууранды сөздөрдүн бөлүнүшү.
10. Тууранды сөздөрдү катыштырып, чакан аңгеме жазгыла.

## Практикалык сабак №22 (2 саат)
## Тема: Кызматчы сөздөр

**Сабакта аткарылуучу тапшырмалар:**

**1-тапшырма. Тексттен кызматчы сөздөрдү таап, сүйлөм ичинде аткарган кызматтарын аныктагыла. (15 мүнөт)**

**Сүйүнчүлөө**

Кыргыздар эзелтен бери жакшылыкты, кубанычты башкалар менен тең бөлүшүүнү салт катары улантып келишет. Алардын бири сүйүнчүлөө деп аталат.

Кыргыздардын үйүндөгу жакшылык менен кубаныч ар дайым жарыя этилген. Үй-бүлөнүн жакшылыкты башкаларга кубануу менен биринчи айтып барганда белек тапшырылган, бодо малга чейин ыроологондор болгон. Улуу Манас эпосунда сүйүнчүгө үйүрү менен жылкы алгандар болгону айтылат.

Азыркы күндө да үй-бүлөдө наристенин төрөлгөнүн жакындарына жана санаалаштарына биринчи сүйүнчүлөп барган кыздар менен балдар чоң белектерди алышат.

Азыркы учурда сүйүнчүнү телефон аркылуу да айтса болот.

**2-тапшырма.** Кызматчы сөздөрдү катыштырып сүйлөм, текст түзгүлө.(15 мүнөт)

**3-тапшырма.** Кызматчы сөздөр. Көнүгүүлөр иштөө (4-класс, кыргыз тили, 135-136-беттер) (20мүн)

Кызматчы сөз түркүмдөрү башка сөз түркүмдөрүнөн төмөнкү белгилери боюнча айырмаланарын көрсөткөн.

1. Ар бири баштагы бүтүн сөздүк белгисин сакташып, негизги компоненттерден тыбыштык сөз катары ажыратылып айтылат. Ал эми мүчө болсо, айкашкан сөздөрү менен бирге айтылат. Бирок экөө тең лексикалык мааниге ээ эмес.

2. Маани бербөөчү сөздөр морфологиялык жактан уңгу, мүчөлөргө ажыратылбаган өзүнчө турган сөз болгондуктан, үндөштүк законуна баш ийбейт. Мүчөлөр менен айкашпайт. Мүчөлөр болсо, тыбыштык составы жагынан жалганган сөзүн ээрчип, үндөштүк законуна баш ийет.

3. Маани бербөөчү сөз түркүмдөрү, бүтүн сөздүк касиетин сакташып, дайыма басымды кабыл алышат: сен үчүн, дейин, гана, албетте, мүмкүн, келдим го! келе гой ж.б.

Ошентип, сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруу, ийкемдүү тутумдаштыруу милдетин аткарып, кошумча ар түрдүү грамматикалык маанилерди алып келген сөздөрдү кызматчы сөз түркүмдөрү дейбиз.

Кыргыз тилинде алар төмөнкүлөр:

Байламталар
Бөлүкчөлөр
Жандоочтор
Кыялий мамиле (модалдык) сөздөр

**Тексттик тапшырмалар**:

**1. Кайсы варианттагы асты сызылган сөз божомолдоо маанисин туйундуруп турат?**

А) Анын досу ары чынчыл, ары карапайым экен.

Б) Келгендер дагы, кеткендер дагы көбөйүп кетти.

**В) Анын көктүгү аны же ийгиликке жеткирет, же түбүнө жетет**.

Г) Кандай мамиле көрсөн ошондой мамиле кылуу эрдик эмес.

2. **Кайсы варианттагы алды сызылган сөз сүйлөмгө мүчө боло албайт**?

А) Айболоттун сөзүнүн чындыгына калет жок.

Б) Кандай гана болбосун, сөздүн чындыгын гана айтып жүр.

**В)** Чындыгында, бул кылгандарым эл оозуна алынып кетет деп эч ойлонгон эмесмин.

Г) Чындыгын билбесек да, окуянын кандай ыраатта өнүккөнүн божомолдой алабыз.

3.**Кайсы варианттагы асты сызылган сөз тактоо иретинде колдонулган?**

**А**) Ошол кезде акиташ бар беле же жок беле?

Б) Атактуу болсо да, ары жөнөкөй, ары адамгерчиликтүү мындай адамды көрбөдүм.

В) Бүгүнкү турнирде Данияр дагы мыктылыгын көрсөттү.

Г) Канчалык көп окуган сайын, ошончулук кызыгына батып кетти.

4.**Кайсы варианттагы сүйлөмдө тыныш белгиси туура коюлган.**

А) Балам, сенин айткандарың туура, көрүнөт.

**Б)** Ошентип көз ушалагыча, күндөр адыр желиндей тез өттү.

В) Айтымына караганда, ошол катта мен жөнүндө жарты ооз деле сөз жок экен.

Г) Чоро- менден эки жашча улуу окшойт.

**5.Кайсы сүйлөмдөгү асты сызылган сөз айтылып жаткан ойду жыйынтыктоо иретинде колдонулду?**

**А**) Демек, бул анын акыркы чечеми экен да.

Б) Менимче, убакыттын өтушү менен ал барын кечирет.

В) Эртең, балким, жайлоого барып калышар,

Г) Албетте, ар ким өзү үчүн жооп берет.

6. Кайсы варианттагы сүйлөмдүн тыныш белгилери туура коюлган.

А) Термечиков кыска бирок, маңыздуу сүйлөдү.

**Б**) Сени тоспогондо, кимди тосом кагылып кетейин уулум?!

В) Анын айтымына караганда азыр мени менен айылга кетет окшойт.

Г) Мүмкүн, Ата Мекен жөнүндөгү жалындуу обондор ошондо туулган чыгар.

**7. Кайсы варианттагы асты сызылган сөз күчөтүү маанисин туюндурду**.

А) Аны өз жайына тим эле койчу, ызылдата бербей.

**Б)** Атасын тим эле сагынып калыптыр, кое бербей кучактап отурат.

В) Тез эле аркы өйүздөн <u>өтө</u> келди.
Г) Аскердик милдетиңди татыктуу <u>өтө.</u>

8. Кайсы варианттагы асты сызылган сөз кыймыл-аракетти туюндурган жок?

**А)** Майрамга <u>карата</u> унутулгус кече уюштурулду.
Б) Ал канча аракет кылса да, душмандарын <u>карата</u> алган жок.
В) Ал демин ичине <u>тарта</u> отуруп калды.
Г) Этегин <u>тарта</u> берген баласын аргасыз колуна алды.

**9. Кайсы варианттагы алды сызылган сөз ойду кубаттоодо колдонулат.**

А) <u>Демек</u>, бул маселени ортого салып чечет экенбиз да.
Б) Дарыгердин колу жеңил болуп<u>, балким,</u> бат эле сакайып кетер.
В) <u>Менимче</u>, шакиртиңдин канат куйругу жетилип калыпыр, өзүнчө кое берсең болчудай.
**Г)** <u>Ырас,</u> ата-энесинин ишеничин актайын деп, тырышып окуй баштады.

1**0. Төмөндөгү сүйлөмдөрдүн кайсынысында асты сызылган сөз күчөтмө маанини туюнтат?**

**А)** Биздин уюмдун мүчөлөрү <u>өңчөй</u> жаштар.
Б) Бир <u>беткей</u> иш кылсак, алдыга тезирээк жылабыз.
В) Окуйм деп келгендердин аягы <u>дагы</u> эле сууй элек.
Г) Каяшачыл <u>карыш</u> узабайт.

**Текшерүү үчүн суроолор**

1. Кызматчы сөз түркүмдөрү сүйлөмдө кандай кызмат аткарат?
2. Кызматчы сөз түркүмдөрү канчага бөлүнөт?
3. Байламталар деп эмнени айтабыз?
4. Жандоочтор деп эмнени айтабыз?
5. Жандоочторду катыштырып чакан чыгарма жазгыла.

## Практикалык сабак №23
## Көнүгүүлөр үстүндө иштөө

**Максаты:**

а) Таркатмалардагы сүйлөмдөргө морфологиялык талдоо жүргүзүшөт.
б) Чачылган сөздөрдөн сүйлөм түзүшөт.
в) Таркатмалардан сөздөрдү тандап алып, текст түзүшөт жана сөз түркүмдөрүнө ажыратышат.

**Сабакта аткарылуучу тапшырмалар**:

**1-тапшырма**. Студенттер 3 топко бөлүнүшүп,таркатмалардагы сүйлөмдөргө морфологиялык талдоо жүргүзүшөт.(20 мүнөт)
Текст.(К.Баялинов “Ажар” повести)

1-топ. Акырын басып, Чырдын дарбазасынан Ажар чыкты. Ажарда өң жок, жүдөгөн, узун кара чачы чубалып аркасында. Элең-селең этип кылчактап ал арт жагын карайт, жүгүрөт, шашат... Ажар чуркап отуруп, энесинин мүрзөсүнө келди. Мүрзөнү кучактады.
2-топ. Күн чыкты. Түнү бою тилден калгандай үнсүз жаткан токой ичиндеги барлык нерселер эртеңки күндүн таза, күмүш нуруна балкыды. Ажар да бирге балкып, кечке жатты.
3-топ. Ажарга мурункусундай жашынууга ылайыктуу жер табылбады. Издөөгө алы да келбеди. Бүткөн бою салмактанып, буту шилтөөгө жарабай калды. Илгери басайын десе, мүдүрүлүп буту кумга бата түштү. Жыгылып кетти... Күн көтөрүлүп, ысый баштады. Ажар араң сүйрөлүп барып бир алтыгананын түбүнө жыгылды, жатты...

**2-тапшырма Чачылган сөздөрдөн сүйлөмдөрдү түзгүлө.(15 мүнөт)**

Канжалатам Академик, -Э-эй! Тумшугуңду студент да мен эмесмин.
өтүү капарыма да институтка кирген эмес.
бүтөөрүм ушу Анархайга мектепти менен келдим суранып келген быякка да өзүм.
жок эле эч ким кыйнаган.
даңазаланып жаткан башка балдар Казакстандын гезиттеринде кадимки дыңына кетишти.
жөнөдүм Анархайга мен жалгыз.
иштер быйыл жазда гана башталды буердеги.
эле трактор иштейт ошол үчүн эки.
шыбактуу жайкын Анархай талаа экени ырас.
көркүн көрө берсем да суктанасың кыдырып жүрө берсем, көз кайкыган, бирок убакыт жок.
Башкасы эчтеме эмес эле.
калдым Абакирге жакпай каеримден
Көрөр күнүм мурда билсемчи... мындай болорун
келген жерим мейманга жок да Буерге.
бирге иштеп бирге жүрө Бирок, туган кишилер тууралуу ойлобопмун.

**3-тапшырма**

Баракчалардагы сөздөрдү тандап алып, текст түзүү, сөз түркүмдөрүнө ажыраткыла. (30 мүнөт)

## Практикалык сабак №24 (2 саат)

## Тема: Байланыштуу кеп

Максаты:
а) кептин түрлөрү менен таанышышат.
б) текстке план түзүшөт.
в) тексттин түрлөрүн билишет жана талдашат.
Сабакта аткарылуучу тапшырмалар:

1. Кеп. Текст. Кептин түрлөрү
2.Текстке план түзүү
3. Текстин түрлөрү

**2-модул**
**Практикалык сабак №25 (2 саат)**
**Тема: Башталгыч класстарда эне тилин окутуудагы мамлекеттик стандарты, окуу планы, окуу программасы**

Сабакта аткарылуучу тапшырмалар.
1) Мамлекеттик стандарттын мазмуну менен таанышуу.
2) Башталгыч калсстардын программаларынын түзүлүшүн талдоо (Эне тили боюнча)
3) Мамлекеттик стандарт менен башталгыч класстардын программасынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын салыштыруу
Таркатма материалдар.
ТМ 1
Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты
*Wikipedia дан алынды*
Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты – мамлекет өзүнүн бардык атуулдарына милдеттүү түрдө камсыз кылуучу билим берүүнүн минималдуу, алгачкы, түпкү деңгээли.
Бул деңгээлден төмөн түшүүгө болбойт, ошол деңгээл гана адамга өз алдынча билимин улантууга, өзүнүн турмуш жолун туура аныктап алууга мүмкүндүк берет. Демек, стандарт – коом тарабынан ар бир атуул кепилдене турган билимдүүлүктүн мамл. нормасы. Мындай норма окуучулардын билим деңгээлин өлкөнүн ичинде жана андан тышкары жерде салыштырып баалоого мүмкүндүк берет.
Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты билимдүүлүктүн деңгээли менен аныкталат. Билимдүүлүктүн деңгээлин сандык көрсөткүчтөр менен баалоого болбойт. Ал милдеттүү окуу жылдарынын саны менен да, окуу предметтеринин тизмеси менен да, окуу программаларынын сапаттары менен да, окуу материалынын көлөмү менен да, аттестаттагы баалар менен да ченелбейт. Билимдүүлүктүн деңгээлин мындай көрсөткүчтөр менен баалоо стандарттык-бюрократтык структураларда гана орун алат. Чындыгында билимдүүлүктүн деңгээли – адамдын практикада активдүү ойлоно билгичтиги жана ишмердүүлүк жөндөмү, б. а. анын эмнени иштей ала тургандыгы жана татаал проблемалык ситуацияларда эмнеге жөндөмү бар экендиги.
Муну аныктап билүү оңой иш эмес, мындай жөндөмдүүлүктү калыптандыруу андан да татаал. Аны туура аныктоо кеминде төмөнкүдөй талапты камсыз кылууну милдеттендирет:
1) билим берүүнүн мазмуну бүткүл адамзаттык баалуулуктарды камтыш керек, ансыз жалпы кабылдануучулук (признание – конвертируемость) болбойт;

2) этникалык, улуттук жергиликтүү материалдар оптималдык максималдуу камтылуусу керек;
3) окуу материалы окуучуларга жеткиликтүү болууга тийиш.
ТМ 2 (1-п.)
Тема: Башталгыч  класстарда эне тилин окутуудагы мамлекеттик стандарты, окуу планы, окуу программасы
Окуу программасы – бул расмий мамлекеттик документ. Анда окуу планына ылайык ар бир окуу предмети боюнча окуучулар тарабынан өздөштүрүлүүчү билим, билгичтик көндүмдөрдүн дидактикалык модели аныкталат. Мектепте канча окуу предмети болсо алардын ар биринин өз өзүнчө программасы болот. Окуу програмасынын структурасы төмөнкүлөрдөн турат:
1. Окуу предметин үйрөнүүнүн максаты, балдардын билим коюлуучу талаптар сунуш кылынган окутууну фермалары жана методдору»
2. Окуу материалынын тематикалык мазмуну;
3. Предмет ичиндеги айрым темаларды үйрөтүүө бөлүнгөн убакыт;
4. Предметтер аралык байланышты камсыз кылуу боюнча көрсөтмөлөр;
5. Окуу куралдарынын каражаттарынын тизмеси;
6. Сунуш кылынган адабияттар.

Окуу программалар типтүү, жумушчу, автордук болушу мүмкүн. Типтүү окуу программалар мамлекеттик билим стандартынын талаптарынын негизинде иштелип чыгат жана билим берүү министрлиги тарабынан бекитилип бардык мектептерге сунуш кылынат. Жумушчу окуу программалары конкреттүү шарттарга ылайык реалдуу окутууну жүзөгө ашыруу үчүн мугалимдердин өзү тарабынан түзүлµт. Жумушчу окуу программалары ар бир окуу курсу, класска ылайыкталып эреже катары бир окуу жылына карата түзүлµт. Мында мамлекеттик билим стандарттары менен бирдикте аймактык өзгөчөлүктөргө байланыштуу темалар, мектептин билим берүү концепциясы, мугалимдин дидактикалык концепциясы, окуучулардын өзгөчөлүктөрү, маалыматтык, техникалык каражаттар мүмкүнчүлүгү эске алынат.
ТМ 3
Тема: Башталгыч  класстарда эне тилин окутуудагы мамлекеттик стандарты, окуу планы, окуу программасы
Окутуудагы билимдик жана компетентүүлүк мамилелер
Салттуу мектеп жаратылыш жана коом тууралуу билимдерди окутчу. Бул мектептин негизги билим берүү натыйжасы – *өздөштүрүлгөн билимдердин жана көндүмдөрдүн топтому*. Бул топтом убакытка жараша өзгөрүп турчу, бирок предметтик билим берүүнүн маңызы катары предметтик билим берүү жетектөөчү болуп кала берчү.
Бүгүнкү күндө билим алуу мүмкүнчүлүгү маалымат технологияларын колдонуу аркылуу жалпы болуп калды, андагы революция дүйнөнү өзгөртүүдө. Мектеп өзүнүн окуучуларындагы мобилдүүлүк, өз алдынчалуулук, конструктивдүүлүк сыяктуу сапаттарды өнүктүрүү менен, окуучуларын өзгөрүүлөргө даярдашы керек. Билим берүү системасына коюлуп жаткан суроо-талап ушундай. Бул талап, окууда түрдүү чөйрөлөрдөгү билимдердин энциклопедиялык топтомун жаттап калууга эмес, коммуникация билгичтиктерине ээ болууга, талдоого, чечимдерди кабыл алууга жасалат.Бул компетенттүүлүк мамилени жаратат.

| Билимдик мамиле | Компетенттүүлүк мамиле |
|---|---|
| Окутуу максаты<br>•билим берүүнүн мазмунун түзгөн, көбүнчө абстракттык ББК (ЗУН) теориялык суммасын берүү/ алуу | Окутуу максаты<br>•Ийгиликтүү жашоо ишмердүүлүгүн (компетенциясын) камсыздоочу, билим берүүнүн мазмунунун практикалык түзүүчүсүнө негизделүү |
| Билим берүү жыйынтыгынын формуласы<br>•«Болоорун билем» | Билим берүү жыйынтыгынын формуласы<br>•«Кантээрин билем» |
| Билим берүү процессинин мүнөзү<br>•Репродуктивдик | Билим берүү процессинин мүнөзү<br>•Продуктивдик |
| Процесстин үстөмдүк кылуучу компоненти<br>•Контролдоо | Процесстин үстөмдүк кылуучу компоненти.<br>•Тажрыйба жана өз алдынча иштөө |
| •Контролдук процесстердин мүнөзү<br>•Окутуудагы жетишкендиктерди баалоонун статистикалык методдору | Көзөмөлдөө процесстеринин мүнөзү.<br>•Окутуудагы жетишкендиктерге комплекстүү баа берүү (портфолио – чыгармачыл окутуунун продукту) |

1. Сабатка үйрөтүү окуу программасы боюнча жумасына канча саат көрсөтүлгөн?
а) 6 саат (3саат сабат ачуу, 3 саат жазуу)
б) 7 саат (3 саат сабат ачуу, 3 саат жазуу, 1 саат окуу)
в) 4 саат (2 саат жазуу, 2 саат окуу)
г) 5 саат ( 2 саат жазуу, 3 саат окуу)
2. Кыргыз тили жана окуу сабактарында канча предметтик компетенттүүлүктөр белгиленген?
а) 4 компетенттүүлүк
б) 2 компетенттүүлүк
в) 3 компетенттүүлүк
г) 5 компетенттүүлүк

**Практикалык сабак № 26 (2 саат)**
**Тема: Сабат ачууну жылдык пландаштыруу**

Сабакта аткарылуучу тапшырмалар:
1) “Мугалимдин сабакка даярдыгы” текстти “эки бөлүктүү күндөлүктүн” негизинде талдоо
2) Окуу программаны, окуу китептирин пайдаланып 1-класска “Алиппе” сабагынан КТП түзүү

Таркатма материалдар.

ТМ 1

Мугалимдин сабакка даярдыгы. Мугалимдин сабакка даярдануусу белгилүү бир системада жүргүзүлгөндө гана ошол теманын, же жалпы окуу процессинин жогорку деңгээлге жетиши көрүнөт. Мындай система бири - бири менен байланышкан төмөндөгүдөй бөлүктөрдөн турат.

- мугалимдин үзгүлтүксүз өзүн-өзү өнүктүрүүсү
- окуу жылына даярдыгы
- тема боюнча сабактардын системасына даярдыгы
- кезектеги сабакка даярдыгы

ТМ 2

Мугалимдин окуу жылына даярдыгы

Мугалимдин окуу жылына даярдануусу, алгач тиешелүү предмет боюнча билим берүү стандатры, анын предметти стандарттары, окуу программалыр жана тиешелүү предмет боюнча чыккан окуу китеби, анын бөлүмдөрү, темалары менен таанышуудан башталат. Ошондой эле ошол класс окуй турган предметтердин окуу китептери менен таанышып жана башка предметтерден берген мугалимдер менен байланышы да артыкчылык кылбайт. Окуучулардын жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен өз алдынча иштерин уюштурууга, окутуунун жаңы технологияларын, техникалык каражаттарды пайдалануу мүмкүнчүлүгөрүнө, биологиядан сабактан сырткаркы иштерди, класстан сырткаркы иштерди пландаштырууга көңүл буруусу зарыл. Мугалим өзүнүн передмети боюнча материалдык базанын абалы менен таанышып, аларды ирээттештирет, толуктайт. Жогорудагы айтылгандарды эсепке алуу менен, мугалим өзүнүн ишин пландаштырат. Пландар перспективалык жана сабактык болуп бөлүнөт. Перспективдүү планда (жылдык жана тематикалык) тема же бөлүм, жылдык курстун планы ири блоктук түрдө көрсөтүлөт. Мындай пландаштыруу предметти окутуунун элементтерин системалоо болуп эсептелет. Убакыт өткөн сайын бул план өнүгөт жана жаңыланат. Жылдык планда окуу жылы үчүн темалар бөлүштүрүлөт., негизги окутууну уюштуруу формалары пландаштырылат. Ал төмөндөгү пункттардан турат.

| Курстун окуу темалары | Бөлүнгөн сааттын саны | Практикалык, лабораториялык иштер | Экскурсия | Класстан тышкаркы иштер | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |

ТМ 3

Тема боюнча сабактардын системасына даярдануу. Өзүнчө алынган сабак, окутуунун бардык милдеттерин чече албайт. Ошондуктан, сабакты окуу процессинин аяккы этабынын бирдиги катары кароо туура эмес. Мындай бирдик тема боюнча сабактардын системасы гана боло алат. Демек, мугалимдин ишинин оордук борбору конкреттүү сабакка даярдануудан башталып, теманы окуп үйрөнүүгө, даярданууга өтө.

Белгилүү сабакты иштеп чыгуу- теманы иштеп чыгуу, план - конспект түзүү, тематикалык план түзүүдөн турат.

Тематикалык план жылдык пландан алынып, улам кийинки идеяларды жаратат. Тематикалык план түзүү мугалимден окуу материалын терең билүүнү, пландаштырылган теманын окуу, тарбия ишиндеги ордун аныктоону жана убакытты жемиштүү бөлүштүрүүнү талап кылат. Тематикалык

пландын бирдей, сөзсүз аткарылуучу формасы жок. Ал предметтин өзгөчөлүгүнө, мугалимдин иштөө системасына байланыштуу. Бирөөлөр предмет аралык байланышына, экинчилери техникалык каражаттарды пайдаланууга, үчүнчүлөр окуучулардын өз алдынча иштерине басым жасашат. Көбүнчө тематикалык план төмөндөгүдөй мазмунда болот.

- теманын аты, сааттын саны
- теманын окуу - тарбиялык милдеттери
- ар бир сабакты өтүүнүн методикалык өзгөчөлүктөрүн  көрсөтүү менен, окуу материалын сабак боюнча бөлүштүрүү.

Тематикалык пландын болжолдуу схемасы

| № | Өтүлүүчү материалдын темасы | сааты | Өтүү мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Үйгө тапшырма |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

Сунуш кылынган пландоонун варианты - бул пландын  негизи гана. Жумуш мезгилинде ар бир мугалим өз алдынча өзгөртө алат. Тематикалык планды өтө майдалоо убакытты көп талап кылат. Башкача айтканда, жабдуу, мазмун, үй тапшырмасы, текшерүүнүн түрлөрү жана башка элементтерди сабактын планына киргизүү керек. Сабактардын системасын пландоо ар бир эле мугалимдин колунан келе бербейт. Ошондуктан билим берүү органдары атайын методикалык журналдарга болжолдуу тематикалык пландарды беришет.

Демек, тематикалык пландоо сабакты системалуу өтүүнү, темалар аралык түрдүү байланышты аныктайт. Мисалы:

- билимдин, билгичтиктин, көндүмдөрдүн мазмуну боюнча;
- жалпы жана предметтик компетенттүүлүктөр боюнча;
- теманын жылдык, чейректик, бөлүмдүк жана күндөлүк сабактык максаты боюнча;
- сабакты өтүү методу боюнча;

Тематикалык пландын негизинде сабактын планы түзүлөт, окутуучу менен окуучунун сабак мезгилиндеги ишмердүүлүгү аныкталат.

Кезектеги сабакка даярдануу. Мугалимдин сабакка даярдануусунда андан чоң күчтү тал ап кылат. Жакшы сабак өтүү үчүн үч шарт, же талап аткарылышы керек;

- өзүнүн предметен билүү жана сүйүү керек;
- методикалык жана психологиялык - педагогикалык илимдин нормаларын эсепке алуусу керек;
- ошол класстын абалын көңүлгө алуу жана билүү зарыл.

Кээ бир жаңы иштеген мугалимдер сабакка даярдануу - сабактын план конспектисин жазуу деп ойлошот. Бул үстүртөн түшүнүк. Сабакка даярдануу мугалимдин узак мөөнөттүү, талыкпас, ар тараптуу иши.

Ал эми сабактын планын жазуу - болгону жасаган ишиңдин жыйынтыгы.

*Мугалимдин сабакка даярдануу алгоритми.*

1. Тиешелүү предмет боюнча түзүлгөн билим берүү жана предметтик сатандарттары менен тааныш. Анын окуу программасы, окуу китептери менен таанышуу.
2. Тема боюнча сабактардын системасынан сабактын ордун, темасын аныктоо.

3. Окуу материальш окуу китебинен жана кощумча адабияттардан окуп үйрөнүү. Программанын жана окуу китебинин жардамында негизгилерди бөлүп алуу. Кошумча материалдардагы зарыл түшүнүктөрдү тактоо.
4. Сабактын максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын аныктоо. Натыйжага жетүүнүн жолун ойлон, максатка жетүүнүн критерийлерин түзүү. Сабактын максатын окуучунун позициясынан түзүүгө жетишүү.
5. Ар бир окуучуну элестетип, сабакка коюлган максатка жетүү үчүн алардын аракетин тактап, б.а., окутуунун мотивин түшүндүрүү.
6. Методикалык адабияттардан өтүлүүчү теманын мүмкүнчүлүгүн варианттарын издөө.
7. Методикалык ыкма алардын эң жемиштүүсүн тандоо. Тандалган ыкма менен өзүндүң мүмкүнчүлүгүңдү ченөө.
8. Сабактын мазмунуна, тандалган методикалык ыкмаларга карап, сабакты жабдуу.
9. Сабактын жүрүшүн анын структурасын пландаштырып, мугалимдин жана окуучулардын аракеттерин моделдештирүү.
10. Темынын мазмунуна дал келген, окуучуларга ылайыктуу бардык тапкан материалдарды эске алып, план конспект жазуу.
11. Көрсөтмө куралдарды даярдоо. Техникалык каражаттардын оң абалда экендигин текшерүү.
12. Сабакка кошумча материалды тандоо, кошууну пландаштыруу.
13. Пландын түйүндүү элементтерин үнүңдү чыгарып же чыгарбай кайтала.

**Практикалык сабак №27 (2 саат)**

**Тема: Сабактын структурасын окуп- үйрөнүү процессине карай түзүү**

Сабакта аткарылуучу тапшырмалар:

1) Сабактын негизги этаптарын анализдөө (И.Бекбоев) таблицасын талдоо.

2) “Алиппе” сабагы боюнча методикалык иштелмесин жогорку таблица менен салыштыруу

Таркатма материалдар:

Алимбекова Б, Исаков И. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технолгиясы. Бишеке – 2012. 155-158-бет.

ТМ 1.

Сабактын планы – чыгармачылык изденүүнүн башталышы, сабактын натыйжалуу болушунун каражаты, мугалимдин ойунун ишке ашырылышынын, шыктануусунун жана талanttуу импровизациясынын негизи. “Мугалим – деп жазган В.А.Сухомлинский, жакшы сабакка өмүр бою даярданат. Биздин кесиптин жана биздин эмгектин технологиясынын рухий жана философиялык негизи мына ушундай: билимдин учкуну менен балдардын жүзүн жарык кылуу үчүн күн нурундай түбөлүк жаркыраган билимдердин нурунан, адамдык акылмандыктан бир минута да кетпей туруп терең деңиздей сиңирип алып туруу керек”. Сабакты пландоо жана ага мугалимдин даярдануусу төмөндөгүдөй этаптардан турат:

- Сабакты тема же бөлүк боюнча системалуу иштеп чыгуу;
- Өтүлүүчү сабактын билим берүүчү жана тарбиялоочу милдеттерин аныктоо;
- Окуу материалынын оптималдуу көлөмүн аныктоо, аны мааниси жагынан толук бүткөн бир катар блокторго, бөлүктөргө ажыратып чыгуу;

- Сабактын структурасын (түзүлүшүн) иштеп чыгууга ылайык окутуунун эң алгылыктуу усулдарын жана формаларын аныктоо;
- Бул материалдардын башка предметтер менен байланышын издеп табуу жана ал байланышты жаңы материалды окуп-үйрөнүүдө пайдалануу;
- Сабактын бардык этаптарында мугалимдин жана окуучунун бардык иш-аракеттерин пландаштыруу. Бул өзгөчө жаңы материалды өздөштүрүүдө керек;
- Сабактын дидактикалык каражаттарын иргөө (кино жана диафильмдерди, карточкаларды, плакаттарды, картаны, схемаларды, кошумча адабияттарды ж.б.у.с);
- Доскага жазылуучу жана сызылуучу сөздөрдү, чиймелерди пландаштыруу;
- Тажрыйба үчүн жабдуулардын даярдыгын өз учурунда текшерүү жана алдын ала белендөө;
- Сабакта өз алдынча иштөөнүн формаларын жана көлөмүн аныктоо;
- Сабакта жана үйдө иштелүүчү материалды бекемдөө жолдорун жана формаларын, билим берүүнү системалоонун жана кеңейтүүнүн жолдорун аныктоо;
- Окуучунун билимин текшерүүнүн методикасын, формасын аныктоо, ушул сабакта билими текшериле турган окуучулардын тизмесин түзүү;
- Үй тапшырмасынын мазмунун, көлөмүн жана формасын аныктоо;
- Сабакты жыйынтыктоонун формасын аныктоо;
- Көрсөтүлгөн тема боюнча класстан тышкаркы ишти аныктоо.

Бул сабакка даярдануунун жалпылаштырылган схемасы. Эми, планды атайын дептерге жазуу маселесине кыскача токтололу. Пландын түзүлүшү, анын көлөмү жана майда бөлүктөрүнүн сапаттык деңгээли мугалимдин жекече сапаттарына, анын тажрыйбасы менен эмгек стажынан көз-каранды. План конспект эч убакта сабактын “жүзү” боло албайт. Эгер сабак начар болсо, ал тургай тажрыйбалуу методист тарабынан түзүлгөн эң кылдат, бышык план дагы мугалимге жардам бербейт.

Сабак боюнча план – бул мугалимдин өздүк документи, эмгекти илимий уюштуруунун каражаты. Бул жагдайда катуу талаптар менен биротоло аныкталган көрсөтмөлөр болушу мүмкүн эмес. Сунуш кылып, кеңеш берүүгө гана болот. Эң максаттуу форма болуп белгилүү бир сабакта белгилүү бир мугалимге ыңгайлуу форма гана эсептелет. План көбүнчө эки же үч эле бет болушу керек. Беттердин бир жак капталында сабактын жетишпегендиги менен ийгилигин белгилөө үчүн орун калтыруу абдан жакшы. Ал эскертүүлөр кийинки окуу жылындагы сабактарга даярдануу үчүн эң жакшы материал катары кызмат кылат.

Аралаш сабактын курамдык бөлүктөрү

Учурда сабактын планын түзүүнүн бирдиктүү системасы жок. Ал, негизинен, сабактын тибине, максат-милдеттерине, окуучунун муктаждыктарына, мугалимдин тажрыйбасына жана башка учурларга байланыштуу болот. Мектепте эң көп өтүлгөн сабактардын бири бул – аралаш сабак. Ошондуктан биз төмөндө аралаш сабактын планынын курамдык бөлүктөрүн сунуш кылып отурабыз. Мында 3-схемада көрсөтүлгөн планы төмөнку элементтерди ичине камтыйт.

А) алгачкы маалыматтар.  Сабактын планынын баш ченинде алгы маалыматтар аныкталышы зарыл. Анда сабактын темасы, пландын ишке ашыш мезгили, бирдиктердин аталышы, класс, сабак мөөнөтү, мугалимдин аты-жөнү ж.б. аныкталат. Бир эле тема ар башка класста өтүлсө, бардык класстар үчүн ошол сабактын бир гана планын даярдоо жетиштүү.

Б) максат. Бул бөлүмдө сабактын соңунда окуучулар ээ болуучу билим жана билгичтиктердин тизмеси келтирилет. Буга чейин белгилегендей, сабактын максаты бааалама сынактан, байкоодон өткөрүлүшү мүмкүн жана ал окуучуга багытталышы керек.

В) булак китептер, курал-жабдыктар. Сабак учурунда мугалимдин натыйжалуу иштеши үчүн керек болуучу ар түрдүү окуулук, окуу куралдары, басылмалар, энциклопедиялар, аныктамалар, конспектилер, радио, магнитофон, тасма, слайд, сүрөт жана башка курал-жабдыктар ушул бөлүмдө көрсөтүлөт.

Г) Даярдык. Бул бөлүмдө окуучулардын сабакка кызыгуусун арттырууга багытталган иш-чаралар аныкталат. Андыктан учурдагы көйгөйлүү маселелер жөнүндө сөз козгоо менен окуучуларды сабакты кабылдоого даярдоого болот. Өткөн сабакты кайталоо суроо-жооп түрүндө өткөрүлүшү мүмкүн. Өтүлө турган сабактын максаты менен бул максатка жетүүнүн окуучу үчун пайдалуу жактарынын чечмелениши анын кызыгуусун арттырбай койбойт.

Д) Сабакты өткөрүү. Жаңы билимдерди түшүндүрүү жтабы. Бул бөлүмдү окуу китептин кайталанышы деп кароого болбойт. Анткени планда сабактын кыскача мазмунун чагылдырган конспект, ачкыч түшүнүктөрдүн жана формулалардын аныктамасы берилет. Курал-жабдыктар, алардын кайсынысы качан колдонулаары, маал-маалы менен окуучуларга берилүүчү суроолор жана алардын мүмкүн болгон жооптору да планда камтылышы зарыл. Бул бөлүмдөгү иш-аракеттин негизги максаты окуучуну сабакка жандуу катыштырууга багыттоо. Ал ар кандай методдорду колдонуу менен ишке ашырылат.

Е) Көнүгүү. Сабакты түшүндүрүү бөлүмү менен чогуу ишке ашырылат да, анда өздөштүрүлгөн маалымат жана жөндөмдөрдү бекемдөөгө байланыштуу иш-чаралар аныкталат. Суроо-жооп аркылуу окуучулардын үйрөнгөндөрүн кайталоо бекмдөө, жалпылоо, системалаштыруу сыяктуу иш-чаралар белгиленет. Бул бөлүм кесиптик билим берүүдө милдеттүү түрдө аткарылуучу этап болуп эсептелет.

Ж) баалама сынак. Бул – окуучулардын сабактын материалдарын канчалык даражада үйрөнгөнүн аныктоо максатында ар бир сабактын соңунда сөзсүз түрдө аткарылуучу этап. Бул бөлүмдө аталган максатка жетүү үчүн баалама сынактын кайсы түрү колдонулаары, анда өлчөм каражаттары кантип пайдаланылаары пландаштырылат. Булар суроо-жооп же тест түрундө болушу мүмкүн. Баалама сынак сабактын максатына ылайык жүргүзүлүшү шарт.

З) Даярдык жана көнүгүү иштери. Окуучулар тарабынан сабактан кийин аткарылуучу көнүгүү жана кайталоо иштери ушул бөлүмдө аныкталат.

И) Келерки сабактын темасы. Окуучуларга келерки сабактын темасын сөзсуз билдирүү керек. Келерки сабакка байланыштуу иш-чаралар ушул бөлүмдө катталат.

Төмөндө ар башка формада даярдалган эки пландын үлгүсү сунушталат. Буларды көңүл коюп талдап чыгыңыз.

Сабактын планынын үлгүсү

| | |
|---|---|
| Мектептин аталышы | |
| Сабактын аталышы | |

| | |
|---|---|
| Класс (класстар) | Күнү__/__/_____ |
| Мөөнөтү | |
| тема | (теманын аталышы так жазылат) |
| максат | (окуучулардын өздөштүрө турган билим жана билгичтиктери жазылат) |
| Булак, курал-жабдыктар | (негизги окуу китеп, окуу куралдары, басылмалар, сабакта колдонулуучу курал-жабдыктар жазылат) |
